**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 37; 373; 51; 821; 512.154 ;82/.1**

**Байиева Бегайым Абдугапаровна**

# Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчи:**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор С.С. Сакиева

**Ош-2024**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ**..................................................3

**БИРИНЧИ БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ**

1.1. Поэма жанрынын теориялык-терминологиялык аспектиси жана анын адабияттагы орду..................................................11

1.2. Чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «окутуунун технологиялары» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду, өркүндөтүүнүн зарылдыгы..................................................15

1.3. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларынын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши..................................................25

Биринчи бап боюнча корутунду..................................................37

**ЭКИНЧИ БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1.Илимий изилдөөнүн материалдары ..................................................41

2.2. Илимий изилдөөнүн методдору..................................................49

2.3.Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары..................................................59

Экинчи бап боюнча корутунду..................................................73

**ҮЧҮНЧҮ БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ**

3.1.«Толубай сынчы» поэмасын окутуунун инновациялык жолдору жана ыкмалары..................................................77

3.2. Дифференциацияланган окутуу технологиясы аркылуу «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларын окутуу..................................................84

3.3. ««Жеңишбек» поэмасын педагогикалык жактан интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») технологиялары».....118

3.4. ««Майдын түнү» поэмасын окутууда окуучулардын сынчыл ой жүгүртүү аркылуу окуу менен жазууну өнүктүрүү технологиялары»...........................................................................................126

3.5. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда жазуу иштерин (дил баян, баяндама, эссе ж.б.) жүргүзүүнүн өркүндөтүү жолдору ..............................129

3.6. Алыкул Осмоновдун класстан тышкаркы окууга сунуш кылынган поэмаларын окутууда мультимедия жана визуалдык технологиялар..........139

Үчүнчү бөлүм боюнча корутунду.................................................................150

КОРУТУНДУ....................................................................................................154

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР......................................................................158

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ.............................. 159

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Азыркы заманда балдар коомдун жана технологиянын таасири астында өсүп жатышат. Жаңы доордогу интернет жана массалык маалымат каражаттарынын өнүгүшү балдардын дүйнө көз карашына чоң таасир этүүдө. Интернеттеги түрдүү маалыматтар, манипуляциялоочу контенттер балдардын туура ой жүгүртүүсүнө зыян келтирүүдө. Бул чөйрөдө балдар жалган менен чындыкты, түбөлүк менен утурумдукту, жакшы менен жаманды ажыратууда көп учурда кыйынчылыктарга туш болууда. Балдарды азыркы опурталдуу чөйрөнүн терс көрүнүштөрүнөн арылтып, виртуалдуу дүйнөнүн ашыкча колдонуу кесепетинин курмандыгы болуп кетпеши үчүн алардын дүйнө таанымын, аң-сезимин байытып, руханий жактан калыптануусун ишке ашыруубуз зарыл. Ар кандай коомдук түзүлүштө анын социалдык-экономикалык түрдүү формациясында адамдын материалдык эмес, руханий жактан калыптануусу биринчи пландагы маселе болуп келген. Анткени адамдын инсандыгы анын руханий, адеп-ахлактык абалына жараша калыптанат. Ушул багытта Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январында «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» Жарлыгы жаштарды руханий, адеп-ахлактык жактан калыптануусуна өзгөчө басым жасады.

Алыкул Осмоновдун поэмаларында мекенге болгон сүйүү, табиятты коргоо, улуттук рух, адамдын чыгармачылык күчү, арман жана үмүт, өнөргө, кесипке болгон жоопкерчиликтүү мамиле жана берилгендик, эки ашыктын ортосундагы сүйүүнүн тазалыгы жана купуялуулугу, сөзгө, антка бекемдик, үй-бүлө тынчтыгы сыяктуу маселелер көтөрүлгөн, аларды окутуу кыргыз элинин руханий мурастарын өнүктүрүүгө салым кошуп, азыркы опурталдуу учурда жаштарды руханий, адеп-ахлактык жактан тарбияланышына түздөн-түз таасирин тийгизе алат. Бирок бул нерселер мугалим поэманын окуясын, окуучуга айтып берүү, каармандардын аттарын, окуя баяндалган мезгилди айтып берүү, аны кайра окуучудан сурап алышы менен эле ишке ашып калбайт.

Азыркы мезгилдин өктөм талабы окуу-тарбия ишинин мазмунун жаңылоону, окуу, тарбиялоо процессин сапаттык деңгээлин көтөрүүнү күн тартибине койду. Анткени, XXI кылымдагы ааламдашуу процесси жалпы адам баласынын жашоосуна бурулуш алып келген, дүйнөлүк цивилизация талап кылып турган билимди, б.а. азыркы санарип муунду кызыгуусун жарата ала тургандай окутуу зарылдыгы турат. Коомдук зарылдыкка жараша окутуу процесси өркүндөтүлүп, окуучу билим алууга өзү кызыгып, улам кийинки сабакта жигердүүлүгү артып, окутуу иши анын практикалык талаптарына түздөн-түз жооп берип, жыйынтыгында мектептик билим берүүнү алдында жаш инсанды келечекте коомдун татыктуу адамы катары калыптандыруу милдети турат. Бул милдеттерди ишке ашырууда кыргыз адабиятын окутуунун методикасы, анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууну эффективдүү технологияларын өркүндөтүү өтө маанилүү болуп эсептелет.

Орус адабиятынын окутуунун методикасында анын ичинде поэмаларды окутуу тууралуу практикалык ойлор Ф. И. Буслаев (1956), В. И. Водовозов (1958), В. Я. Стоюнин (1954), В. П. Острогорский (1985), А. П. Квятковский (1966), В. В. Голубков (1962), В. А. Роткович (1976), Л. И. Тимофеев (1974), Г. Л. Абрамович (1975), З. Я. Рез (1977), Н.А. Гуляев (1985), М. А. Рыбникова (1963) ж.б. классик педагогдордун эмгектеринде чагылдырылган.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында методист-окумуштуулар К. Иманалиев (1973; 1976), Б. Алымов (1972; 1981), А. Сакеев (1975), О. Сооронов (1982), Н. И. Ишекеев (1994; 2010; 2011), А. Ж. Муратов (1992), Г. Ж. Орозова (2000), Ж. А. Эшиев (2009) эмгектеринде поэма жанры, анын окутуудагы өзгөчөлүктөр, окуу программа, окуу китептериндеги орду жана ролу, окутуу методикасы боюнча ар тараптуу проблемаларын изилдешкен.

Орто мектептерде поэмаларды окутуу боюнча Т. Мусанбетов «А. Осмоновдун өмүрүн жана чыгармачылыгын V-X класстарында үйрөтүү» (1990), Ж. А. Эшиевдин «Мектепте поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери (V-VII класстардын мисалында)» (2006), Р. Ж. Дөөлөтбакованын «Кыргыз адабиятындагы майдан темасындагы поэмаларды

окутуу» (2016), А. Б. Батыркулова «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы» (2021) деген темаларда кандидаттык диссертацияларын коргошту. Аларда акындын өмүр жолу, программада сунуш кылынган чыгармаларын окутуу маселелери, кыргыз адабиятындагы майдан темасы, легендалык поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери каралган. Биздин изилдөө болсо конкреттүү багытта орто мектепте Алыкул Осмоновдун окуу программада сунушталган жалпы поэмалары жана поэмаларын окутууда жазуу иштерин (дилбаян, баяндама, эссе ж.б.) жүргүзүүнү маалыматтык-мультимедиялык каражаттар менен коштолгон окутуунун эффективдүү технологиялары менен үйрөтүүгө арналат.

Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн кыргыз адабияты предметтик стандартында кыргыз адабиятын окутуунун негизги милдеттери окуучуларды атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө; окуучунун окурмандык өнүгүүсүн камсыздоо; көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылуу; социалдык түшүнүгүн калыптандыруу; адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү; окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу; окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу; өткөн учурдун адабияты жана маданияты тууралуу түшүнүгүн калыптандырууга шарт түзүү; окуучуларды чыгармаларды түшүнүп билүүгө жана аңдоого, ар түрдүү темалардагы, жанрлардагы чыгармачылык жазуу иштерин жаратууга кызыктыруу милдеттери коюлган. Мына ушул стандарт талап кылынган милдеттерди ишке ашырууда методикалык адабияттар, аны ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча усулдук колдонмолор жетишсиз. Биздин изилдөө темабызга киришүү алдынан бир катар *карама-каршылыктар* бар экенин аныктадык. Алар: *биринчиден*, Алыкул Осмоновдун поэмалары узак убакыттан бери окутулуп келе жатса да, анын окуу программасында

сунушталган жалпы поэмалары боюнча методикалык изилдөөлөрдүн аздыгы; *экинчиден*, Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу технологиялары боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын үйрөнүлүп, илимий-педагогикалык жактан жалпыланбагандыгы; *үчүнчүдөн,* Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу процесси бүгүнкү муундун дүйнө таанымы, турмуштук шарттары жана технологияларына ылайыкташтырылган окутуу процессинин изилденбегендиги.

Жогорудагыдай карама-каршылыктар жана аларды жоюунун зарылдыгы, орто мектепте кыргыз адабиятын окутууга коюлган азыркы талаптар биздин теманын **проблемасын** аныктап, темабызды **«Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)»** деп атадык.

**Диссертациялык изилдөө темасынын артыкчылыктуу илимий программалар менен байланышы.** Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты -** орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун эффективдүү технологияларын жана окутуу ыкмаларын илимий-теориялык негизде иштеп чыгуу жана аны эксперимент жолу менен текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун тарыхын, азыркы абалын, проблемаларын, өзгөчөлүктөрүн, ааламдашуу доорунда аны окуп-үйрөнүүнүн максатын, милдеттерин аныктоо.

2. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын методологиялык жана дидактикалык негиздерин ачып көрсөтүү; «поэма», «окутуунун технологиялары» түшүнүктөрүнө педагогикалык аспектиден теориялык анализ жүргүзүү.

3. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуучуларга үйрөтүүдө эффективдүү окутуунун технологияларын практикага сунуш кылуу.

4. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуудагы негизги кыйынчылыктарды (убакыт, кызыгуунун жетишсиздиги) жана алардын чечүү жолдорун изилдөө.

5. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча сунуш кылынган окутуунун технологияларын педагогикалык экспериментте текшерүү, алардын жыйынтыктарын талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** төмөнкүлөр менен аныкталат: орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары, ыкмалары, жолдору, каражаттары философия, адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип чыкты; орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши көрсөтүлдү; Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланды; Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларынын методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү делген жолдор жана ыкмалар практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** орто мектептердин кыргыз адабияты сабагында  Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары менен окутуу боюнча биздин иш кыргыз адабиятын окутуунун предметтик стандарты менен окуу программасынын талаптарына ылайык мектеп мугалимдери үчүн практикалык маселелерин чечүүгө арналып, конкреттүү сунуштарды берип, теманын негизиндеги сабактардын үлгүлөрүн көрсөтүп, мугалимдерге колдонууга сунуш кылгандыгы. Сунуштар кыргыз адабияты окуу китебинин дидактикалык мазмунун өркүндөтүүгө өз салымын кошо алгандыгы менен бааланат. Жыйынтыктар мугалимдердин сабагын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт берет.

**Диссертациянын коргоого коюлган негизги жоболор:**

- орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын колдонуп үйрөтүүдө адабият мугалимине зарыл болуучу педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздер ар дайым өркүндөтүп турууну талап кылат;
- орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу аркылуу окуучулардын окутуунун жана тарбиялоонун технологиялары бул процесттин максат-милдеттерине, мазмунуна, принциптерине, методикасына байланыштуу ишке ашырылат;
- орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун жаңы технологиялары окуучулардын маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга өбөлгө түзөт;
- Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүү аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо, жаратылышты коргоо, кесипке болгон жоопкерчиликтүү мамиле жана берилгендик, ар кандай шартта жарандык позициясын кармоо, элдин кызыкчылыгын жогору коюу, үй-бүлө бекемдиги, кыргыз элинин салттарын, тилин үйрөтүү боюнча изилдөөбүздүн теориялык негиздерин педагогикалык эксперименттен өткөрүү биздин сунуштардын практикада пайдаланууга туура келишин тастыктайт.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларынын натыйжалуу ыкмалары, окутуунун тарыхы, өзгөчөлүктөрү, бул багытта изилдөөнүн эволюциясы, акындын поэмаларын окутуунун жаңычыл ыкмалары изденүүчү тарабынан жекече иштелип чыкты жана практикага сунушталды. Бул ыкмалардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте жекече текшерилди. Илимий иштин негиздери жеке өзү тарабынан апробацияланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациялоо:** диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык кеңешмелерде докладдар

жасалган, тема боюнча макалалар жазылды жана иш аткарылган жерде – ОшМУда, ж.б. жогорку окуу жайларда, диссертациялык кеңеште талкууланды.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы – Ош шаарындагы № 52 «Кыргыз-түрк достугу» мектеп-лицейи, Кара-Суу районундагы № 130 Ш. Жумаев, Өзгөн районундагы № 26 П. Жолдошов атындагы орто мектептери, Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районундагы Ж. Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназия мекемеси.

**Иштин натыйжаларынын басылмаларда жарыяланышы**. Диссертациялык изилдөөнүн материалдарынын негизинде 11 макала басылып чыкты анын ичинде 5 РИНЦ нольдүү эмес импакт-фактору менен журналдарда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация кириш сөздөн, үч баптан, жалпы жыйынтыктан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Жалпы көлөмү 167 бет.

# БИРИНЧИ БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

## 1.1. Поэма жанрынын теориялык-терминологиялык аспектиси жана анын адабияттагы орду

Поэма - адабияттагы байыркы жанр. Эзелки Грециядан бери эле поэма активдүү жазылып, акындардын дээрлик бардыгы чыгармачылыгы жетилген кезде поэма жазуу менен өздөрүнүн акындык чыгармачылык ишмердүүлүгүн көрсөтүшкөн. Дүйнөдөгү таанымал акындар поэмада сүрөткердик шыгын, жазуучулук индувидуалдуулугун, жеке стилин кеңири чагылдырууга зор мүмкүнчүлүк алган. Анткени ал көлөмдүү болуп, акындын оюн кеңири айтууга, образдарды терең иштөөгө, сөз маданиятын ар тараптуу көрсөтүүгө шарт түзүп берген. Поэтикалык шедеврлердин көпчүлүгү да поэмада жазылып, адабияттын поэзия салаасына келип кошулган жаш акындар да үйрөнчүк мезгилин негизинен чакан ырлардан баштап, качан гана такшалган учурга жеткенде поэма жазууга өткөн.

Поэма – эпикалык жана лирикалык тектин элементтерин айкалыштырган чоң поэтикалык чыгарма. Эреже катары, ырларга өнүккөн сюжет, мазмундун терендиги, авторлорго татаал ойлорду, эмоцияларды берүүгө мүмкүндүк берген көркөм каражаттар менен өзгөчөлөнөт. Ырлардан айырмаланып, поэма эркин структурага ээ жана көбүнчө узак формада болот.

Поэма адабиятта эпикалык да, лирикалык да өзгөчөлүктөрдү айкалыштырган өзгөчө орунду ээлейт. Ал авторлорго окурмандарга кеңири маданий жана философиялык суроолор менен кайрылууга мүмкүндүк берет. Ар кандай адабий салттарда поэма ар түрдүү функцияларды аткара алат. Мында анын негизги ролдорунун бири – адамзаттын тажрыйбасын, тарыхын жана дүйнө таанымын сүрөттөп, аны күчтүү эмоцияларды, символдорду жана метафораларды колдонуу менен жеткирүү. Ар кандай адабий салттарда поэма тарыхый жана маданий, эмоционалдык жана психологиялык,

тарбиялык жана билим берүү, философиялык жана метафизикалык функция, эстетикалык жана чыгармачылык функцияларды аткаруу менен адамзаттын дүйнөгө, коомго болгон көз караштарды калыптандырууга көмөктөшөт [146, 178-б.].

Поэманын башка жанрлардан структуралык өзгөчөлүктөрү анын уникалдуулугун жана өзгөчөлүгүн аныктайт. Поэма – бул лирикалык жана эпикалык жанрга таандык чоң формадагы адабий чыгарма, жана анын структурасы башка жанрлардан айырмаланып турат. Төмөндөгү таблицада поэманын структуралык өзгөчөлүктөрүнө токтолдук:

Таблица 1.1. – Поэманын башка жанрлардан структуралык өзгөчөлүгү.

| Сюжети | Каармандар | Темалар | Көркөм каражаттар |
|---|---|---|---|
| Конфликттин өнүгүшү жана туу чокусу менен так сюжеттик линияга ээ. | Тарыхый да, ойдон чыгарылган да болушу мүмкүн болгон ар кандай каармандар | Философиялык, социалдык, адеп-ахлактык жана жеке маселелерди камтыган темалардын кеңири спектри | Мазмунду терең жеткирүү үчүн метафораларды, аллегорияларды жана символдорду колдонуу |

Поэма боюнча теориялык аныктоолорду окуучуларга жеткирүү үчүн мугалимдер адабият сабагында, анын теориясында «поэма» түшүнүгүнө изденүүчүлөр, окумуштуулар эмгектеринде кандай эреже-аныктамалар, пикирлер менен тааныш болгону талапка ылайык.

«Поэма» түшүнүгү көптөгөн окумуштуулар тарабынан изилденип, алардын көз караштары доорго, кыймылга жараша өзгөрүп турат. Мына ошолордун негизгилерине токтолуп өтөлү.

**В. Я. Пропп**: Поэмаларды фольклордук жана эпикалык чыгармалардын негизинде жаралган деп эсептеген. Ал поэманы баяндоо жана иш-аракеттердин катышуусунда кеңири тараган жанр катары караган. Пропптун көз карашында,

поэмаларда коомдук жана философиялык маанилүү маселелер чагылдырылат, жана алар сөз аркылуу элдин руханий дүйнөсүн, моралдык баалуулуктарын жеткирет [147, 135-б.].

**М. Бахтин:** «Поэманын диалогдук мүнөзүн, анын башка тексттер жана жанрлар менен байланышын баса белгилейт» [90, 5-б.].

**Л. И.Тимофеев:** «Поэма» (грек сөзү-poiein - жаратуу, poima-жаратуучулук) - лиро-эпикалык жанрдын чоң форматы, сюжеттик-баяндоочулук курулушка негизделген ыр түрүндөтү чыгарма, ыр формасындагы повесть же роман. Поэманын өзгөчөлүгү-катышуучу каармандарды, окуяларды ж.б. нерселерди баяндоо менен жана аларга поэмада активдүү ролду аткарган лирикалык каарман баяндоочунун кабыл алуусу аркылуу турмуш жатдайларынын баштан өткөрүлүшү» - деп белгилейт [47, 444-б.].

**Г. Л. Абрамович:** «Өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө поэма ар кандай жана көп түрдүү жанрларды колдонулуп келди, андыктан анын так маанисин айтуу алда канча кыйын. Ошентсе да поэма көпчүлүк учурда кандайдыр бир белгилүү окуяны, көтөрүңкү мүнөздү, эң сонун адамдык сапаттарды ырга салган чыгарма катары түшүндүрүлүп келди» деп мүнөздөгөн [2, 222-б.].

**М. Борбугулов:** Лиро-эпикалык жанрдагы чыгармаларда айтылган эки башталманын кандайдыр бир ченеп-өлчөп койгон өлчөмү же пропорциясы бар деген сөз эмес.Таланттын табияты менен автордун табитине, сүрөттөлгөн предметтин мазмунуна ж.б. жараша ал өлчөм жана пропорция ар түрдүү болот. Мисалы К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза», А.Осмоновдун «Жеңишбек», С. Эралиевдин «Ак Мөөр» аттуу белгилүү поэмаларында лирикалык катмар басымдуулук кылса, ыр менен А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар», А.Токтомушевдин «Алтын тоо», С.Жусуевдин «Курманжан датка» романында эпикалык катмар басымдуулук кылганын көрөбүз» [46,445-б.].

**Ж.А.Эшиев:** «Поэма-адабияттагы байыркы жанр. Байыркы Грециядан бери эле поэма активдүү жазылып, акындардын дээрлик бардыгы чыгармачылыгы жетилген кезде поэма жазуу менен өздөрүнүн акындык

чыгармачылык ишмердүүлүгүн көрсөтүшкөн. Дүйнөдөгү таанымал акындар поэмада сүрөткердик шыгын, жазуучулук индивидуалдуулугун, жеке стилин кеңири чагылдырууга зор мүмкүнчүлүк алган. Анткени ал көлөмдүү болуп, акындын оюн кеңири айтууга, образдарды терең иштөөгө, сөз маданиятын ар тараптуу көрсөтүүгө шарт түзүп берген. Поэтикалык шедеврлердин көпчүлүгү да поэмада жазылып, адабияттын поэзия салаасына келип кошулган жаш акындар да үйрөнчүк мезгилин негизинен чакан ырлардан баштан, качан гана такшалган учурга жеткенде гана поэма жазууга өткөн»-деп белгилейт [150,35-б.].

Поэманын жанрдык аныктамасын өтө шарттуу түшүнүүгө болот, мисалы кыргыз адабиятынын тарыхынан алып көргөндө азыр биз эпос, дастан деген терминдер менен атап жүргөн «Манас», «Курманбек», «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Жаныш, Байыш», «Жаңыл Мырза» сыяктуу кылымдан кылымдарга оозеки жашап келген чыгармалар да ыр түрүндө жана көлөмү чоң болгондуктан поэма деген аныктамага ылайык келет. Ошондой эле көлөмү жогорудагы улуу жана кенже эпосторго (поэмаларга) салыштырмалуу кичирээк болгон, бирок ырларга салыштырмалуу көлөмдүү келген дастандар жана чоң ырлар да поэма деген жалпы аталышка дал келет. Буга мисал катары эл арасында оозеки айтылып келген «Мырза уул менен Аксаткын», «Карагул ботом», «Ак мактым» деген сыяктуу чыгармаларды атап көрсөтсөк болот. Ошол эле кезде төкмө акындардын көлөмдүү чыгармаларын да, мисалы, Жеңижоктун «Дүнүйө», «Балалык», Барпынын «Аккан суу», Калыктын «Күлүсүн», Осмонкулдун «Ашымжан» деген чыгармаларын да жанрдык жактан поэма деп атап жүрөбүз. Ал эми профессионал адабияттын ичинде болсо поэма абдан активдүү жанрга айланды.

Адабият окутула баштагандан эле элдик поэмалар, төкмө акындардын поэма жанрындагы чыгармалары киргизилген. 1930-жылдарда бул жанр (А.Токомбаев, Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөнбаев, Т.Үмөталиев) кеңири окутула баштаган. Демек, поэма жанр катары ар кандай адабий системаларда жана доорлордо жашап келген. Ырас, ал поэма деген жанрдык аталышка советтик

доордо, негизинен орус акындарынып таасиринен улам ээ болуп, адабият таануу илими пайда болгондон кийип анын жанрдык белгилери аныктала баштаган [38, 141-б.].

Адабияттын башка түрлөрү жана жанлары сыяктуу эле поэманын өзүнчөлүгү, көркөм каражаттарынын, лирикалык каарман менен катышуучулардын мүнөзү, сюжеттик кырдаалдарды ж.б. адабияттын стиль, агым, усулун аныктай турган багыттарга байланыштуу болот да, ошону менен шартталат. Бирок кандай болгон күндө да анын туруктуу жанрдык белгиси эпикалык жана лирикалык башталмалардын бирдиги болуп эсептелет.

Профессионалдык жазма адабияттын биринчи муундагы өкүлдөрүнүн катарында А.Токомбаев, К.Тыныстанов, М. Алыбаев, Т.Сыдыкбеков, М. Алыбаев, А. Осмонов, Т. Үмөталиев кийинчерээк Р. Шүкүрбеков, М. Алыбаев, Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турусбеков келип кошулушту. Лирика менен катар ар түрдүү темадагы поэмалар, ыр менен жазылган роман жазыла баштады. Поэма жанрынын кыргыз адабиятында пайда болушу негизинен үч булактын эсебинен – улутубуздун традициялуу оозеки фольклорунан, Чыгыш адабиятынан жана кыргыз жазма чыгармачылыгынан, ошондой эле дүйнөлүк адабиятты өздөштүрүүдөн улам пайда болду.

Жыйынтыктап айтканда, поэма адабий жанр катары көп түрдүүлүгү, терең мазмуну жана руханий кудурети менен адабиятта өзүнчө мааниге ээ болуп, адамзаттын эң баалуу чыгармачылык мурастарынын бири болуп эсептелинет. Поэма идеялардын кеңири берилишине, каармандар менен окуялардын терең иштелип чыгышына мүмкүнчүлүк түзөт. Поэманын теориялык аспектилери жана адабияттагы орду анын бай тарыхы, жанрдык эволюциясы жана көркөм каражаттары аркылуу кеңири ачылат.

### 1.2. Чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «окутуунун технологиялары» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгы

Билим берүү жана тарбиялоо процессинде жаңы технологияларды киргизүү, же мурдагы технологияларды жаңыртууга, модернизациялоого, реформалоого кылган аракеттер бул биринчии кезекте жалпы коомдогу өзгөрүүлөр, ошол өзгөрүүлөр талап кылган муктаждыктар менен байланыштуу. Коомдун, адамзаттын өзгөрүүлөрү, умтулуулары, өсүштөрү жана өксүктөрү ар дайым билим берүү тармагы аркылуу өтүп келген жана бул процесс азыр андан бетер активдешип турган чагы. Жаңы кылымды педагог адистер, улуттук табылга-салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын гармонизациялашуу мезгили деп аташууда. Эртеңки күнү бүгүнкү мектепти жана университетти бүткөндөрдү адис катары абдан күчтүү конкуренция күтүп турат да, биз даярдап жаткан адис атаандаштыкта жеңип чыгууга даяр болушу керек.

Педагогикалык адабиятта көп терминдер кездешет, алар тигил же бул педагогикалык технологияларды мүнөздөшөт: окутуунун технологиясы, тарбиялоонун технологиясы, окутуп-үйрөтүү технологиясы, билим берүүнүн технологиясы, салттуу технология, программалоонун технологиясы, проблемалуу окутуунун технологиясы, автордук технология ж.б. Адегенде көптөгөн педагогдор «педагогикалык технология», «окутуунун технологиясы», «педагогикалык технология», «окутуп-үйрөтүү технологиясы» түшүнүктөрүнүн айырмасын ажыратышкан эмес. «Педагогикалык технология» термини окутууга байланыштуу колдонулган, ал эми технологиянын өзү техникалык каражаттардын жардамы менен окутуу катары пайдаланылган. Азыркы учурда педгогикалык технология – педагогдун педагогикалык маселелерин чечүүгө багытталган, же мурдатан пландалган, кийин тажрыйба түрүндө ишке ашкан мугалимдин үзгүлтүксүз аракетинин системасы [33, 5-б.].

Окутуунун технологиясын кандай түшүнүү керек? Окутуунун технологиялаштыруу качан пайда болгон? Я.А.Коменский окутууну технологиялаштырууну колдогон. Ал окутуунун «механикалык» (б.а. «технологиялык») болушуна умтулган. Я.А.Коменский «Дидактикалык машина үчүн»: Так коюлган максатты (1); Бул максаттарга жетүү үчүн

каражаттарды кантип колдонууну көрсөтүүчү тартиптер зарылдыгын байкаган (3). Окутуунун технологиясы – олуттуу илимий долборлоо жана педагогикалык ишмердүүлүктүн ийгилигине гарантия берген так шилтеме [3,43-б.].

Окутуунун технологиялары массалык ишке киргизүү XX кылымдын 60-жылдарынын башында пайда болгон деген окумуштуулардын пикири үстөмдүк кылат. Акыйкатта, аны америкалык жана европалык мектептердин реформаланышы менен байланыштырат. Окутуунун технологияларынын белгилүү авторлоруна Дж. Кэррол, Б. Блум, Д. Бурнер, Г. Гейс, В. Коскарелли ж.б. киришет. Орус окумуштуулары: П.Я. Гальпериндин, Н.Ф.Талызинанын, Ю. К. Бабанскийдин, П. М. Эрдиевдин, В. П. Беспальконун, М. В. Клариндин ж.б. илимий эмгектеринде окутуунун теориясы жана практикасынын технологияларын ишке ашыруу жолдору чагылдырылган [36,59-б.].

Окутуунун технологиясы деген түшүнүк XX кылымдын 50-жылдарынын экинчи жарымында пайда боло баштаган. «Технология» түшүнүгү эң алгач америкалык, андан кийин Европадагы мектептерде жүргүзүлгөн реформа учурунда пайда болгон. Ал эми кийинчирээк Россияда пайда болуп, 1990-жылдардан кийин Кыргызстандын да мектептериде кулач жая баштады. Технология гректин «techne» жана «logos» деген сөзүнөн алынып, биздеги «искусство», «өнөр, «илим» деген түшүнүккө дал келет, башкача айтканда, чеберчилик, өнөр устаттык менен иш алып баруунун жолу деп айтсак болот. Технологиянын негизин окутуу процессин башкаруу, аны системалуу уюштуруу түзөт, б. а. окуучунун иш-аракеттеринин жыйынтыгын белгилеп, тигил же бул үйрөнүүчү материалдарды аныктап алып, ага жараша сабактын максаттарын тактап, анан барып ага жетүүнүн ыкмаларын иштеп чыгуу керек. Демек, технологияны педагогикалык процессти пландуу жана системалуу түрдө ишке ашыруудагы мугалимдердин иш-аракети, ишмердүүлүгүнүн системасы деп түшүнсөк болот [37,31-б.].

Эң алгач бул термин өндүрүшкө жаңылыктарды киргизүүнүн жыйынтыгын түшүндүргөн. Акыркы мезгилге чейин интеллектуалдык өндүрүштө, анын ичинде тарбия иштеринде технология түшүнүгү орун ээлеген

эмес эле. Мына эми бүгүнкү күндө, И.П. Подласый айткандай, педагогикалык теорияда технологиялык мамиле бышып жетилип, анын максаттуулугуна жана рационалдуулугуна баа берилип, эске алына баштады. Анын себеби эмнеде? Кайсы иш аракетти албайлы, ал же технология, же искусство болууга тийиш [125,240-б.].

Бул пикирге караганда технологиялар абдан кеңири жана ар тараптуу түшүнүк. Мисалы, ошол эле класстык-сабак системасын алып көрөлү. Мунун көбү азыр эскирди дейт. Ал окутуу формасынын «атасы» катары ушул күнгө чейин епископ жана кудай таануучу, саясатчы жана аалым, коомдук ишмер жана педагог Ян Коменскийдин айтып келгенбиз. «Баарын баарына үйрөтүү керек» деген принцип менен класс-сабак системасын ойлоп тапкан. Бул системаны эскиртпей, ага жаңы түс берип, жаңы ыргак кошкондор толтура. «Сабак бул – жардам. Кимдир бирөөгө тез, кимдир бирөөгө кечиктрилгис, дагы кимдир бирөө азырынча кое турат» (Е.Ильин). «Мугалимдин ар бир сабагы – бул башталыштардын башталышы жана улангандардын уландысы, бул – сөздүн кеңири маанисинде айтканда биздин рухий атмосферабызда чагылдырылбай койбойт»[109,20-21-бб.].

Ал эми Ата мекендик окумуштуу-методисттердин технология түшүнүгү боюнча карап көрөлү. И. Бекбоев өз эмгегинде мындай дейт: «Көп учурда «технология» термини менен «методика» терминин бир коюшуп, алар бир эле процесстти ырааттуу түшүндүрөт деп эсептешет. Чындыгында педагогикалык технология методикадан айырмаланат: биринчиден, методикада максат жалпыланып конкреттүү эмес коюлат (тигил же  бул материалды-теманы түшүндүрүү, маселе чыгарууга үйрөтүү ж.б. у.с.)» да, ишке ашыруунун куралы жок болгондуктан текшерүү кыйын болот. Ал эми долбоор түрүндө коюлган максатта (б.а.технологияда) болсо окуучунун иш-аракеттерин «түшүнөт», «колдонгонду билет, «айтып бере алат», «билет» деген сыяктуу сөздөр менен көрсөтүлөт. Экинчиден, методикада ыкмаларды, каражаттарды, формаларды пайдалануу менен аларды ишке ашырган конкреттүү адамга тиешесиз, жалпы

түрдө каралат, ал эми окутуу технологиясында болсо негизги орунду мугалим ээлейт да, технологиялык процессти ал өзү ишке ашырат» [44,20-21-б.].

«Окутуунун технологиясы түшүнүгү, - деп жазат Н.Ибраева, - XX кылымдын 50-жылдарынын аягында пайда болуп, педагогикалык илимде салыштырмалуу жаңы багыт. Демек билим берүү жана тарбиялоо, өнүктүрүү процессинде жаңы технологияларды киргизүү же мурдагы технологиларды жаңыртууга, модернизациялоого, рефармалоого кылган аракеттер бул биринчи кезекте жалпы коомдогу өзгөрүүлөр талап кылган муктаждыктар менен байланыштыруу. Коомдун, адамзаттын өзгөрүүлөрү ар дайым билим берүү ттармагы аркылуу өтүп келген жана бул процесс азыр абдан активдешип турган чагы [32,15-б].

2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Программасынын (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4 майындагы № 200 токтому) киришүү бөлүмүндө «Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө жашоонун жаңы шарттарына ыңгайлашуу жолунда турат. Ата мекендик билим берүү системасы ыңгайлашуу шарттарында маанилүү ролду ойнойт, анткени адам капиталы жана анын ийкемдүүлүгү өлкөнүн өзгөрүп турyучу шарттарга келечекте ийгиликтүү өнүгүү жана ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүгүн аныктайт». Демек, биринчи иретте, билим берүү системасы ар дайым глобалдашууга ыңгалаша алган өзгөртүүлөргө даяр турушу керек [152-б.]. Окумушту-методист А. Муратов белгилегендей: «Азыркы учурда технология өнүккөн сайын жаштардын аң-сезими, түшүнүгү өсүүдө. Ошол өнүгүүнү мугалим окутуу технологиясы менен кууп жетпесе, чоң көйгөй жаралат». Джон Дьюи «Эгер биз балдарды кечээкидей окута берсек, биз алардын келечегин уурдаган болобуз», – деп белгилейт [104, 6-б.].

Доор алмашуу, кызыкчылыктардын өзгөрүшү, муун жаңыруу-жашоонун закон ченемдүү көрүнүшү. Азыркы күндө дүйнөдө Уильям Штраус жана Нил Хау аттуу америкалык изилдөөчүлөрдүн «Муундар теориясы» деп аталган эмгеги кеңири жайылып, популярдуу болууда. Ага ылайык болжолдуу

азыркы биз окутуп жаткан муун зет (Z, зумерлер), (α) альфа. Бул муундагылар көбүрөөк онлайнда, тагыраак айтканда, иштеринин дээрлик көпчүлүгүн онлайн бүтүрүшөт [148,5-6-бб.]. Алардын реалдуу жана интернет дүйнөсү курчап алган. Демек, изилдөөлөр көрсөткөндөй, XXI кылымдын балдарындагы жогорудагыдай өзгөчөлүктөрдү эсепке алганда, жаңы муундун мугалими ментор, тьютор, эдвайзер, фасилитатор, модератор, лидер, мотиватор болуусуна туура келет.

Демек, мугалимдин жаңы муунга карата «жаштар бузулду», «кабыл алуусу начар», «телефондон баш көтөрбөйт», «бар болгон оюңар интернетте», «китеп окубайсыңар» өңдүү маселелердин тегерегинде отура берүүсү мугалим менен окуучуну ортосунда чоң көйгөйдү жаратышы толук ыктымал. Буга мисал акыркы убактарда окуучулар жана алардын ата-энелери тарабынан педагогикалык кызматкерлерди мазактоо, кол көтөрүү окуяларынын көбөйүшү, а түгүл социалдык тармактарга чейин чыгып, коомчулук тарабынан мугалим жана анын сабагы катуу сынга алынып, аны күнөөлүү кылган учурлар көп болуп жатат.

Мындай терс көрүнүштөрдүн жоюу жана алдын алуу үчүн мугалим өз сабагында окуучулардын бир да минутасын текке кетирбей, алардын жеке мүмкүнчүлүгүн, психологиясын, биологиясын, заманын эске алып, бала мектепте сабактан башка эч нерсеге алаксыбай турган окутуунун жаңы технологияларын изденүү, эл аралык педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү, аны окутуу жараянынын ишмердүүлүгүндө пайдалануу зарылдыгы келип чыгууда. XXI кылымдын педагогикасы окуучу менен мугалимдин, мектеп менен коомчулуктун, ата-энелер менен педогогикалык жамааттын ортосундагы кызматташтыкты күчөтүүгө, бүгүнкү күндүн талабына ылайык дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбаны колдонуп, жеке инсандын жан дүйнөсү, кызыкчылыгына багытталган окутуп-тарбиялоонун мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө шарт түзө алышы керек [1,10-11-бб.]. Демек, технологиянын сабактагы орду материалды толук өздөштүрүүлүсүн камсыз кылат. Ал үчүн окуу материалы кандайдыр бир фрагменттерге бөлүнүп, алар менен конкреттүү иш жүргүзүлөт да,

окуучулардын өздөштүрүү деңгээли текшерилет. Текшерүүнүн жыйынтыгы адатттагыдай беш баллдык системада эмес, «өздөштүрдү», «өздөштүргөн жок» деген гана сөздөр менен бааланат. Бирок өздөштүрүлбөй калган материалдар кайра башка ыкмалар менен үйрөтүлөт, жана бул процес оң жыйынтыкка жеткенге чейин улантылат. Анткени, мындагы башкы максат – материалдын эң негизги учурларынын бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыз кылууда турат [26,118-б.].

Кыргыз адабияты сабагында окутуунун технологияларынын зарылдыгы эмнеде? Бул эң биринчи кезекте мугалимдердин көнүмүштүн күчүнө алдырып жибергендигинде, бири-бирине окшош сабактары менен окуучуларды жадаткандыгында. Бул боюнча окумуштуу-методисттер А.Муратов, К.Акматовдун «Кыргыз адабиятынын окутуунун методикасы» деген эмгегинде төмөндөгүдөй типтүү окшоштуктар жөнүндө айтышат:

- ✓ Мугалим сабакка кирет да, саламдашып, ким келген-келбегенин жоктоп, 25-30 баланын фамилиясын окуп чыгат.
- ✓ «Мурдагы сабакта кайсыл теманы өткөн элек, кана ким айтып берет» деп 5-6 жөнөкөй суроолорду берип, анын жооптору айтылса угулат, айтылбаса, ошол бойдон суроолор жоопсуз калат.
- ✓ Өткөн тема эптеп жыйынтыкталат, көбүнчө окуучулардын даярдыксыз келгендиги айтылып, алар жемеленет жана акыркы жолу эскертүү берилет (бул да көнүмүш болуп калган).
- ✓ Анан доскага жана окуучулардын дептерлерине жаңы тема жазылат.
- ✓ Мындан кийин мугалим схемалуу төмөнкүдөй иш-аракеттерди аткарат: биринчи ыкма: мугалим текстин мазмунун кыскача оозеки сүйлөп берет.
- ✓ Ошентип жаңы тема өтүлгөн соң мугалим кайталоо, же бышыктоо үчүн дагы 5-6 информациялык суроо коюп, өзү айтып бергенинен же окулган тексттен маалымат жыйнай баштайт.

- ✓ Андан ары үйгө тапшырма берилет, ал тексти окуп келип мазмунун айтып берүү, же ыр болсо аны жаттоо дегендей баланы кызыктырбаган иш-аракеттер ж.б. [101,84-85-бб.].

Мындай ыкмалар мугалимдин кийинки сабактарында да улантыла берет, бара-бара мугалим окуучулар үчүн жансыз сөлөкөткө айланат да, адабият сабагы чыгарманын мазмунун билүү, ал чыгарманын каарманын аттарын жаттоо сабагына гана айланып, окулуп жаткан жазуучу болгону бир талапкер жазмакердин деңгээлине түшүп калат. Ал эми окутуунун технологияларынын сабактагы орду материалды толук өздөштүрүлүүсүн камсыз кылат. Ал үчүн окуу материалы кандайдыр бир бөлүктөргө бөлүнүп, алар менен конкреттүү иш жүргүзүлөт да, окуучулардын өздөштүрүү деңгээли текшерилет. Текшерүүнүн жыйынтыгы адаттагыдай беш баллдык системада эмес, «өздөштүрдү», «өздөштүргөн жок» деген гана сөздөр менен бааланат. Бирок өздөштүрүлбөй калган материалдар кайра башка ыкмалар менен үйрөтүлөт, жана бул процес оң жыйынтыкка жеткенге чейин улантылат. Анткени, мындагы башкы максат – материалдын эң негизги учурларынын бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыз кылууда турат. Ушундан улам жаңычыл (инновациялык) сабактар зарыл, технологиянын сабактагы орду анын кызыктуулугун арттырып, балдар менен мугалимдин чыгармачылык байланышын тереңдетүүчү жол. Ошол жол аркылуу бала мугалим менен да, классташы менен да, жазуучу менен да диалогго чыга алат. Адабиятты маалымат алуунун куралы катары гана окубастан, турмушту таанып билүүнүн, адабияттын эстетикалык ырахат алуунун, тарбия берүүнүн куралы катары окушат[6,138-б.].

Салттуу окутууда сабактын максаты так коюлбай, жалпыланып коюлат. Мисалы: Алыкул Осмоновдун поэмалары жөнүндө жалпы түшүнүк ала алышат, мазмунун-сюжетин түшүнүшөт ж.б. Сабакка коюлган мындай максаттын так эместиги, конкреттүүлүктүн жоктугу, жалпылыгы аны ишке ашырууда да, жыйынтыгын аныктоодо да чар жайыттыкты жаратып келүүдө.

Ал эми окутуунун учурдагы талабы сабакта окуп - үйрөнүүнүн

максатын окуучунун позициясынан (көз карашынан) коюуну сунуштайт. Окуучунун позициясынан (көз карашынан) коюлган сабактын максатында окуучунун иш - аракеттери «түшүнөт», «колдоно билет», «айтып бере алат», «билет», «мисал келтире алат» деп берилет да, атайын көрсөткүчтөр иштелип чыгат. Көрсөткүчтөр болсо окуучунун билимин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн баалоодо чоң мааниге ээ. Буларга кошумча мугалим окуучулардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен башка кошумча көрсөткүчтөрдү да иштеп чыга алат. Аларды мисалдар менен далилдесек төмөнкүдөй болушу мүмкүн.

✓ Салттуу окутууда окутуунун методдорун, каражаттарын, формаларын пайдалануу аларды ишке ашырган адамга тиешесиз болуп жалпы каралса, окутуунун бүгүнкү технологиясында негизги орунду мугалим ээлеп, ал технологиялык процессти ишке ашырат. Натыйжада окуучу материалды толук өздөштүрөт. Ал үчүн окуу материалын өзүнчө топ-топторго бөлүп, аны менен конкреттүү иш жүргүзүлөт да, окуучулардын өздөштүрүү деңгээли текшерилет. Бул учурда баалоодогу беш баллдык система колдонулбай, өздөштүрдү, өздөштүргөн жок б. а. формативдик, суммативдик баалоо менен бааланат. Өздөштүрүлбөй калган материалды кайра башка ыкмалар менен үйрөнүү ишке ашырылып, ал жалпы оң натыйжа бергенге чейин улантылат. Эң негизгиси-билимдердин негизи б.а. окуу материалы бардык окуучуларга бирдей жеткирилишине шарт түзүлөт [61,22-23-бб.].

Салттуу сабактарда мугалимдин милдети окуу материалын жаттатуу, аны кайталап айттыруу болсо, окутуунун жаңы технологияларына негизделген сабактарда сунушталып жаткан окуу материалы ар бир окуучуга өз чөйрөсүн, коллективди, кала берсе коомдук түзүлүштү, ошол коомдо жашаган өзүн аңдаштырып таанууга кызмат кыла турган каражат катары милдет аткарат. Ушундан улам жаңычыл (инновациялык) сабактар зарыл, технологиянын сабактагы орду анын кызыктуулугун арттырып, балдар менен мугалимдин чыгармачылык байланышын тереңдетүүчү жол [103,115-бб.]. Ошол жол аркылуу бала мугалим менен да, классташы менен да, жазуучу

менен да диалогго чыга алат. Адабиятты маалымат алуунун куралы катары гана окубастан, турмушту таанып билүүнүн, адабиятта эстетикалык ырахат алуунун, тарбия берүүнүн куралы катары окушат. Бирок муну менен салттуу сабак өтүүнү такыр жокко чыгарып коюудан алыспыз. Салттуу сабактар кылымдар бою жаш муундарды тарбиялоодо зор эбегейсиз роль аткарып келүүдө. Окутуу технологияларынын билим берүү процессиндеги ар тараптуу аспектилерди түшүнүү жана жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо максатында SWOT-анализ жасадык.

**Таблица 1.2. – Окутуунун технологияларынын окутуу процессиндеги күчтүү, алсыз, мүмкүнчүлүк жана коркунучтагы абалы**

| **Күчтүү жактары:** | **Алсыз жактары:** |
|---|---|
| - класстагы билимдин жалпы жетишпестиктерди ачып көрсөтөт;<br>- туруктуу байкоо жүргүзүү, мугалимдин текшерүүгө сарптаган убактысы азаят;<br>- теманын толук жана бекем өздөштүрүлүшү;<br>- окуучулардын жогорку деңгээлдеги активдүүлүгүн камсыздайт;<br>- окуучулардын билим сапаты, креативдүү ойлонуусу, чечкиндүүлүгү жогорулатат;<br>- окуучулар маалымат эле албастан, өздөрү сунуштаган жол жана чечим эмне үчүн туура же, эч болбосо, айтылган башка варианттардан эмнеси жакшы | - окутуунун технологиялары боюнча методикалык адабияттардын жетишсиздиги, айрым мугалимдердин бул жагынан маалыматсыздыгы;<br>- кээ бир учурларда сунушталган технологиянын ишке ашырууда каражаттын жана интернеттин керектиги;<br>- сабак учурунда мугалим үчүн ыңгайлуу болгону менен сабакка чейинки даярдыктын өтө көп убакыт сарпталышы;<br>- мугалимдин технологиянын темага дал келтирүүдөгү кыйынчылыктар |

| | |
|---|---|
| экендиги түшүнүшү | |
| **Мүмкүнчүлүктөр** | **Коркунучтар** |
| - ар бир окуучу менен жеке иш алып барууга;<br>- окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артышы;<br>- мугалимдин ар бир сабагы ачык сабак болуп, кандай гана текшерүү болбосун даярдыгы;<br>- мугалим менен окуучунун ортосунда педагогикалык кызматташтык түзүлгөндүгү.<br>- жогорку деңгээлдеги мотивация, ресурстук базанын кеңейүүсү, окутууну максималдуу индивидуализациялоо;<br>- чыгармачылыкка болгон кеңири мүмкүнчүлүктөр, материалды өздөштүрүүдөгү бекемдик ж. б. | - салттуу окутуунун элементтери жоголуп кетет;<br>- кээ бир учурларда мугалим окутуунун технологияларын сабактын мазмунуна дал келбеген учурлар. Окутуунун жаңы технологияларын сабактын иштелмеси гана жазып алып, бирок сабакта ишке ашпашы. |

Бул таблицада көрүнүп тургандай, окутуу процессинде окутуунун технологияларын колдонуунун күчтүү жана мүмкүнчүлүктөрү аябай көп. Билим берүү процессиндеги билим берүү технологияларынын күчтүү жана алсыз жактарын, мүмкүнчүлүктөрүн жана коркунучтарын (SWOT анализи) талдоо, алардын негизги мүнөздөмөлөрүн, ошондой эле өркүндөтүүнүн мүмкүн болгон багыттарын аныктоо максатында колдонулуучу окутуу ыкмаларын жана каражаттарын баалоого системалуу мамилени болжолдойт.

### 1.3. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларынын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши.

Кыргыз адабият сабагынын башкы милдети-келечек муундарды улуу муундун оң идеалдарынын үлгүсүндө тарбиялоо, улуттук рухун көтөрүү гуманисттик сапаттарын өстүрүү, эстетикалык-көркөмдүк табитин жогорулатуу эне тилинин сөз байлыктарын, стилистикасын өздөштүрүп, аларды практикада колдоно билүүсүнө жетишүү. Мындай милдетти аткарууда Алыкул Осмоновдун поэмалары өзгөчө орунга ээ. Анын поэмалары кыргыз поэзиясынын алтын фондусуна кирип, ошол эле учурда орто мектептерде окутуу процессинин маанилүү бөлүгүнө айланган.

Адабияттын тарыхын үйрөнүү, адабият таануу илиминин көп жылдык тажрыйбасы көрсөткөндөй, алды менен белгилүү бир тарыхый мезгилдердеги адабий өнүгүштүн негизги тенденцияларын аныктап (мезгилдештирилген принцип боюнча), анан ошол мезгилдердеги адабий процесске омоктуу салым кошкон жазуучулардын монографиялык портреттерин берүү принцибине негизделип келе жатат. Кыргыз адабий сыны менен адабият таануусунун өнүгүшүнө зор салымын кошкон белгилүү адабиятчы, сынчы К.Артыкбаевдин эмгектеринде жалпы адабий процессти, XX кылымдагы кыргыз адабиятын өнүгүү процессин төмөндөгүдөй мезгилдештирүү боюнча кароо илимий критерийлерин келтирген.

1.«XX кылымдын башындагы кыргыз адабияты (1900-1917)».

2. «Жаңы социалисттик коомдогу кыргыз адабиятынын жаралышы жана калыптанышы (1917-1940)».

3. «Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдердеги кыргыз адабияты (1941-1960)».


4.60-80-жылдардагы кыргыз адабияты (1961-1984) [22, 212].

Ал эми Н. Ишекеевдин адабият таануу боюнча эмгектеринде адабияттын өнүгүү процессин жогорудагы бөлүштүрүүнү камтуудан сырткары эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки кыргыз адабияты боюнча талдоолорду жүргүзгөн [63, 114-115].

Окумуштуулар К. Артыкбаев жана Н. Ишекеевдердин эмгектериндеги изилдөөлөрүнө таянып, кыргыз адабиятынын окутуу тарыхы анын ичинде

орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларында, окуу китептериндеги ордун, берилишин төмөндөгүдөй тарыхый аспектиде карадык.

**Схема 1.3. – Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларында, окуу китептериндеги берилишинин тарыхый аспектиси**




*1) Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты (1941-1960).* Алыкул Осмоновдун поэмалары адабият программасына эң алгач 1947-жылы киргизилип, 1954-1955-окуу жылынан баштап туруктуу окутулуп келе жатат. 1955-1956-окуу жылынан баштап программага V-VII класстарда Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы киргизилет. Ал үчүн программада төмөндөгүдөй сунуш-багыттамалар иштелген: «Жомоктун мазмуну жана катышуучулары, алардын мүнөздөлүшү. Хандын адилетсиздиги жана ырайымсыздыгы. Жомокто билгичтикти жана адилеттикти урматтоо. Адилетсиздикке каршы элдин күрөшү. Адилеттүүлүктүн жеңип чыгышы». Бирок аннотациясында авторлор поэмада адилетсиздикке каршы элдин күрөшү, билгичтик, адилеттиктин урматталышы берилбейт. Мына ошол себептен 1959-жылы программа V класс үчүн долбоор катары кайрадан иштелип чыгып, жалпы талкууга коюлат. Бул долбоордо Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасына 4 саат (мурдагы программада 3 саат), үзүндү түрүндө өздөштүрүү үчүн

пландаштырылган. Мурда азыраак саат бөлүнгөндө толук окулса, («Толубай сынчы» поэмасы), эми өздөштүрүү убактысы көбөйгөндө үзүндү түрүндө өтүү талап кылынып калган. Кыргыз тили жана адабиятынын 1956-жылы түзүлгөн программасында Алыкул Осмоновдун эң мыкты поэмасы «Толубай сынчы» деген 1944-жылы жарык көргөн (2-варианты) чыгармасы 12 жыл өткөндөн кийин гана киргизилген.

Окумуштуу-методист А.Муратов «Поэманын стили, андагы сюжеттүүлүк менен лирикалык каармандын философиялык ой толгоолорунун жуурулушуп келиши, чыгармадагы социалдык курч кагылышуу жана оптимисттик трагедия, таланттуу акын тарабынан сөз кутунун чеберчилик менен ширелиши, ыр курулушунун устаттык менен урунулушу, акынга мүнөздүү кыскалык менен конкреттүүлүктүн, романтика менен символиканын таамай берилиши бир эсе окуучуларды өзүнө активдүү тартса, экинчидеи, мугалимдин сабагынын кызыктуулугуна, мазмундуулугуна шарт түзөт, үчүнчүдөн, мугалимдин эстетикалык-турмуштук түшүнүгүнүн ар тараптуулугун талап кылат»-деп тамаай белгилеп өтөт. Чындыгында бул поэма менен мектептин адабий билим берүү тармагы өтө чоң утушка ээ болгон. Өзгөчө бул класстардын окуучулары «чөйрөгө аз да болсо сын көз менен карап, окуяларга, кубулуштарга өз алдынча баа бере баштаганы байкалат. Алар окуялардын чукул бурулуштарына, тигил же бул каармандын кылык-жоругуна, тагдырдагы татаал чегинүүлөргө, кокус иштерге катуу кайгырышат, умтулуштардын ийгиликтерине, максаттардын туура чечилишине, оңтойлуу кубулуштардын бардыгына аябай кубанышат». Демек, бул класстарда поэманы бардык жанрдык белгилери менен үйрөнүп гана тим болбостон, аны адабий-эстетикалык баалуулук катары да өздөштүрө башташат [38,141-142-бб.].

Улуу Ата-Мекендик согуштан кийин 1947-1948-жылдарда кыргыз жазма адабиятынын акын, жазуучулары чыгармачылык жактан жетилип, ар түрдүү жанрдагы, формадагы поэмаларды жаратып, поэма негизинен

адабияттын оң флангысына көтөрүлөт. Мына ошолордун катарында өзгөчө согуш темасындагы лирикалык Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасы кыргыз адабиятындагы этаптуу чыгарма болуп калган. Акындын дал ушул поэмасы адабий окутуу процессинин жаңы сапаттык баскычка көтөрүлүшүнө көмөк көрсөткөн [69]. Негизинен 1947-1950-жылдар аралыгындагы н окутуунун программасынын жаңы вариантында Алыкул Осмоновдун поэмалары бир топ алымча-кошумчалар болгону менен негизинен мурдагы багыт сакталган.

Өкүнүчтүүсү 1954-жылы түзүлгөн программада Алыкул Осмоновдун ырлары жана айрым поэмалары кыскарып кеткен. Мунун себебин так айтуу кыйын, бирок азыркы күндүн бийиктигинен туруп караганда акындын өз дүйнөсүн, ички толгонууларын, пенделик купуя сырларын жазып чыккандагы 1940-жылдардын акыры 1950-жылдардын башы чендеги идеологиялык курч «электен» жана адабиятты тазалоолордон келип чыккан катаал иш-чаралардан улам жабыр тарткансыйт. А бул нерсе акындык чыгармачылыгына мындай терс мамиле кыргыз окурманы үчүн, адабий-эстетикалык ойдун өнүгүшү үчүн орду толгус жоготуу болгон [73,30-б.].

Ал эми Кыргыз ССРинин Агартуу министрлигинин «1953-54-окуу жылында кыргыз мектептеринде эне тили жана адабияты боюнча программадагы, окуу китептериндеги окуу материалдарын кыскартуу жөнүндөгү» көрсөтмөсүнөн улам программанын жаңы чыгарылышында алымча-кошумчалар болуп, бир катар акын-жазуучулар менен катар Алыкул Осмоновдун бир топ чыгармалары киргизилген. Мунун себеби бул мезгилде идеологиялык майданда жагдай бир топ жакшыра баштаган эле [38,141-142-бб.].

Окуу китеби – бул билим берүү процессинде мугалим менен окуучулардын ортосундагы байланыштын негизги каражаты. Окуу китеби билимдин толук жана системалуу берилишине шарт түзөт, андан тышкары, ал окуучулардын ойлонуусун, талдоо жүргүзүүсүн жана жеке чыгармачылыгын өнүктүрүүгө жардам берет.

1948-жылы чыккан З.Бектенов жана Т.Байжиевдер тарабынан чыккан 8-класс үчүн кыргыз адабияты окуу китеби кыргыз адабиятын окутуу тарыхында маанилүү бир баскыч болуп саналат. Бул китеп, кийин авторлордун тагдырына байланыштуу практикалык колдонуудан алынгандыгына карабастан, кыргыз оозеки чыгармачылыгынын негизги бөлүгү болгон элдик поэмаларга терең анализдерди сунуштайт. Мисалга атай кетсек, Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы», «Карагул», «Эшимкандын тереги» поэмаларынын тексттеринен үзүндүлөрдү келтирет [69]. Андан кийин жарык көргөн 1950-жылдагы V класстын окуу китеби жөнүндө Б. Алымов мекен, аны коргоо, жеңиш темасына арналган ырларга кеңири орун берилгендигин, адабият теориясынан маалыматтар киргизилгендигин оң көрүнүш катары бааласа, башка өңүттөн изилдөөчүлөр «Толубай сынчы» поэмасы боюнча окуучуларга суроолордун, тапшырмалардын берилбей калганын өкүнүү менен белгилейт. 1954-жылы бүтүрүүчү класстар үчүн хрестоматия жана окуу китеби жарык көрөт. Ал окуу китебинде Алыкул Осмоновдун «Ким болду экен?», «Махабат», «Майдын түнү» поэмалары атайын талдоодон өтпөй, бир топ үстүрт анализ берилген, «аларга конкреттүүлүк, айкындык, тереңдик жетишсиз болгон [70].

*2) 60-80 жылдардагы кыргыз адабияты (1961-1984).* Кыргыз адабиятын окутуунун мамлекеттик программаларында 1960-жылдары кыргыз поэмаларына окутууга олуттуу орун берилген. Дал ушул жылдары азырга чейин мектептик окутууда мыкты чыгармалардын бири катары саналып келе жаткан Алыкул Осмоновдун «Махабат», «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмалары киргизилген. Акындын бул поэмаларынын киргизилиши окуучулардын эстетикалык жан дүйнөсүнүн көрөңгөсүн көтөрүүгө чоң салым кошорун ошол жылдын адабиятчылары да, алыкул таануучулар да, окуу программасын түзүүчүлөр да, окуу китептерин жазган авторлор да туура аңдашкан [22, 212-б.].

Ал эми 1962-1963-окуу жылына карата түзүлгөн адабият окуу программасы туруктуу пайдаланууга берилип, анда Алыкул Осмоновдун

«Толубай сынчы» поэмасын V класста окутуу үчүн 3 саат, IX класста «Эшимкандын тереги», «Өлүп тирилгендер» поэмаларына 3 саат бөлүнгөн. Бул нормативдик документте «Толубай сынчы» поэмасын окуп-өздөштүрүү үчүн төмөндөгүдөй сунуш-багыттар иштелип чыккан: «Жомоктун мазмуну жана каармандары. Жомокто залимдиктин, адилетсиздиктин жектелиши, жазыксыздыктын, чындыктын даңазаланышы». Мындагы «жазыксыздыктын, чындыктын даңазаланышы» эмес, «чындыктын, өнөр билимдин даңазаланышы» деп берилсе туура болмок.

Адабияттык окуу курсуна арналган 1973-жылдагы программада анчалык чоң өзгөрүүлөр болгон жок. Бул документ бир топ жыл мектеп өндүрүшүндө колдонулду [73,30-б.]. Бирок жалпы турмуш, мектепте окутуу процесси, мугалимдердин тажрыйбалары, окуучулардын түшүнүгү диалектикалык кыймылда болуп, көркөм адабияты, адабият таануусу, эстетика, педагогика, психология илимдери жаңы табылгалар менен байыды. Мындай жандуу кыймыл кыргыз адабияты программасын дагы өркүндөтүүнү талап кылды, «... кыргыз адабиятынын окуу программасынын жалпы «архитектурасын», мазмундук уюштурулушун идеялык-тематикалык, көркөм-эстетикалык, илимий-методикалык принциптерин адабият таануу менен педагогика, психология илимдеринин учурдагы жетишкендиктерине ылайык кайрадан кароого муктаж экендигин доорубуздун ыргагы күн тартибине койду. Ал эми окумуштуу-методистер кыргыз адабияты курсун окутууга арналган окуу программасын сапатын оңдоо жана өркүндөтүү үчүн бир топ натыйжалуу иштерди жасашты. Ошентип 1980-жылы кыргыз адабиятынын орто мектептерге арналган өркүндөтүлгөн программасы жарык көрдү. Мында кыргыз адабиятындагы көрүнүктүү поэмалардын сап башында турган Алыкул Осмоновдун «Ким болду экен?», «Майдын түнү», «Махабат» поэмалары турган [74].

Окуу китептерине келе турган болсок З. Бектенов, Ж. Темировалар тарабынан түзүлгөн V класстар үчүн 1963-жылы чыккан окуу китебинде «... Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» чыгармаларын сунуш этүү аркылуу

окуу китеби адабий дидактикалык утушка ээ болгон, айтайын дегенибиз, биринчиден, айрым окуучуларга поэмалардын өзөктүү окуялары белгилүү болушу ажеп эмес, мүмкүн, экинчиден, алардын мазмуну кабыл алуу үчүн жеңил. Эки поэманын кийинкисине гана чакан, эркин түшүндүрмө текст иштелип чыккан. Элдин акылга терең, ойго бай, чукугандай сөз тапкан шыктуулугун туюндурган, заттын атын атабай, каймана түрдө ага мүнөздүү белгилерди санаган табышмактарга, турмуш тажрыйбасынан алынып, акыл-насаат катарында айтылган көркөм элестүү, көбүнчө, уйкаш келген кыска сүйлөмдөрдөн курулган макалдарга түзүүчүлөр тематикасына жараша орун берип, окуучулардын байкагычтыгын, билгичтигин, тапкычтыгын өркүндөтүүгө оңтойлуу көмөк көрсөткөн» [72,37].

VII класстар үчүн адабият окуулугуна автор катары Тазабек Саманчин менен Бектурсун Алымовдун биргелешип иштөөсү жакшы натыйжаларды берген. Анын 9-басылышын Б.Алымов колго алып бир катар акындардын поэмалары менен бирге Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасын азыркы адабият таануу илиминин табылгаларына таянуу менен илимий талдоодон өткөргөн.

Мектептин динамикалуу кыймылы, кыргыз адабий процессиндеги жаңылануулар улам программаларды өзгөртүүнү шарттап, ошол өзгөрүлгөн программага ылайык К.Иманалиев, Б.Керимжанова, Б.Маленов, Ш.Үмөталиев жазган жаңы окуу китеби колдонууга уруксат берилген. Бул окуу китебинде кыргыз адабиятынын негизги өзөктөрүн жанрдык-стилдик белгилери боюнча кароо менен Алыкул Осмоновдун «Ок жаңылды», «Менин энем», «Күлүйпа», «Өлүп тирилгендер» поэмаларынан кыскача обзорлор баяндалса, «Жеңишбек» поэмасынын композициялык уюштурушунда диалогдор, ички-тышкы монологдор, лирикалык чегинүүлөр, автордук үн, табияттын көрүнүштөрү, риторикалык илеп, суроо-жооптор, кайрылуу менен кайталоолор, терең образдуу лексикалык каражаттар мүнөздүү боло тургандыгы, акындын «Ким болду экен?» поэмасындагы бийик романтика да, таза реалисттик баяндоо да, драмалык чыңалуулар да, юмор менен

какшык да ар түрдүүлүктүн гармониясын түзүү аркылуу чыгарманын башкы пафосу Ата Журтту сүйгөн адамга болгон ашыктыктын символикалык түрдө эмоциялуу сүрөттөлгөндүгү, окуясынын романтикалык мотивде, оптимисттик көз караште чечилгендиги, «Майдын түнү» поэмасындагы аял затына карата мамиленин турмуштук кырдаалда көрсөтүлгөндүгү, ак сүйүүнүн кызганчаактыктын үстүнөн болгон жеңиши аркылуу моралдык тазалыкка чакыргандыгы, кыскасы ар бирине таандык образдар системасы, көркөм-поэтикалык өзгөчөлүгү, идеялык мазмуну профессионалдуу деңгээлде талданган» [72,37-б.].

Кыргыз адабияттын окутуунун тарыхында 1990-жылы биринчи жолу «Кыргыз адабияты» окуу китебине тиркеме чыгат да, анда бир катар акындардын поэмалары менен катар  Алыкул Осмоновдун «Махабат», «Майдын түнү» поэмалары талданып, ал чыгармалардын кыргыз адабиятындагы орду туура көрсөтүлөт. Айта кетсек мектептерде кыргыз адабияты предметинин окутулушуна зор салым кошкон  окумуштуу К.Иманалиев жазган окуу китептеринде образдык талдоолорго өзгөчө көңүл бурулат [57,108-109-бб.].

*4) көз карандысыздыкты алгандан кийинки кыргыз адабияты.(1991-жылдан баштап).* Ал эми 1991-жылы Кыргызстан эгемендүү өлкө болгондон кийин программа түзүү иштерине белгилүү окумуштуулар С.Байгазиев, А.Муратов, С.Рысбаевдер тартылып, мектептерде кыргыз адабиятын окутуу үчүн сааттар бир топ көбөйтүлгөн. Аны менен катар Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууга сааттар көбөйтүлүп, окуу китептеринде жарык көргөн. Мунун себеби программанын жарымынан көбүн  ээлеген орус адабиятын жана эстетикалык жагынан жармач кээ бир чыгармаларды кыскартуунун эсебинен болгон  [76,18-19-бб.]. Кыргыз адабияты боюнча окуу китептерин түзүүгө, даярдоого, жазууга Б.Исаков, К.Артыкбаев, Н. Ишекеев, А.Сманбаев, Б. Алымов, А. Муратов, С. Байгазиев, С. Мусаев, С. Рысбаев, Б.Үкүева ж.б.авторлор тартылып, өз алдынча жолго түшкөн эгемендүү өлкөдө ар кандай  алар оош-кыйыш учурлары болсо да кыргыз адабияты

сабагын окуу китептери менен камсыздап турушкан. Эгемендүүлүккө ээ болгон жылдардан тарта жаңы, өз өлкөбүздүн кызыкчылыгына арналган окуу программасы күн тартибине коюлуу менен жаңы көз караштардан улам мурда атын атоо коркунчтуу болгон, же окутууга тыюу салынган «сүргүндөгү» чыгармаларды мектеп программасына киргизүүнүн зарылдыгы келип чыккан [77, 18-19-бб.].

Алыкул Осмоновдун поэмаларынын көркөм тилин, табиятын туура түшүнүп окуганда гана натыйжалуу болорун мектеп практикасы, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы, алдыңкы педагогдордун иш тажрыйбалары тастыктап көрсөттү. Биз аны жогоруда көрсөтүү аракетин көрүү менен, айрым конкреттүү фактыларды алып чыгууга аракеттендик. Илимий ишибиздин биринчи бөлүмүндө биз Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун тарыхына, азыркы абалына кайрылуу менен бир топ артыкчылыктарды аныктадык:

-Алыкул Осмоновдун поэмалары окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайык адабият программасынан орун алып тургандыгы;

-окуучулардын адабий-эстетикалык табитинин ар тараптуу болушуна, акындын поэмаларынын таасирин тийгизгендигин;

-ар кандай оош-кыйыштарга карабай акындын поэмалары мектептик окутуудан өз ордун татыктуу ээлеп келе жаткандыгы аныкталды.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында поэмаларды окутуу анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүү дайыма актуалдуу проблема болуп эсептелинет. Алыкул Осмоновдун өмүрү жолу, чыгармачылыгын окутуу боюнча кыргыз адабияттын окутуу методикасынын тарыхында жана педагогика илиминде бир топ окумуштуулардын эмгектеринде изилденип, мектеп тажрыйбасына сунушталып келүүдө. Эң алгач эле К.Иманалиевдин «Кыргыз адабияттын окутуунун жолдору» (1966), «Методика преподования кыргызкой литратуре в средней школе» (1972), «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу методикасынын негизги маселелери» (1973), «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» (1976),

«Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окутууну уюштуруу иши» (1981), «Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери» (1984), Б.Алымовдун «Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери» (1972), «Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы» (1981), «Биздин адабиятты 7-класста окутуу» (1983), «Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы» (1984) аттуу эмгектеринде кыргыз совет адабиятында поэма жанрын окутуу анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча методикалык сунуштар, айрым бир жалпылоолор берилет. О.Соороновдун «Согуш темасындагы кыргыз поэмаларынын сюжеттик мотивдери» (1982), Т. Мусанбетов «Кыргызстандагы жалпы билим берүүчү орто мектептердин V-X класстарында А.Осмоновдун өмүрүн жана чыгармачылыгын үйрөтүү» (1990) акындын «Жеңишбек» поэмасына арналган проблемалык лекция сабагынын мазмунун талдаган. Жогоруда аты аталган эмгектер өз мезгилинде орто мектептерде поэма жанрын окутуу анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун адабий, дидактикалык-методикалык негиздери, поэмаларды окуучуларга жеткирүү боюнча конкреттүү материал болуп бере алган. Бирок андан бери адабият программалары далай ирет кайрадан иштелип, өркүндөтүлүп, адабиятты мектепте окутуу концепциясында, мамлекеттик билим берүү стандарттарында көп өзгөрүүлөр болду. Башкасын айтпаганда да, адабият мурдагыдай эки этапта эмес, үч этапта окутулуп калды.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын V-XI класстары үчүн кыргыз адабиятынын 2018-жылы чыккан билим берүү боюнча мыйзамдардын жаңы талаптары жана мектепте адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын жол-жоболорун эске алуу менен түзүлгөн программада [79, 26-28-бб.] Алыкул Осмоновдун поэмалары кандай берилгендиги жана кандай окутулушуна токтололу. Программада VI класста «Акын-жазуучулар кайра иштеп чыккан чыгармалар» деген бөлүмүндө А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасына окутуу каралган. Мында чындык үчүн күрөш, «сынчылык» өнөрдүн даңазаланышы, тулпардын сынын

ачуудагы акындын чеберчилиги, ошондой эле поэманын кыскалыгы жана сүрөттөөлөрдүн образдуулугу. Элдик уламыштын жогорку көркөмдүктө кайрадан иштелип чыгышы. Адабият теориясынан. Кейиптештирүү жана метафора деген терминдерге токтолуу пландалган. IX класста А.Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. Лирикалары: Поэмалары: «Ким болду экен?», «Эшимкандын тереги», «Өлүп тирилгендер». Мында Алыкул Осмоновдун кыргыз поэзиясындагы жаңычылдыгы. «Ким болду экен?» поэмасындагы патриоттуулукту даңктоо. Сүйүү сезиминин Бактыбек жана Сонун кыз аркылуу берилиши. «Эшимкандын терегиндеги» уламыш менен реалдуулуктун карым-катышта өнүгүп барышы. Эшимкан жана теректин символикалуу образы. «Өлүп тирилгендер» поэмасы – жеңиштин шарапаты, согуш адам ыйманын да сынап көрүүнүн каражаты, чыгармадагы каармандар жөнүндө токтолуу пландалган. X класста А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылык жолу. Лирикалары: Поэмалары: «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат». А.Осмоновдун мурда окулган чыгармаларын эске түшүрүү менен анын чыгармачылык индивидуалдуулугун жана новаторлугун ачып көрсөтүү. «Жеңишбек» - окуя кууган, сюжет курган поэмалардан «Жеңишбектин» айырмасы, Миңбай карыянын арман-күйүтү жана анын табият менен гармониясы. Поэманын эмоционалдык-экспрессивдүү күчү, андагы лирикалык чегинүүлөр, риторикалык суроо-кайрылуулар, психологиялык деталдарды ачып берүү каралган. «Майдын түнү» поэмасы - турмуштук бир кырдаалда инсандардын ички татаал дүйнөсүн ачуу, мүнөз жана аракеттердин мотивировкаланышы, Баян менен Бүбүштүн образын ачуудагы алардын ички дүйнөсү менен тышкы кыймыл-аракетин бирдикте алып баруу. Поэмадагы лирикалык чегинүүлөр, пейзаждык сүрөттөөлөрдү ачып берүү пландаштырылган [79,26-285-бб.].

Программада жалпы VI класста А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасына 2 саат, XI класста А.Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. Лирикалары. Поэмалары - 7 саат анын ичинде «Ким

болду экен?», «Эшимкандын тереги», «Өлүп тирилгендер» поэмаларына 3 саат берилген. X класста А. Осмонов өмүрү жана чыгармачылык жолу. Лирикалары. Поэмалары- 7 саат анын ичинде «Жеңишбек», «Майдын түнү» поэмаларына 3 бөлүштүрүлгөн. Класстан тышкаркы окутула турган поэмаларына 2 саат, жазуу иштерине 4 саат жалпы 14 саат каралган. Биздин оюбузча, Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу үчүн программага дагы да сааттардын кошулушу керек деп эсептейбиз.

**Биринчи бап боюнча корутунду**

**Биринчи бап Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларынын теориялык-методологиялык маселелери жана изилдениш тарыхы** деп аталат. Анын «Поэма жанрынын теориялык-терминологиялык аспектиси жана анын адабияттагы орду» деп аталган 1-параграфында философия, адабият таануу, педагогикадагы «поэма» түшүнүгү жана анын жанрдык табияты боюнча фольклорист-адабиятчылардын эмгектериндеги эреже-аныктамаларга токтолуп өттүк. Ошондой эле поэма жанрынын адабияттагы орду жөнүндө сөз болду.

Поэма жанр катары ар кандай адабий системаларда жана доорлордо жашап келген. Ырас, ал поэма деген жанрдык аталышка советтик доордо, негизинен орус акындарынын таасиринен улам ээ болуп болуп, адабият таануу илими пайда болгондон кийин анын жанрдык белгилери аныктала башталган. Поэма – кыргыз адабиятында эң кеңири тараган жанр болуу менен бирге, ал мектептик окутууда өз ордун татыктуу ээлеп келе жатат. Бул анын жанрдык спецификасы жана окуучулардын кабыл алуусуна ыктуу экендиги менен байланышат. Жазма адабияттын пайда болушу менен поэманын активдүүлүгү артып, турмуштун ар түрдүү жактарын терең ачып берүүдө акындар үчүн зор кызмат кылды. А. Токомбаевдин «Өз көзүм менен», Т.Үмөталиевдин «Айсулуу», «Кубат», Ж. Бөкөнбаевдин «Ажал менен Ар-намыс», А. Осмоновдун «Жеңишбек», «Толубай сынчы», Ж.Турусбековдун «Энем», «Каракчынын трагедиясы», А.Токтомушевдин «Какшаалдан кат», С.Эралиевдин «Ак-Мөөр», «Жылдыздарга саякат»

поэмаларын атап көрсөтүүгө болот. Адабиятчы Г. Ж. Орозова, Ж. А. Эшиевдин эмгектери бул главаны жазууда методологиялык таянычы болду жана алар изилдөөбүздү илимий-теориялык жактан аргументтүү жана ишенимдүү болушуна жардам берди.

«Чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «окутуунун технологиялары» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгы» деп аталган 2-параграфта чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «окутуунун технологиялары» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгына анализ жүргүзүлдү. Окутуу технологиясы – билим берүү стандартында, окуу программасында көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн окутуунун методдорун, каражаттарын, формаларын, шарттарын иштеп чыгуунун, тандоонун, колдонуунун жана текшерүүнүн жолу. Демек, технология тигил же бул ишмердүүлүктү жогорку чыгармачылык деңгээлде жүргүзүү жана аны үйрөнүү болуп саналат. Чет элдик жана биздин окумуштуулардын эмгектеринде окутуунун технологиясы берген аныктама-эрежелер, жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгы боюнча сөз болду. Ошондой эле педагогика илимине окутуунун технологиясы, тарбиялоонун технологиясы, окутуп-үйрөтүү технологиясы, билим берүүнүн технологиясы, проблемалуу окутуунун технологиясы, салттуу технология, программалоонун технологиясы, проблемалуу окутуунун технологиясы, автордук технология түшүнүктөрүнүн максаты, милдети, айырмачылыктары жөнүндө сөз болот.

«Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши» деп аталган 3-параграфта теманын тарыхый-методологиялык негиздери көрсөтүлдү. Мында акындын поэмаларынын окуу программалары, окуу китептериндеги берилиш тарыхына экскурс жасалып, тарыхый-эволюциялык аспектиде обзор берилди. Изилдөө

ишибиздин бул бөлүмүндө акындын поэмаларын XX-XXI кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча үч доорго бөлүп карадык:

1) Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты (1941-1960). 1947-1948-жылдарда кыргыз жазма адабиятынын акын, жазуучулары чыгармачылык жактан жетилип, ар түрдүү жанрдагы, формадагы поэмаларды жаратып, поэма негизинен адабияттын оң флангысына көтөрүлүп калган эле. Мына ошолордун катарында өзгөчө согуш темасындагы А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасы адабий окутуу процессинин жаңы сапаттык баскычка көтөрүлүшүнө көмөк көрсөткөн. 2) 60-80 жылдардагы кыргыз адабияты (1961-1984). Кыргыз адабиятын окутуунун мамлекеттик программаларында 1960-жылдары кыргыз поэмаларына окутууга олуттуу орун берилген. Дал ушул жылдары окуу программа, окуу китептерине акындын «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмалары киргизилген. Акындын бул поэмаларынын киргизилиши окуучулардын эстетикалык жан дүйнөсүнүн көрөңгөсүн көтөрүүгө чоң салым кошорун ошол жылдын адабиятчылары да, Алыкул таануучулар да, окуу программасын түзүүчүлөр да, окуу китептерин жазган авторлор да туура аңдашкан. 3) Көз карандысыздыкты алгандан кийинки мезгилдер (1991-жылдан баштап). Ал эми 1991-жылы Кыргызстан эгемендүү өлкө болгондон кийин программа түзүү иштерине белгилүү окумуштуулар С. О. Байгазиев, А. Ж. Муратов, С. К. Рысбаевдер тарабынан түзүлгөн окуу программаларында 6-класста «Толубай сынчы», 9-класста «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер», 10-класста «Жеңишбек», «Майдын түнү» поэмалары окутууга сунушталган.

Орто мектепте А.Осмоновдун поэмаларын окутуунун методологиялык жана дидактикалык негиздери катары философия, педагогика, эстетика, адабият таануу, лингвистика боюнча эмгектер пайдаланылды. Ошондой эле бул багытта КРдин Билим берүү жана илим министрлиги иштеп чыккан жана коллегиясында бекиткен нормативдик документтер (мыйзамдар, окуу планы, адабиятты окутуунун концепциялары жана мамлекеттик стандарттары, окуу

программалары, окуу китептери, баалоонун жана баа коюунун нормалары ж.б.) жетекчиликке алынды. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу проблемасын чагылдырылган илимий эмгектер (К.Иманалиев, Б.Алымов, Н.И. Ишекеев, С.О. Байгазиев, А.Ж.Муратов ж.б.) диссертациябыздын методологиялык таянычы болду жана алар изилдөөбүздү илимий-теориялык жактан аргументтүү жана ишенимдүү болушуна жардам берди.

## ЭКИНЧИ БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

### 2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары

**Изилдөөнүн объекти** – орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын өркүндөтүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын өркүндөтүүнүн жолдору,ыкмалары.

**Изилдөөнүн негизги материалдары:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары:

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» (2021) жөнүндөгү жарлыгы [84,1-б]. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Улуттук нарк жөнүндө» жарлыгы (2022) [85,1-б].

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин өнүгүү программасы жана концепциясы:

А) Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы (2012) [153];

Б) 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында «Кыргыз жараны» деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы (КР Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы) [154];

В) 2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү программасы (2021) [152];

Г) Адабий билим берүүнүн концепциясы (2021) [151].

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик документтери:

А) Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты [80,18-б];

Б) Кыргыз адабияты. Жалпы билим берүү уюмдарынын V-IX -класстар үчүн предметтик стандарт [79];

Г) Кыргыз адабиятынын программасы. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын V-XI класстары үчүн [82];

Д) VI, IX, X класстардын кыргыз адабияты боюнча окуу китептери [101].

Аларга кеңири токтоло кетсек: *Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары.* Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» (2021), «Улуттук нарк тууралуу» (2022) жарлыктары. Бул жарлыктардын идеологиялык жактан маанилүү нускасы – азыркы ааламдашуу доорунда, адамзат, коомчулук келечек багытын толук айкындай албай жаткан шартта руханий, адептик, дене-бой жактан тарбиялоонун, анын ичинде жаштарды улуттук нарк, элдик салттар менен тарбиялоонун зарылдыгын жана концептуалдык багыттарын айкындап бергендигинде. Коомдун жалпы моралдык, руханий жана физикалык өнүгүшүнө өбөлгө түзүүнү көздөйт, жана өлкөдө адеп-ахлактык деңгээлди көтөрүү, ден соолукту чыңдоо жана улуттук биримдикти бекемдөө, жаштарды колдоо багытында иш алып барууга багытталган [84; 151].

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 «2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү» аттуу документте мындай деп айтылат: «Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө жашоонун жаңы шарттарына ыңгайлашуу жолунда турат. Ата мекендик билим берүү системасы ыңгайлашуу шарттарында маанилүү ролду ойнойт, анткени адам капиталы жана анын ийкемдүүлүгү өлкөнүн өзгөрүп туруучу шарттарга келечекте ийгиликтүү өнүгүү жана ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүгүн аныктайт. Глобалдаштыруу шарттарында билим берүү системасы эл аралык билим берүү чөйрөсүнө кошулууда жана ата мекендик да, ошондой эле глобалдык эмгек рыногунда да суроо-талапка ээ болуучу адистерди даярдоого багытталууга тийиш. Ушуга байланыштуу билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн билим берүүнүн сапатына карата

талаптар жогорулайт; билим берүүнүн ар кандай деңгээлдеринде социалдык-эмоциялык/ийкемдүү көндүмдөрдү калыптандырууга муктаждык жогорулайт; билим берүүнүн мазмунуна глобалдык жарандуулук, толеранттуулук, маданияттар аралык коммуникациялар, көп тилдүү билим берүү ж.б. сыяктуу окутуунун натыйжалары киргизилет» [151].

2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында «Кыргыз жараны» деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы (2020)–бул Кыргызстандагы жарандардын улуттук аң-сезимин жана улуттук идентификациясын бекемдөө максатын көздөгөн стратегиялык документ болуп саналат. Концепциянын негизги максаты — жарандардын өз өлкөсүнө болгон жоопкерчилигин, улуттук биримдигин жана туруктуулугун жогорулатуу. Жарандардын өзүн Кыргыз Республикасын жана анын тарыхын таануу, сыйлоо жана ага адеп-ахлактык жактан жакшы мамиле түзүү аркылуу улуттук рухту күчөтүү–бул концепциянын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Бул концепция жарандардын өз өлкөсүнө болгон сүйүүсүн жана жоопкерчилигин арттыруу, улуттук аң-сезимин, патриоттук сезимдерин жана экологиялык жоопкерчилигин жогорулатуу аркылуу Кыргызстандын келечегине түздөн-түз таасир этүүчү маанилүү документ болуп эсептелет [154].

Адабий билим берүүнүн концепциясы (2021) Кыргыз Республикасындагы билим берүү тармагында олуттуу өзгөрүүлөрдү жана заманбап талаптарды эске алуу менен түзүлгөн документ болуп саналат. Бул концепциянын негизги максаты – мектепте окутулуучу адабият сабагынын мазмунун жана структурасын заман талабына жараша жаңылоо, ошондой эле улуттук жана адамзаттык баалуулуктарды сактоо, коомдун руханий жана адабий деңгээлин жогорулатуу. Мектепте окутулуучу адабият сабагынын мазмунун жаңылоо, улуттук жана адамзаттык баалуулуктарды сактоо, окурмандык маданиятты калыптандыруу жана дүйнөлүк стандарттарга ылайык билим берүү эң негизги максаттардын бири болуп саналат. Адабий

билим берүү аркылуу коомдун руханий тазалыгын сактоо жана жаш муундарды өнүктүрүү өлкөнүн келечеги үчүн абдан маанилүү[152].

Окутуу-тарбиялоо ишинде мамлекеттик маанилүү документтерди эске алуу, жаш муундарга адеп-ахлактык тарбия берүү жана дене тарбиясын өнүктүрүү билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттар болуу менен, Кыргыз Республикасында «кыргыз жараны» түшүнүгүнүн калыптанышы, улуттук нарктарды жаш муундун өкүлдөрүнө үйрөтүү, улуттук нарктык руханий жана материалдык маданиятыбызды сактоо, аларды кыргыз адабияты сабактарынын мазмуну менен айкалыштыруу аркылуу окуу материалдарынын мазмунун байытуу, аларды максаттуу колдонуу мектеп мугалиминин негизги милдеттеринен болуп саналат. Жогорудагы жарлыктар, концепциялар, өнүгүү программалары биздин ишибизди тереңдетүүгө жол көрсөтүүчү материал болуп берди.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясы тарабынан бекитилген нормативдик документтер. Алар Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» предметтик стандарты, ушул эле предмет боюнча окуу программалары [86;87;88].

Мамлекеттик предметтик стандартта мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун негизги максаттары жана милдеттери катары булар көрсөтүлөт:

**Адабиятты 5-9-класстарда окутуунун максаттары:**

– сабаттуу окурманды тарбиялоо жана мектеп окуучусунун адабий чыгармаларды окуу маданиятын өстүрүү;

– көркөм адабият жөнүндө сөз искусствосу катары түшүнүктөрүн калыптандыруу;

– натыйжалуу окурмандык чыгармачылыкка кызыктыруу, түрткү берүү.

**Адабиятты окутуунун милдеттери:**

– окуучуларды кыргыз жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу;

– алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө;

– мектеп окуучусунун окурмандык өнүгүүсүн камсыздоо [88,5].

**Адабиятты 5-11-класстарда окутуунун максаттары:**

– Кыргыз адабиятын окутуунун максаты – окуучулардын окурмандык маданиятын жана эстетикалык табитин өстүрүү, руханий-адептик сапаттарын өнүктүрүү, гуманисттик ойломун жана мекенчилдик, патриоттук касиеттерин, жарандык аң-сезимдүүлүгүн, атуулдук мобилдүүлүгүн, этникалык иденттүүлүгүн жана достук интернационалдык маданиятын, моралдык-этикалык менталитетин калыптандыруу.

– адабий чыгармаларды алардын өз ара байланышында системалуу түрдө окутуу;

– адабий процесс жана анын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү, адабий-көркөм стилдердин көп түрдүүлүгү тууралуу жалпы түшүнүк берүү;

негизги окурмандык компетенттүүлүктөрдү тереңдетүү жана жакшыртуу [88,5].

**Милдеттери:**

– окуучулардын дүйнөнүн жалпы картинасы, өткөн учурдун адабияты жана маданияты тууралуу түшүнүгүн калыптандырууга шарт түзүү;

адабий чыгарманы көркөм бүтүндүк катары талдоо жана чечмелөө билгичтиктерин жакшыртууга түрткү берүү;

– окуучуларды чыгармаларды түшүнүп билүүгө жана аңдоого, ар түрдүү темалардагы, жанрлардагы чыгармачылык жазуу иштерин жаратууга кызыктыруу.

Билим берүүнүн мамлекеттик стандартынан келип чыккан окуу программасында бул предметти окуп-үйрөнүү аркылуу төмөнкүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуу милдети коюлат [87,6].

**VI класстын окуучуларынын компетенттүүлүгүнө коюлуучу негизги талаптар**

**Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:**

- көркөм чыгармалардагы окуяларды жана сүрөттөөлөрдү көз алдыга элестетип, кайра айтып бере алуу;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын башкы каарманынын жүрүм-турумунун, ички толгонууларынын негизинде аны толук мүнөздөй алуу;
- башкы каармандын жүрүм-турумун, жорук-жосундарын бири-бирине салыштырып баа бере билүү (мугалимдин жетекчилиги жана жамааттташып аракеттенүү менен);
- троп жана анын түрлөрүн аныктай алуу;
- каармандарга берилген автордук көз караштЫ, бааны таба билүү; адабий чыгарманы тек, түр, жанрга карай көркөм окууга жетишүү; эпикалык чыгарманын бүт бөлүмү же үзүндүсү боюнча план түзө алуу;
- көлөмү чакан чыгарманы кеңири, кыска, тандалмалуу түрдө оозеки же жазма формада айтып, жазып бере алуу;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын тегерегинде суроолорго так, кеңири жооп  бере алуу;
- окуп-үйрөнүлүп жаткан чыгарманын айланасында турмуштук ой жүгүртө билүү;
- окулган адабий чыгарма жөнүндө өз алдынча (жеке мамилесин билдирүү менен) аңгеме куруп бере алуу;
- хрестоматиянын жана адабий китептердин маалымат берүүчү аппараттарынан пайдалана билүү;
- жаттоого берилген чыгармалардын тексттерин шыдыр, жатка айтуу 87,6].

**IX класстын окуучуларынын компетенттүүлүгүнө гоюлуучу негизги талаптар**

**Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:**

**Окуучулар:**

- чыгармалар жаралган тарыхый мезгилдин мүнөзүн сыпаттай алууну;

- акын, жазуучулардын кыскача чыгармачылык портретин оозеки жана жазуу түрүндө баяндай алууну;
- адабий-теориялык түшүнүктөрдү билүүнү жана аларды колдонуп, чыгармаларды талдай алууну;
- чыгарманын сюжетин жана композициясын талдай билүүнү;
- көркөм форманын жана мазмундун биримдигин талдап түшүнүүнү;
- көркөм чыгармага аннотация, рецензия жаза алууну;
- жазуучунун кыскача өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө ар кандай
- мүнөздөгү дилбаян, изложение жаза билүүнү;
- адабий чыгарма жөнүндө далилдүү реферат, доклад жаза билүүнү; көркөм чыгарманы тарыхый контекстте талдай алууну;
- үн кубултуп көркөм окууну
- билүүгө жана ошондой көндүмдөргө ээ болууга тийиш.

**X класстын окуучуларынын билимине жана билгичтигине, көндүмдөрүнө коюлуучу негизги талаптар**

- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын сюжетин, композициялык өзгөчөлүгүн; өздөштүрүлгөн чыгармалардын негизги идеялык-нравалык проблемаларын, башкы каармандын мүнөзүнүн типтүү (конкреттүү) тарыхый жана бүткүл адамзатка тиешелүү маанисин;
- теориялык түшүнүктөрдүн негизги белгилерин;
- кыргыз адабиятынын өнүгүш этаптарынын өзгөчөлүктөрүн билүү;
- көркөм чыгармадагы сүрөттөөлөрдү, окуяларды, айрым кырдаалдарды көз алдыга элестетип, оозеки айтып берүү, ошонун негизинде жазуучу сүрөттөп жазган турмуштун бүтүндөй сүрөтүн элестете алуу;
- чыгарманын идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүгүн эске алуу менен ага талдоо жүргүзүү; өтүлүп жаткан чыгарманын идеялык-нравалык проблематикасын ачуу (мугалимдин жетекчилиги астында);
- чыгарманын сюжет, композиция, образдар системасынын жана тил каражаттарынын өз ара биримдиктеги идеялык-көркөмдүк ролун аныктоо;

- чыгармада сүрөттөлгөн турмушка, каармандарга, окуяларга карата автордук мамилени аныктоо;
- окулган чыгармага далилдүү баа берүү;
- өз оюнун планын оозеки, жазуу жүзүндө түзүү;
- үйрөнүлгөн чыгарма боюнча (же бир нече чыгармага) проблемалык мүнөздөгү ой жүгүртүү сочинениесин жаза билүү, ошондой эле адабий-публицистикалык темада ой жүгүртүү;
- коомдук саясий, адабий сын макалалардын тезисин жана конспектисин түзүү;

окулган китептерге рецензия жазуу [87,6].

Жогоруда биз окуу программаларында Алыкул Осмоновдун поэмалары окутулган класстарды гана алдык. Бул жерде көрүнүп тургандай, мугалим окуучулардагы жогорудагы аты аталган компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу үчүн окутуу процессинде көркөм чыгармаларды тарыхый жана адабий контекстин түшүндүрүү, чыгарманын жанрын жана формасын талдоо, сюжетти жана композицияны талдоо, тематикалык жана моралдык көйгөйлөрдү талкуулоо, каармандардын мүнөздөрүн терең изилдөө, жазуу жана сүйлөө көндүмдөрүн өркүндөтүү, тарыхый жана адабий контекстте талдоо, окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү ж.б. эске алып алып окутуу зарыл болуп эсептелинет.

Мамлекеттик предметтик стандарттарда жана окуу программасында коюлган ушул талаптар биздин эмгекти жазуунун негизги материалдары жана критерийлери болду.

Эң негизги материалдар окуу китептеринен алынды. Алар төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

**Таблица 2.1.– Орто мектептердин VI, IX, X класстардын азыркы учурда колдонулуп жаткан негизги окуу китептери**

| класс | авторлор | окуу китептеринин аталышы |
|---|---|---|
| VI класс | А.Муратов, | Кыргыз адабияты |

| | | |
|---|---|---|
| | Б.Абдухамидова, К.Акматов | |
| IX класс | Б. Алымов, А. Муратов | Кыргыз адабияты |
| X класс | К.Асаналиев, С.Байгазиев, С.Жигитов, К. Иманалиев | Кыргыз адабияты |

Е) Окуу китептеринен сырткары окуу үчүн сунуш кылынган хрестоматиялар:

Кыргыз адабияты. 10-класстар үчүн хрестоматия. А. Муратов. (2005)

Кыргыз адабияты. Колледждин студенттери үчүн хрестоматия-окуу китеби. 1-2-бөлүм. А.Муратов, К.Исаков, К.Акматов (2018) ) [107,323];

Кыргыз адабияты. 5-класс үчүн окуу хрестоматиясы. Үкүева Б. К., Бөрүбекова Г. (2020) [145,8];

Кыргыз адабияты 10-класс үчүн хрестоматия. Үкүева Б.К. (2017) жыйнактарын кошууга болот [145, 272-273-бб].

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын V-XI класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасында (2018) Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасына VI класста 2 саат, IX класста өмүрү чыгармачылыгы тууралуу маалымат 7 саат, анын ичинде поэмаларына 3 саат, X класста акындын өмүрү жолу жана лирикалары, поэмаларына жалпы 7 саат берилген. Анын ичинде поэмаларына 3 саат бөлүшьүрүлгөн. Ал эми класстан тышкаркы окууга сунуш кылынган поэмалары «Карагул Ботом», «Майдын түнү» поэмалары – 2 саат, IX-X класста жазуу иштерине 4 саат берилген. Алар төмөндө таблица түрүндө берилет.

**Таблица 2.2. – Кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларына сааттардын бөлүштүрүлүшү.**

| Класстар | Поэмалары | Сааты |
|---|---|---|
| VI класс | «Толубай сынчы» | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| IX класс | «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» | 3 |
| X класс | «Жеңишбек», «Майдын түнү» | 3 |
| **Класстан тышкаркы окууга сунуш кылынган поэмаларынын сааттардын бөлүштүрүлүшү** | | |
| Класстар | Поэмасы | Сааты |
| VI класс | «Карагул» | 1 |
| IX класс | «Махабат» | 1 |
| **Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча жазуу иштерине (дил баян) сааттардын бөлүштүрүлүшү** | | |
| Класстар | Поэмасы | Сааты |
| XI класс | «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» (окуучунун тандоосу боюнча) | 3 |
| X класс | «Жеңишбек», «Майдын түнү» (окуучунун тандоосу боюнча) | 1 |
| Баары | | 14 саат |

Биздин изилдөөлөрдүн негизги материалдары мына ушул сааттарга бөлүнгөн окуу китептериндеги Алыкул Осмоновдун поэмалары. Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча бир катар алгылыктуу тажрыйбалар топтолгон.

Ошентип, биздин диссертациялык изилдөөгө материал болуучу каражаттар: орто мектептерде кыргыз адабияты предметинин мамлекеттик стандарты, окуу программалары, окуу китептери жана бул нормативдик документтерде окуп үйрөнүү үчүн сунуш кылынган Алыкул Осмоновдун поэмалары, алардын тексттери, ошол тексттерди талдоого алган адабият таануу жана окутуу проблемасын чагылдырган методикалык эмгектер.

### 2.2. Илимий изилдөөнүн методдору

Илим изилдөөнүн натыйжалуулугу изилдөө методдорун тандоодон жана өз орду менен пайдалануудан көз каранды. Эмгебизди жазууда биз алдыга коюлган милдеттерди чечүү үчүн тандап алган методдорду үч түрдүү классификацияладык. Биринчи методдор группасы – теориялык методдор. Бул багытта илимий жыйынтыктарды туура анализдөө жана корутундулоо үчүн төмөнкүдөй методдордун эффективдүү экендиги аныкталды:

- орто мектепте кыргыз адабиятынан Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүү үчүн алардын табиятын, жанрдык өзгөчөлүктөрүн, стилин жана поэтикасын чагылдырган философиялык, эстетикалык, адабият таануучулук багытындагы методологиялык адабияттарды талдоо жана аларды колдонуу;
- орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу багытындагы дидактикалык, психологиялык эмгектерди үйрөнүү, аларга теориялык анализ берүү жана илимий изилдөөдө пайдалануу;
- орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча мугалимдердин методикалык иш тажрыйбаларын үйрөнүү, талдоо жана жыйынтыктоо, иште колдонуу.

Мындай илимий жыйынтыктарды алуу үчүн жалпы теориялык төмөнкүдөй методдор колдонулду:

1. Анализ жана синтез; илимий ой жүгүртүүлөрдү жекелештирүү жана жалпылоо; изилдөө ишин эффективдүү жүргүзүү үчүн материалдарды салыштыруу жана интерпретациялоо; ишти моделдөө, долборлоо ж.б. жалпы логиканын методдору.

2. Изилдөөгө ылайык келген илимий адабияттарга анализдөө жана контент-анализ жүргүзүү; педагогикалык процессти байкоо; тажрыйбаларды үйрөнүү жана аларды эмгекти жазууда пайдалануу ж.б. жалпы илимий методдор.

3. Мугалимдерди жана окуучуларды тема боюнча сурамжылоого тартуу; мугалимдер, окуучулар менен аңгемелешүү жана алардан интервью алуу, алардан Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча мамилесин билүү үчүн алар менен баарлашуу ж.б. социологиялык методдор ж.б.

*Экинчи методдор группасы – эмпирикалык методдор.* Бул багытта илимий жыйынтыктарды туура анализдөө жана корутундулоо үчүн төмөнкүдөй жөнөкөй (эмпирикалык) методдор колдонулду: мыйзамдарды, жарлыктарды үйрөнүү; окуу-нормативдик материалдарын (мамлекеттик стандарт, окуу планы, окуу программасы, мектеп документациялары ж.б.) талдоо; мугалимдердин сабактарын жана класстан тышкаркы иштерин анализдөө жана жалпылоо; тест жүргүзүү; акындын өмүрү чыгармачылыгына арналган адабий-музыкалык иш-чараларга катышуу; окуучулардын оозеки жана жазуу иштеринин жоопторун баалоо жана талдоо ж.б.

*Үчүнчү методдор группасы – эксперименталдык методдор (Бул тууралуу атайын кийинки парагафта кеңири токтолуп өтөбүз).*

*Изилдөөнүн методологиялык негиздерин үйрөнүү, б.а., илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу методу.*

**Изилдөөнүн теориялык методдору**

**Изилдөөнүн методологиялык негиздерин үйрөнүү, б.а., илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу методу.** Бул багытта эмгектердин биринчи тобу илимий изилдөөлөрдүн бардыгы үчүн негиз болгон таанып-билүүнүн табиятын жана мыйзамченемдүүлүктөрүн көрсөтүп берген жалпы философиялык эмгектер. Аларга орус адабиятынын окутуунун методикасында анын ичинде поэмаларды окутуу проблемасы Ф. И. Буслаев (1956), В. И. Водовозов (1958), В. Я. Стоюнин (1954), В. П. Острогорский (1985), А. П. Кватковский (1966), В. В. Голубков (1962), В. А. Роткович (1976), Л. И. Тимофеев (1974), Г. Л. Абрамович (1975), З. Я. Рез (1977), Н.А. Гуляев (1985), М. А. Рыбникова (1963) эмгектеринде каралган [150, 35-36-бб].

Кыргыз Республикасында билим берүүнү инновациялоо, азыркы учурга ылайык модернизациялоо, педагогикалык илимдердин дүйнөлүк өнүгүү багыттарына таянып жаңылоо маселелери боюнча И. Б. Бекбоев, А.Ж. Муратов, С. О. Байгазиев, Э. М. Мамбетакунов, Н. Ишекеев, Б. М. Акматов, К. Д. Добаев, Н. А. Ахметова, М. Х. Манликова ж.б. жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуу китептеринин мазмунун, илимий-методикалык базасын

жаңылоо, жаңы муунга окуу китептерин түзүү аркылуу инновациялоо боюнча С. О. Байгазиев, И. Б. Бекбоев, Н. Ишекеев, А. Ж. Муратов, Ж. А. Чыманов, С. Т. Батаканова, С. К. Рысбаев, С. Момуналиев, Б.Үкүева, С.С. Сакиева, А. С. Мукамбетова, К.К. Акматов ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде көркөм адабияттын табиятын, анын адамдын аң-сезимине, ой жүгүртүүсүнө таасирин, коомдогу адабияттын, анын ичинде көркөм образдын окурманды өзгөртүүчү касиетин аныктап беришкен эмгектерде көрсөтүлгөн. Биз ошол эмгектерде чагылдырылган теориялык корутундуларды үйрөнүп, диссертациябызда алардын жоболорун пайдаландык [101, 84-85-бб].

Жалпы поэмалары окутуу боюнча анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу К. Иманалиев Б. Алымов А. Сакеев О. Сооронов Н. Ишекеев, Т. Мусанбетов, А. Ж. Муратов Ж. А. Эшиев, Р. Ж. Дөөлөтбакованын А. Б. Батыркулова эмгектериндеги поэмаларды окутуу боюнча изилдөөлөрү биздин илимий изилдөөбүздү жазууда колдонулду. *(Булар тууралуу диссертациянын 1-бөлүмүндө кеңири токтолгонбуз).*

**Аңгемелешүү методу.** Бул метод аркылуу биз окуучулар менен аңгемелешүү жүргүзүп төмөнкүдөй проблемалары аныктадык: окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларына кызыгууларын; окуучулардын акындын поэмаларына таанышуусунун мотивацияларын; поэма менен ырларды айырмалай алышын; поэмада көтөрүлгөн проблемалар окуучулардын азыркы күндөгү реалдуулук жана кызыкчылыктарына ылайык келиши; окуучулар Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы поэтикалык тилди, көркөм тилдик каражаттарды түшүнүүдө кыйынчылыкка дуушар болушу; окуучулар акындын поэмаларына негизделген маданий жана тарыхый аспектилер боюнча жетиштүү билимге ээ болушу; Алыкул Осмоновдун поэмаларын салттуу ыкмалардын жана окутуунун жаңы технологияларынын колдонулушу; ж.б.

Аңгемелешүү аркылуу жүргүзүлүп, аныкталган проблемалар азыркы күндөгү окуучулардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын эске алуу менен Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун кыйла натыйжалуу

ыкмаларын андан ары талдап, иштеп чыгууга негиз боло алат. Ошондой эле илимий иштин материалдарын топтоодо кызыктуу жана жөнөкөй метод болуп, ал методду аткарууга мугалимдерди да, окуучуларды да тартууга болот.

Аңгемелешүүнүн жыйынтыгы – а) окуучулардын өз алдынча чыгармачылык жана чечмелөө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу поэмаларды окууга болгон мотивациянын төмөндөтөт; б) акындын поэмаларындагы көркөм тилдик каражаттарды түшүнүүдө кыйналышат; в) окуучулар акындын поэмаларына негизделген маданий жана тарыхый аспектилер боюнча жетиштүү билимге ээ болбогондуктан, аларды толук түшүнбөйт; г) окуучулар поэмаларды окутууда ар дайым эле салттуу ыкмалар тексттерди терең түшүнүүгө жана кызыгууга түрткү бербеши; д) поэмаларды окутууда ар дайым эле салттуу ыкмалар окуучулардын тексттерди терең түшүнүүгө жана кызыгууга түрткү бербейт ж.б.

***Практикалык тажрыйбаларды талдоо, жалпылаштыруу*.**

Педагогикалык изилдөө жүргүзүүдө эң эле пайдалуу болгон бул метод биздин эмгекте да кеңири пайдаланылды. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча методисттер Б. Алымов А. Сакеев, А.Ж. Муратовдун, О. Сооронов Н. Ишекеев, Т. Мусанбетов, А. Ж. Муратов Г. Ж. Орозова, Ж. А. Эшиев, Р. Ж. Дөөлөтбакованын А. Б. Батыркулова тажрыйбаларын жыйынтыктоо жана жалпылоо менен изилдөөбүздүн практикалык багытын жана негиздүүлүгүн ишке ашырдык.

Изилдөөнүн натыйжалуулугун бекемдөө максатында көпчүлүк учурларда анкета алуу, суроо-жооп методдорун да колдондук. Суроо-жооп көбүнчө аңгемелешүү, суроолорго жооп алуу, тигил же бул кырдаалды, көйгөйдү чечүүгө карата пикир алышуу, ой бөлүшүү түрүндө жүргүзүлдү. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окуткан 28 мугалимге төмөнкүдөй суроолор жазылган анкеталар таркатылды.

**Таблица 2.3 – Кыргыз адабияты мугалимдерине Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча таратылган анкеталар**

| **Анкеталардын катары** | **Анкеталардын суроолору** |
|---|---|
| Анкета №1 | Алыкул Осмоновдун поэмаларынын сабакта окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучунун алдында кандай кыйынчылыктар жаралды? |
| Анкета №2 | Кыргыз адабияты окуу китептеринде акындын поэмасы окутулуп бүткөн соң, берилген суроо-тапшырмалар канчалык деңгээлде жөнөкөй жана татаал? |
| Анкета №3 | Окуу программадагы акындын поэмаларына каралган сааттар жетиштүүбү? |
| Анкета №4 | Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууну жакшыртуу боюнча сунуштар? |

**Таблица 2.4. – Окуучуларга (баары – 662 окуучу, 6-класс) Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча таратылган анкеталар**

1. Мектеп, классы

   ________________________________________________

2. Ыр менен кара сөздүн айырмасы кандай?
3. Буга чейин Алыкул Осмоновдун поэмалары тууралуу билчү белең?

   Ооба

   Жок

4. Ооба болсо, ал тууралуу кандай маалыматың бар?
5. Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөнүүдө эмнени күтөсүң?

   ________________________________________________

   ________________________________________________

6. А.Осмонов кайсы элдик чыгарманы поэма кылып иштеп чыккан?

   ________________________________________________

7. Акындын кандай ыр жыйнактарын билесиңер?

   ________________________________________________

**Таблица 2.5. – Окуучуларга (баары – 662 окуучу, 9-10-класстар) Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча таратылган анкеталар**

| Анкеталардын катары | Анкеталардын суроолору |
|---|---|
| Анкета №1 | Алыкул Осмоновдун кайсы поэмасы көбүрөөк эсиңде калды жана эмне үчүн? |
| Анкета №2 | Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы негизги ойлорду жана мотивдерди жөнүндө айтып бере аласыңбы? |
| Анкета №3 | Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы кайсы образдар же символдор сага көбүрөөк таасир калтырды? |
| Анкета №4 | Алыкул Осмоновдун поэмаларын сен эмнелерди түшүнбөй жатасың? |
| Анкета №5 | Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы көтөрүлгөн проблемаларды азыркы замандын көйгөйлөрү, коомдун маселелери менен кантип байланыштыра аласың. |

Мындай анкеталардын жооптору эмгегибизде анализденип, анан жалпы жыйынтык чыгарууда пайдаланылды.

**Моделдештирүү методу.** Бул метод боюнча биз илимий иштин жалпы контрларын белгилеп, кичирейтилген үлгүсүн (моделин) көрсөтүп бердик.

**Таблица 2.6. – Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун компоненттери**

| | |
|---|---|
| **Максат** | Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүүнүн негизги мазмунун, максатын аныктоо, аларды окутуунун технологияларын илимий-теориялык багытта иштеп чыгуу жана алардын эффективдүүлүгүн педагогикалык тажрыйбалар аркылуу сынактан өткөрүү. |
| **милдет** | Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун тарыхын, өзгөчөлүктөрүн аныктоо.<br>Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүү багытындагы педагогикалык, психологиялык, адабият таануу боюнча эмгектерди талдоо, бул теманын изилдениш тарыхына кыскача обзор жүргүзүү.<br>Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун оптималдуу ыкмаларын жана жолдорун аныктоо, алардын инновациялык технологияларын иштеп чыгуу жана практикага сунуштоо.<br>Иштелип чыккан сунуштарды педагогикалык |

| | |
|---|---|
| | тажрыйбада текшерип көрүү. |
| **Каражаты** | Орто мектепте кыргыз адабияты сабагында окутулчу Алыкул Осмоновдун поэмалары |
| **Формалар** | Адабият сабагы |
| **Методдор** | Концептуалдык таблица, жеңил жана оор суроолор, үч баскычтуу күндөлүк, фишбоун, божомол таблицасы. Төрт сүрөттөн бир тапшырма, чейин/ кийин, кара, ойлон, суроо бер? ыкмалары.<br>Чыгарманы педагогикалык жактан интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», («педагогикалык талдоо») ж.б. технологиялар менен окутуунун жолдору, ыкмалары, жүрүшү чагылдырылды ж.б. |
| **Натыйжа** | ✓ Окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын түшүнүү, талдоо деңгээлинин жогорулашы.<br>✓ Окуучулар Алыкул Осмоновдун поэмаларын идеяларын, поэтикасын оозеки жана жазуу кебинде көп пайдаланып калышы.<br>✓ Алыкул Осмонов жана анын поэмалары жөнүндө дагы тереңирээк билиши.<br>✓ Акындын поэмалары боюнча өз алдынча чыгармага жаратууга үйрөтүү. |
| **Жыйынтыгын текшерүүнүн чен-өлчөмү** | ✓ Окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын түшүнүү компетенттүүлүгүн байкоо.<br>✓ Окуучулардын А.Осмоновдун поэмаларындагы оригиналдуулук жана новаторлукту билүүсү.<br>✓ Окуучулардын фантазиясынын жогорулагындыгын сезүү.<br>✓ Окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмалары аркылуу тилдик компетенттүүлүгү өскөндүгүн байкоо.<br>✓ Окуучулардын кыргыз элинин этномаданиятын терең түшүнө баштаганын аңдоо.<br>✓ Суроо жана тапшырмалар аркылуу окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча билимин жана компетенттүүлүктөрүн текшерүү ж.б. |

Белгилеген компоненттердин негизинде окутуу орто мектепте кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун модели түзүлдү.

**Таблица 2.7. – Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары менен окутуунун модели**

<table>
<tr><td colspan="4">Максаты: Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун натыйжалуу ыкмаларын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу жана аларды сынактан өткөрүп, практикага сунуштоо.</td></tr>
<tr><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="4">Милдети: Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүүдөгү окутуунун технологияларынын дидактикалык принциптерин, методдорун, каражаттарын, натыйжаларын аныктоо.</td></tr>
<tr><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="2">Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялар менен окутуунун дидактикалык принциптери:<br>илимийлүүлүк;<br>жеткиликтүүлүк;<br>практика менен байланыштуулук;<br>көрсөтмөлүүлүк;<br>бышыктык;<br>топтук жана жекелик мамиле;<br>гумандуулук;<br>табийгыйлык ж.б.</td><td colspan="2">Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары:<br>деңгээлдик ыкма,<br>дифференциация,<br>педагогикалык интерпретациялоо,<br>топтор менен иштөө,<br>изилдөө, чейин/кийин ыкмасы,<br>төрт сүрөттөн бир тапшырма усулу,<br>үч бөлүктүү күндөлүк, фишбоун ж.б.</td></tr>
<tr><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="4">Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары менен окутууда окуучулар жетишкен компетенттүүлүктөр</td></tr>
<tr><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td>Алыкул Осмоновдун поэмаларынын новаторлук өзгөчөлүктөрүн билүү; Алыкул Осмоновдун поэмаларын сюжет, тематик, боюнча талдай алуу</td><td>Алыкул Осмоновдун поэмалары тууралуу адабий-теориялык билимге жетишүү ж.б.</td><td>Алыкул Осмоновдун поэмаларынын идеяларын турмушуна пайдалана алуу, поэтикасын кебинде пайдалануу ж.б.</td><td>Алыкул Осмоновдун поэмаларынан таасиринен улам эстетикалык табити, эмоционалдык сезими жогору, таалим-тарбиялуу болуу ж.б.</td></tr>
<tr><td colspan="4">Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары менен окутуунун натыйжасы</td></tr>
</table>

Жогорудагы көрсөтүлгөн моделде изилдөөбүздүн максат-милдеттери, дидактикалык принциптери, жаңы технологиялар менен окутуунун негизги

методикасы, окуучулар жетишкен компетенттүүлүктөр жана алынган натыйжалар кыскача, модель формасында чагылдырылды. Технологияларды белгиленген теориялык методдордон башка да диссертацияны жазууда анализ жана синтез, интерпретациялоо, индукция, дедукция, жалпылоо жана системалаштыруу, типологиялык байланыш түзүү, ж.б. теориялык методдор колдонулду.

### 2.3. Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары

Билим берүү процессинин сапатын жакшыртуу жана натыйжалуулугун арттыруу максатында, билим берүү системасына ар кандай өзгөртүүлөр киргизилип келет. Бул өзгөртүүлөрдүн эң негизги аспектиси – окуу процессинин методикасын жана структурасын жаңылоо, окутуу методикаларын инновациялоо, ыкмалар жана технологиялардын натыйжалуулугун илимий негизде анализдөө, эксперименттерди өткөрүү аркылуу билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу болуп саналат [90, 20-б.].

Биздин илимий изилдөөнүн эксперименттин жүрүшүндө орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча окуу-тарбия иштерине киргизилген жаңылыктардын натыйжалуулугу текшерилип, алардын ичинен эң оптималдуу деп эсептелингени тандалып алынды. Экспериментти ишке ашырууда байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, окшоштук, сурамжылоо, анкета жүргүзүү, тестирлөө ж.б. методдорунун тобун колдондук. Мына ошонун негизинде педагогикалык процесске жаңычыл усулдарды, стратегияларды, ыкмаларды жана каражаттарды сунуштай алдык жана аларды натыйжалуу ишке ашыруу үчүн педагогикалык шарттарды түздүк.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош шаарындагы №52 Кыргыз-Түрк достугу мектеп-лицейи, Кара-Суу районундагы Шабы Жумаев атындагы № 130, Өзгөн районундагы № 26 Полот Жолдошов атындагы орто

мектептери, Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районундагы Ж.Бөкөнбаев жатак-гимназиясы тандалып алынды.

Ар бир мектептен эксперименттин жүрүшүндө экиден класс (эксперименттик класстар жана байкоочу класстар) тандап алынды.

Эксперимент орто мектептерде 2017-2023-жылдарды өз ичине камтып, үч этапта жүргүзүлдү.

**Таблица 2.8. – Эксперименттик иштин аныктоочу (констатациялоочу) биринчи этабы (2017-2019-жылдар)**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | ✓ орто мектепте, анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын окутуунун абалын, проблемаларын, окуу программаларын, окуу китептерин жана методикалык камсыздалышын аныктоо, аларды талдап, жалпылаштыруу, илимий иш жазуу үчүн тыянактарды чыгаруу;<br>✓ диссертациянын эксперименталдык негизин, максат-милдеттерин, методдорун, эксперименталдык базаларды тактоо;<br>✓ эксперименттин моделин түзүү;<br>✓ эксперименттин жыйынтыгын чыгаруу үчүн диагностикалык баалоонун критерийлерин иштеп чыгуу ж.б. |
| **Милдети** | педагогикалык эксперимент уюштуруунун каражаттарын, методдорун, ык-жолдорун аныктоо жана аларды өркүндөтүү. |
| **Изилдөөнүн методдору** | ✓ анкета алуу пикирлерди жалпылаштыруу; окуучулар жана мугалимдер менен баарлашуу; сабактарга катышуу;<br>✓ окуучулардын оозеки жана жазуу кебин талдоо;<br>✓ мектеп документтерин анализдөө; |

| | |
|---|---|
| | ✓ мыйзамдарды, окуу пландарын, окуу программаларын,<br>✓ окуу китептерин темага байланыштуу талдоо;<br>✓ тест;<br>✓ байкоо;<br>✓ рейтинг;<br>✓ математикалык-статистикалык жолдор менен эсептөөлөр ж.б. |
| **Натыйжалары** | ✓ Орто мектепте кыргыз адабиятын, анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары менен окутуунун жогорку деңгээлде эместиги аныкталды.<br>✓ Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын окутуу боюнча мугалимдердин компетенттүүлүктөрү изилденди.<br>✓ Орто мектептерде кыргыз адабиятын, анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялар менен окутуунун натыйжалуу экендиги белгиленди. |

Биринчи этапта сурамжылоого 662 окуучу катышып, орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун учурдагы абалы изилденди. Бул абалды аныктоо үчүн төмөнкүдөй чен-өлчөмдөр пайдаланылды.

1. «Поэма» жөнүндө түшүнүк?

2.Алыкул Осмоновдун кайсы поэмаларын билесиң?

3.Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы көтөрүлгөн проблемалар? деген үч суроо жазылган анкета VI класстын 255 окуучусуна, IX класстын 239 окуучусуна, X класстын 168 окуучуусуна таркатылып, алардан алынган (жалпы 662 окуучу) жооптор талдоого алынды.

1.Алыкул Осмоновдун поэмаларынын башка поэмалардан айырмаларын аңгемелешүү жолу менен белгиледик.

2.Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча окуучулардын оозеки жана жазуу иштери талданып, бааланды.

3. Окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөнүп, аларды практикада колдоно алуу компетенттүүлүктөрү анализге алынды ж.б.

Эксперимент жүргүзүү үчүн алынган орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуучулардын кабыл алуу, өздөштүрүүсүнүн деңгээли төмөнкүдөй аныкталды.

**Таблица 2.9.– Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуучулардын өздөштүрүү деңгээли (мында класстар текшерүү жана эксперименталдык болуп бөлүнө элек, баары – 662 окуучу).**

| № | мектептер, окуучулардын саны | деңгээлдер(% менен) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жогорку | орто | төмөнкү |
| 1 | №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи | 22 | 50 | 28 |
| 2 | Ш. Жумаев ат. №130 орто мектеби | 21 | 55 | 24 |
| 3 | П. Жолдошов атындагы №26 орто мектеби | 18 | 54 | 28 |
| 4 | Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 19 | 56 | 25 |
| | Жалпы (орточо) | 18,2 | 55,8 | 26 |

Таблицада байкалып тургандай, окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүүдө жогорку деңгээли – жалпысы 18,2 пайыз (анын ичинен Ош шаарындагы №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицей – 22**%**, Кара-Суу районундагы Ш. Жумаев ат. №130 орто мектеп – 21**%**, Өзгөн

районундагы П. Жолдошов атындагы №26 орто мектеп – 18%, Жалал-Абад областындагы Ж. Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназия – 19%) орто деңгээл – 55,8 төмөнкү деңгээл – 26% пайыздык көрсөткүчтөрдү түздү.

**Таблица 2.10. – Окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча билим деңгээлинин көрсөткүчтөрү, компетентүүлүктөрү жана алардын критерийлери (20 баллдык баалоо системасы аркылуу)**

| № | Деңгээлдер | Чен-өлчөмдөрү (критерийлери) |
|---|---|---|
| **1** | **Жогорку (16-20 балл)** | окуучу поэманын негизги темасын жана сюжеттин так айта алышы;<br>окуучу поэмадагы көркөм тилдик каражаттарды, көөнөргөн сөздөрдү толук чечмелей алышы;<br>поэманын негизинде жазуу иштерин (дилбаян, эссе) сабаттуу жаза алат. |
| **2** | **Орто (12-15,9 балл)** | окуучу поэманын негизги темасын жана сюжеттин айтып берүүдө кээ бир так эместиктерди кетирип коет;<br>окуучу поэмадагы көркөм тилдик каражаттарды, көөнөргөн сөздөрдү чечмелегенде так эместиктерди кетирет;<br>поэманын негизинде жазуу иштерин (дилбаян, эссе) жазууда бир аз жетишпестиктерге учурайт. |
| **3** | **Ортодон төмөн (8-11,9 балл)** | окуучу поэманын негизги темасын жана сюжеттин жарым-жартылай айта алат;<br>окуучу поэмадагы көркөм тилдик каражаттарды, көөнөргөн сөздөрдү жарым-жартылай чечмелей алышы;<br>поэманын негизинде жазуу иштери жа (дилбаян, эссе) өз оюн бере албайт; |
| **4** | **Төмөн (0-7,9 баллдан** | окуучу поэманын негизги темасын жана сюжеттин толук айта албайт; |

| | | |
|---|---|---|
| | **төмөн)** | окуучу поэмадагы көркөм тилдик каражаттарды, көөнөргөн сөздөрдү чечмелей албайт;<br>поэманын негизинде жазуу иштери (дилбаян, эссе) жаза албайт. |

Мындай төмөнкү көрсөткүчтөрдүн себебин аныктоо үчүн 28 мугалимди сурамжылоого катыштырдык жана алардын сабактарын, класстан тышкаркы жүргүзгөн жумуштарын, Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууга компетенттүүлүктөрүн аныктадык. Аларды аныктоонун чен-өлчөмдөрү:

1. Мугалимдердин Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча сабактарына катышып, аларды окутуунун технологияларын колдонуу учурларын талдоого алдык.

2. Мугалимдер менен бизди кызыктырган проблема боюнча оозеки аңгемелештик жана анкеталарга жоопторун алдык.

3.Мугалимдердин сабактын иштелмелерин, докладдарын долбоорлорун ж.б. иштерин талдоого алып, алардан жыйынтык чыгардык.

Талдоонун жыйынтыгынан улам орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын колдонуп окутуунун өз деңгээлинде эмес экендиги жана анын себептери аныкталды.

**Таблица 2.11. – Орто мектепте окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү деңгээлинин жогору болбой жатышынын себептеринин мугалимдердин (баары – 28 мугалим) ишмердүүлүгүнөн улам аныкталышы.**

| № | Себептер | Жооптор (% менен) |
|---|---|---|
| **1** | Мугалимдердин кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун өмүрү жолу, ырларына гана окутууга көңүл бурулуп, поэмаларына үзүл-кесил токтолгондугу | 30 |

| | | |
|---|---|---|
| **2** | Орто мектептерде мугалимдердин сабактарда окутуунун усулдарын, технологияларын, стратегияларын, ыкмаларын бир жактуу колдонулбагандыгы, айрым мугалимдердин бул жагынан маалыматсыздыгы | 25 |
| **3** | Мугалимдер Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы окуянын тарыхы, маданияты, психологиясы боюнча терең билимге ээ болбогондугу, азыркы күндөгү окуяларга салыштыруу жоктугу | 20 |
| **4** | Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча боюнча окуу-методикалык колдонмолордун аздыгы | 13 |
| **5** | Дагы башка себептерди атагандар | 12 |

Бул аныктоолорго 28 мугалим катышуу менен Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча мугалимдердин кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун өмүрү жолу, ырларына гана окутууга көңүл бурулуп, поэмаларына үзүл-кесил токтолгондугу 30%, орто мектептерде мугалимдердин сабактарда окутуунун усулдарын, технологияларын, стратегияларын, ыкмаларын бир жактуу колдонулбагандыгы, айрым мугалимдердин бул жагынан маалыматсыздыгы 25%, мугалимдер Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы окуянын тарыхы, маданияты, психологиясы боюнча терең билимге ээ болбогондугу, азыркы күндөгү окуяларга салыштыруу жоктугу 20%, мектеп китепканаларында Алыкул Осмоновдун поэмалары окутуунун технологиялары боюнча окуу-методикалык колдонмолордун аздыгы 12%, ж.б. себептери 10% болду да, бир катар проблемалар жана алдыда иштей турган иштерибиз такталды.

Эксперименттик иштин калыптандыруучу экинчи этабында төмөнкүдөй иштер аткарылды.

Эксперименттик иштин калыптандыруучу экинчи этабында төмөнкү иштер жүргүзүлдү.

**Таблица 2.12. – Эксперименттин иштин изденүүчү (калыптандыруучу) экинчи этабы (2019-2021-жылдар)**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | ✓ сунушталган методдордун, иштелип чыккан сабактын үлгүлөрүнүн окуу процессиндеги майнаптуулугун текшерип чыгуу;<br>✓ эксперименттин жыйынтыгы менен алынган деңгээлдерди аныктоо;<br>✓ натыйжаларды илимий жактан мүнөздөө;<br>✓ окуучуларды контролдук жана эксперименталдык топторго бөлүштүрүү, бөлүштүрүүнүн чендерин жана себептерин көрсөтүү. |
| **Милдети** | ✓ Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда мугалимге зарыл теориялык жана практикалык жардамдарды аныктоо;<br>✓ окуучулардын көркөм чыгармаларга кызыгуулары, темаларды өздөштүрүүгө карата суроо-талаптары боюнча маселелерди табуу. |
| **Изилдөөнүн методдору** | ▪ жалпылаштыруу жана жекелештирүү;<br>▪ баарлашуу;<br>▪ талдоо;<br>▪ анализ;<br>▪ синтез;<br>▪ долбоорлоо;<br>▪ интерпретациялоо;<br>▪ тестирлөө;<br>▪ математикалык-статистикалык эсептөө;<br>▪ моделдештирүү ж.б. |
| **Натыйжалары** | ✓ орто мектепте кыргыз адабиятын окуткан мугалимдерге берилүүчү теориялык жана |

| | |
|---|---|
| | практикалык жардамдар негизинен аныкталды;<br>✓ Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын критерийлери, натыйжалуу методдору белгиленди. |

Бул мезгилде биз тандап алган мектептерде окуучулар байкоо жана тажрыйба топторго бөлүндү.

Тажрыйба жүргүзүүчү класстарга методикалык иш-аракеттерди өзүбүз жүргүзүп турдук. Алар төмөнкүлөр болду:

- мугалимдин окуучулардын жаш курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуусу үчүн педагогикалык жана жалпы психологиялык адабияттар менен үзгүлтүксүз таанышып туруусу;
- окуучуларды Алыкул Осмоновдун поэмаларын окууга кызыгуусун арттыруучу иш-чаралар (илимий-практикалык конференциялары; Алыкул Осмоновдун замандаштары жана анын өмүрү чыгармачылыгын изилдеген инсандар менен тааныштыруу; поэмаларды сахналаштыруу; акындын атын алып жүргөн мектеп, китепкана, көчө, мамлекеттик сыйлыктар боюнча маалымат берүү; акындын бейнесине арналган автордук ырларды жазуу, илимий кыска мөөнөттүү долбоолорду даярдоо ж.б.) уюштурулду.
- мугалимдин Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча колдонгон усул, ыкма, окутуу технологияларын жаңылоо;

Ушундай жигердүү иш аракеттерди эки жыл аралыгында Алыкул Осмоновдун VI класста «Толубай сынчы», XI класста «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер», X класста «Жеңишбек», «Майдын түнү». Класстан тышкаркы окутуу боюнча «Карагул», «Махабат» поэмалары. Ошондой эле акындын поэмаларын окутууда жазуу иштерин (дилбаян, баяндама, эссе ж.б.) жүргүзүү иштерин окутуу процессинде колдондук.

Орто мектептердин VI, IX жана X класстарында эки жыл бою төмөнкүдөй сынактар өткөрүлүп, анын жыйынтыгын алуу үчүн иштер

жүргүзүлдү. Жалпы 662 окуучу менен жүргүзүлгөн тажрыйбада мындай милдеттерди аныктоо багытында болду:

- окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын сюжетин, мазмунун айтып берүү деңгээли;
- окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларынын тема, идеясын көрсөтө алуусу;
- окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын каармандарын мүнөздөй алышы, башка акын-жазуучулардын чыгармаларындагы каармандарга салыштыра алуусу;
- окуучулардын окулган поэмалардан үйрөнгөн көркөм сөз каражаттарды оозеки жана жазуу кебинде колдоно билүүсү;
- окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларынын негизинде чыгармачыл жазуу иштерин жүргүзө алуусу;
- окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча чыгармачыл иштерди сүрөт, анимация, автордук ыр, сахналаштыруу ж.б. жүргүзө алуусу.

Окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо үчүн суроолор-тапшырмалар берилди, анкеталарга жооптор алынды, алардын оозеки жана жазуу иштери талданды: 16-20 балл – жогорку деңгээл, 12-15,9 балл – орто деңгээл, 8-11,9 ортодон төмөн, 0-7,9 балл төмөн деңгээл деп, 20 баллдык эреже кабыл алынды.

**Таблица 2.13. – Эксперименттин иштин текшерүүчү (материалды жалпылоо жана жыйынтыктоо) үчүнчү этабы (2021-2023-жылдар)**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | ✓ эксперименттин соңку натыйжаларын талдоо жана жыйынтыктоо;<br>✓ изилдөөнүн негизинде илимий-методикалык сунуштарды толуктоо;<br>✓ түзүлгөн моделдин натыйжалуулугун текшерүү;<br>✓ изилдөөнүн негизги илимий жыйынтыктарын диссертация катары жазуу;<br>✓ иш боюнча толуктоолорду жана сунуштарды дагы |

| | |
|---|---|
| | бир жолу киргизүү. |
| **Милдети** | ✓ орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын менен окутуу боюнча иштелип чыккан үлгүлөр менен сабак өтүү, алардын жыйынтыктарын талдоо;<br>✓ тема боюнча илимий-методикалык макалаларды жарыялоо;<br>✓ мугалимдерге теориялык жана практикалык жардам көрсөтүү үчүн ачык сабактарды, семинар-тренингдерди өтүү. |
| **Изилдөөнүн методдору** | ▪ анализ жана синтез;<br>▪ жалпылоо жана системалаштыруу;<br>▪ салыштыруу;<br>▪ анкета берүү;<br>▪ тест алуу;<br>▪ рейтинг;<br>▪ жазуу иштери (дил баян, эссе, макала ж.б.);<br>▪ өзүн-өзү баалоо;<br>▪ математикалык жана статистикалык эсептөөлөр ж.б. |
| **Натыйжалары** | ✓ орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча оптималдуу деп эсептелген материалдар тандалып алынды;<br>✓ Алыкул Осмоновдун поэмаларын заманбап технологиялар, анын ичинде видео жана аудио жазуу, театр, фильм, анимация ж.б. техниканын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуу, интернетти пайдалануу оң натыйжа берери аныкталды;<br>✓ окуучулардын кыргыз маданиятын, тарыхын билүүсүнө Алыкул Осмоновдун поэмалары өзгөчө |

| | |
|---|---|
| | эффективдүү экендиги далилденди ж.б. |

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары сапаттык жана сандык негизде талданып, талкууланды. Бул этапта жүргүзүлгөн тажрыйбалардын материалдары кенен масштабда изилденип, жалпыланып, математикалык-статистикалык метод менен жыйынтыктар чыгарылды. Алар төмөнкү таблицаларда көрсөтүлдү.

**Таблица 2.14. – Тажрыйба (эксперименталдык – тт) жана байкоо (контролдук – бт) класстарда (6-класстын 255 окуучусунун мисалында) окутулган Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окуучулардын өздөштүрүү деңгээли (% менен).**

| | **Мектеп** | **класс түрү** | **жогорку** | **орто** | **төмөн** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи | **тт** | 27 | 40 | 33 |
| | | **бт** | 24 | 39 | 37 |
| **2** | №130 Ш.Жумаев ат. орто мектеп | **тт** | 30 | 35 | 35 |
| | | **бт** | 26 | 34 | 40 |
| **3** | №26 П.Жолдошов ат. орто мектеби | **тт** | 27 | 35 | 42 |
| | | **бт** | 22 | 38 | 40 |
| **4** | Ж.Бөкөнбаев ат. жатак-гимназиясы | **тт** | 31 | 34 | 36 |
| | | **бт** | 28 | 32 | 40 |
| | **орточо** | **тт** | **29,4** | **36,2** | **34,4** |
| | | **бт** | **25,1** | **35,6** | **39,3** |

Мында таблицадан көрүнүп тургандай, жалпы төрт мектепти алганда жогорку деңгээл тажрыйба тобунда (тт) – 29, 4 %, орто деңгээл – 36,2%, төмөнкү деңгээл – 34, 4 0%ды түздү. Ал эми байкоо тобунда (бт) жогорку деңгээл – 25,1%, орто деңгээл – 35, 6%, төмөнкү деңгээл – 39, 3%ды түздү. Мындагы айырма тажрыйба тобунда жогорку деңгээлдегилер байкоо

тобундагыларга салыштырмалуу 4,3%га көп да, төмөнкү деңгээлдер 5,3%га аз.

**Таблица 2.15.** – Тажрыйба (эксперименталдык – тт) жана байкоо (контролдук – бт) класстарда (9-класстын 239 окуучусунун мисалында) окутулган Алыкул Осмоновдун «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларын окуучулардын өздөштүрүү деңгээли (% менен).

| **№** | **Мектеп** | | **жогорку** | **орто** | **төмөн** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи | **тт** | 27 | 33 | 40 |
| | | **бт** | 23 | 30 | 47 |
| **2** | №130 Ш.Жумаев ат. орто мектеп | **тт** | 24 | 36 | 40 |
| | | **бт** | 20 | 33 | 47 |
| **3** | №26 П.Жолдошов ат. орто мектеби | **тт** | 27 | 33 | 40 |
| | | **бт** | 24 | 30 | 46 |
| **4** | Ж.Бөкөнбаев ат. жатак-гимназиясы | **тт** | 24 | 33 | 43 |
| | | **бт** | 20 | 31 | 49 |
| | **орточо** | **тт** | **25, 1** | **33,6** | **39, 3** |
| | | **бт** | **21,6** | **30,1** | **44,6** |

Мында таблицада көрүнүп тургандай, жалпы төрт мектепти алганда жогорку деңгээл тажрыйба тобунда (тт) – 24,1%, орто деңгээл – 32, 5%, төмөнкү деңгээл – 39,1 %ды түздү. Ал эми байкоо тобунда (бт) жогорку деңгээл – 20, 6%, орто деңгээл – 29, 7%, төмөнкү деңгээл – 44, 1 %ды түздү. Мындагы айырма тажрыйба тобунда жогорку деңгээлдегилер байкоо тобундагыларга салыштырмалуу 4,5%га көп да, төмөнкү деңгээлдер 5, 3 %га аз.

**Таблица 2.16. – Тажрыйба (эксперименталдык – тт) жана байкоо (контролдук – бт) класстарда (10-класстын 168 окуучусунун мисалында)**

**окутулган Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек», «Майдын түнү», поэмаларын окуучулардын өздөштүрүү деңгээли (% менен).**

| № | Мектеп | | жогорку | орто | төмөн |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи | тт | 22 | 36 | 42 |
| | | бт | 20 | 34 | 47 |
| 2 | №130 Ш.Жумаев ат. орто мектеби | тт | 21 | 36 | 43 |
| | | бт | 17 | 33 | 50 |
| 3 | №26 П.Жолдошов ат. орто мектеби | тт | 21 | 34 | 45 |
| | | бт | 20 | 30 | 50 |
| 4 | Ж.Бөкөнбаев ат. жатак-гимназиясы | тт | 26 | 35 | 39 |
| | | бт | 24 | 32 | 44 |
| | **Орточо** | тт | 23,1 | 35,3 | 45,1 |
| | | бт | 19,7 | 33,5 | 42,8 |

Мында таблица көрүнүп тургандай жалпы төрт мектепти алганда жогорку деңгээл тажрыйба тобунда (тт) – 23, 1%, орто деңгээл – 35, 3%, төмөнкү деңгээл – 45, 1 %ды түздү. Ал эми байкоо тобунда (бт) жогорку деңгээл – 19, 7%, орто деңгээл – 33, 5%, төмөнкү деңгээл – 42, 8 %ды түздү. Мындагы айырма тажрыйба тобунда жогорку деңгээлдегилер байкоо тобундагыларга салыштырмалуу 3,6%га көп да, төмөнкү деңгээлдер 3, 7 %га аз.

Мында биздин сунуш кылган методикабыздын окутуу орто мектептеринин VI, IX, X классттарында Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүүдөгү окутуунун технологияларын боюнча окутууну жарактуу экендигин тастыктады.

## Экинчи бап боюнча корутунду

Диссертациянын 2-бабы **«Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталат да, анда изилдөөнүн материалы катары кыргыз адабияты предмети боюнча мамлекеттик стандартта, окуу программаларында, окуу китептеринде сунушталган Алыкул Осмоновдун поэмаларынын берилиши, программаларга жана окуу китептерине акындын поэмаларынын сунушталышы боюнча анализ көрсөтүлөт. Ошондой эле педагогикалык эксперименттик жүрүшү жана иштердин жыйынтыктары боюнча сөз болот.

Бул баптын алгачкы бөлүмү *«Илимий изилдөөнүн материалдары»* деп аталып, эмгекти жазууда таяныч болгон жана изилдөөгө алынган материалдар чагылдырылат.

Диссертациянын материалдары болуп биринчи кезекте КРнын Президентинин жарлыктары («Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы», «Улуттук нарк жөнүндө»), концепциялар («2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында «Кыргыз жараны» деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы», «Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы» «Адабий билим берүүнүн концепциясы»), өнүгүү программалары (2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү программасы), стандарттар («Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты», «Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» предметтик стандарты»), окуу программалары (Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн Кыргыз адабиятынын программасы), окуу китептери, методикалык колдонмолор, окутууга сунуш кылынган Алыкул Осмоновдун поэмалары, мугалимдердин тажрыйбалары ж.б. эсептелет.

Орто мектептердин адабияттык окуу курсу, адабияттык окуу, кыргыз адабиятынын системалуу курсунда окутууга сунуш кылынган Алыкул Осмоновдун поэмалары өмүрдүн баалуулугу, адамдын ички дүйнөсүн, тагдырын, өнөр, кесиптин касиети ж.б. терең сүрөттөп, чагылдырылат. «Толубай сынчы» поэмасында кесипке, өнөргө болгон берилгендик ага жоопкерчилик менен мамиле жасоо берилген. Азыркы учурда жаштарыбыз өз кесибине жоопкерчилик менен сүйүп мамиле жасабайт. Толубай сынчы каардуу Азиз хандын тулпарларын мактабагандыгы үчүн көзүн оюп алса да өз кесибине, өнөрүнө кыянаттык кылбайт. «Ким болду экен?» поэмасындагы бийик романтика да, таза реалисттик баяндоо да, драмалык чыңалуулар да, юмор менен какшык да ар түрдүүлүктүн гармониясын түзүү аркылуу чыгарманынын башкы пафосу Ата Журтту сүйгөн адамга болгон ашыктыктын символикалык түрдө эмоциялуу сүрөттөйт. «Эшимкандын тереги» поэмасындагы башкы каарман Эшимкандын образы менен параллель түрдө шарттуу образ теректин символикалык образы да сүрөттөлөт. Бул символикалык терек терс каармандардын чыныгы жүзүн ачууда чон роль ойноо менен ниети бузук, жалкоо адамдарды жазалап, жакшы жакка тарбиялайт. «Өлүп тирилгендер» поэмасы согуш темасын чагылдыруу менен пенде идеясын дагы башка жаңы планда ача алган. «Жеңишбек» поэмасы күтүү, сагынуу азабын атанын образында ачып берет, «Майдын түнү» поэмасындагы аял затына карата мамиленин турмуштук кырдаалда көрсөтүлгөндүгү, ак сүйүүнүн кызганчаактыктын үстүнөн болгон жеңиши аркылуу моралдык тазалыкка чакырат.

Жогорудагы Алыкул Осмоновдун поэмалары орто мектептердин окуу программаларына жана окуу китептерине киргизилген. Аларды окутуунун жаңы технологияларын менен окутуп ачып берүү биздин милдет болгондуктан, диссертациялык изилдөөнүн негизги материалдары да жогорудагы акындын поэмалары болду. Алыкул Осмоновдун поэмалары мекенге болгон сүйүү, табиятты коргоо, улуттук рух, адамдын чыгармачылык күчү, арман жана үмүт, өнөргө, кесипке болгон

жоопкерчиликтүү мамиле жана берилгендик, эки ашыктын ортосундагы сүйүүнүн тазалыгы жана купуялуулугу, сөзгө, антка бекемдик, үй-бүлө тынчтыгы сыяктуу маселелерди көтөргөн чыгармалар катары мектептерде үйрөнүлүп келе жатат.

Диссертациянын бул главасында VI, IX, X класстарда Алыкул Осмоновдун кайсы поэмалары сунушталгандагы, аларды окутууда кайсыл жактарына өзгөчө көңүл буруу керектиги көрсөтүлдү.

Эмгегибиздин экинчи бөлүмү *«Илимий изилдөөнүн методдору»* деп аталат да, алгач эле ишти жазууда колдонулган теориялык методдорду көрсөттүк. Изилдөө ишибиздин илимий-теориялык деңгээли жогору болушу үчүн теманын методологиялык негиздерин үйрөнүү, б.а., илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу, баарлашуу, окуучулардын оозеки жана жазуу жумуштарын анализдөө, окуучулар жазган дил баян, эсселерди талдоо, анкета алуу, байкоо, мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана жыйынтыктоо, моделдештирүү методдорун пайдаландык. Бул методдорду кайсыл учурда, эмне максатта колдонгондугубуз да ушул бөлүмдө чагылдырылды.

*«Педагогикалык эксперименттик жүрүшү жана иштердин жыйынтыктары»* деп аталган 3-бөлүмдө педагогикалык эксперимент методунун максатын, милдеттерин, уюштурулушун жана жыйынтыктарын чагылдырууга арналды. Изилдөөнүн эксперименталдык базалары катары Ош шаарындагы №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи, Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районундагы Ж.Бөкөнбаев жатак-гимназия мекемеси, Кара-Суу районундагы № 130 Шабы Жумаев, Өзгөн районундагы №26 П. Жолдошов атындагы орто мектептери алынды. Бул тажрыйба ишине 662 окуучу катышты, алардын ичинен 331 окуучу контролдук (байкоо) жана 331 окуучу эксперименталдык (тажрыйба) топто иш жүргүздү.

Педагогикалык эксперимент өзбек мектептеринде 2017-2023-жылдарда үч этаптуу баскычта жүргүзүлдү: эксперименттик иштин аныктоочу (констатациялоочу) биринчи этабы (2017-2019-жылдар); эксперименттик

иштин изденүүчү (калыптандыруучу, формирующего) экинчи этабы (2019-2021-жылдар); эксперименттик иштин текшерүүчү (материалдарды жалпылоо жана жыйынтыктоо) үчүнчү этабы (2021-2023-жылдар). Иштин бул бөлүмүндө тажрыйба жүргүзүү, тажрыйбалык топтор менен эксперименталдык топтордо эксперименттин биринчи – аныктоо этабында окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча билим деңгээли, кызыгуулары жана компетенттүүлүктөрү аныкталды. Бул мезгилде эки топто тең окуучулардын көрсөтүчтөрү негизинен бирдей эле болду. Биз эксперимент жүргүзгөн класстарга окутуунун жаңы технологиялары колдонулду, жаңыча методикалык ыкмалар, заманбап окутуунун техникалык каражаттары сунуш кылынды. Эксперименттин жыйынтыктоочу этабында биз сунуш кылган Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары менен окутуунун ыкмалары, жолдору, каражаттары оптималдуу экендиги ушул эле баптын 2-параграфында математикалык-статистикалык ыкмалар менен чагылдырылды.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

## 3.1. «Толубай сынчы» поэмасын окутуунун инновациялык жолдору жана ыкмалары

Билим берүү боюнча мыйзамдардын жаңы талаптары жана мектепте адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын жол-жоболорун эске алуу менен окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын V-XI класстары үчүн түзүлгөн Кыргыз адабиятынын программасында [87, 5-б.] 5-6-7-8-класстарга жумасына 2 сааттан 68 саат, 9-10-11-класстарга жумасына 3 сааттан 102 саат каралып, курстун негизги мазмунун төмөндөгүдөй темалар түзөт: байыркы доордогу адабий мурастардын үлгүлөрү; орто кылымдардагы адабий мурастардын үлгүлөрү; улуттук фольклор (элдик оозеки чыгармалар); акындар поэзиясы; жазма адабият жана профессионал көркөм сөз өнөрүнүн чыгармалары; батыш, түрк жана чыгыш классикасынын айрым үлгүлөрү. Албетте, программада адабиятты окутуунун максаттары менен милдеттери берилген. Программа үчүн, көркөм чыгармаларды тандап алууда авторлор адеп-ахлактык, эстетикалык-көркөмдүк, лингвистикалык, психологиялык-педагогикалык, жанрдык-тематикалык чен-өлчөмдөрдү жетекчиликке алган. Программада VI класста жалпы 68 сааттын ичинен «Акын-жазуучулар кайра иштеп чыккан чыгармалар» деген бөлүмүндө Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасына 2 саат каралган. Мында чындык үчүн күрөш, «сынчылык» өнөрдүн даңазаланышы, тулпардын сынын ачуудагы акындын чеберчилиги, ошондой эле поэманын кыскалыгы жана сүрөттөөлөрдүн образдуулугу тууралуу кеп болуп, «кейиптештирүү» жана «метафора» деген адабияттык терминдер аркылуу сабак бышыкталат.

Программада окуучулардын компетенттүүлүгүнө карай бир нече талаптар коюлган. Натыйжада, курсту толук окуп чыккан VI класстын окуучусу белгиленген компетенттүүлүктөргө ээ болуулары керек [87,5-б.].

Бул жерде мугалим үчүн да, окуучу үчүн да жоопкерчилик бирдей коюлган, атап айтсак мугалим өз ишине жоопкерчилик менен мамиле кылып, окуучуларга өтүлө турган темаларды жакшы түшүндүрүп, кайтарым байланышты орнотуу керек, ал эми окуучулар өтүлгөн теманы кунт коюп угуп, өздөштүрүп, билгендерин айтып берип, кайтарым байланышка даяр болуусу шарт. Мына ушундай маселелер мугалим тарабынан биринчи кадамды талап кылат. Өтүлүүчү көркөм чыгарманы толугу менен окуп чыгып, андагы окуялар менен каармандар системасын талдап, кандай ыкмаларды колдонуп окутсам окуучуларга түшүнүктүү болуп, өз максатыма жетемин деген милдеттердин үстүндө иштөөсү керек. Тема боюнча атайын план-проспект (же долбоор)  жасап, сабакка даярданат. Биз төмөндө А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууга арналган болжолдуу план-проспектини берүүгө аракет кылалы:

План-проспект

Сабактын темасы: Алыкул Осмонов «Толубай сынчы» поэмасы

Сабактын формасы: эркин

Сабакта колдонулуучу ыкмалар:

- төрт сүрөттүн айкалышынан тапшырма ыкмасы
- көркөм окуу ыкмасы

Сабакка керектүү каражаттар: интерактивдүү доска, проектр, ноутбук

Проектрдин жардамы аркылуу (ичинен бирөөнү тандоо керек!)

- А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын Кипариса Суракманованын 12 мүнөттүк көркөм окуусун уктуруу, көрсөтүү;
- Эрнис Кыязовдун көркөм окуусунда Кубатбек Жусубалиевдин кара сөз түрүндөгү «Толубай сынчы» аңгемеси уктуруу.

Сабакты уюштуруу: (Саламдашуу ж.б.) 5 мүнөт

Өткөн сабакты кайталоо: 10 мүнөт

Жаңы теманы түшүндүрүү, бышыктоо үчүн практикалык жумуштар:

25 мүнөт

Үй тапшырмасын берүү: 5 мүнөт

Учурда популярдуу болуп жаткан «тайм менеджмент» деген терминди кеңири колдонулуп жатат. «Тайм менеджмент» убакытты үнөмдөө, туура пайдалануу» дегенди билдирет.  Берилген болжолдуу план-проспектиде убакыт көрсөтүлгөн, себеби мугалим үчүн сабакта убакытты бөлүштүрүү жана туура пайдалануу абдан маанилүү. Ошондой эле, жогорудагыдай план-проспект же долбоор (проект) мугалимдин ишмердүүлүгүнүн чоң таянычы боло алат.

План-проспектиде сабакка керектүү каражаттар, тактап айтканда заманбап техникалык жана маалыматтык-мультимедиялык каражаттар белгиленди. Себеби, азыр техниканын заманы болгондуктан, алар менен коштолгон сабак сөзсүз түрдө өз жемишин бербей койбойт. Бирок мындай сабактар түздөн-түз компьютерге жана аны чагылдыруучу аппаратка (проектр) көз каранды.

Мындан ары план-проспектиде белгиленген ыкмалар тууралуу сөз кылалы: 1. «Төрт сүрөттүн айкалышынан  тапшырма» ыкмасы. Бул ыкманы көбүнчө сабактын бышыктоо учурунда колдонсо, окуучулар сабакта ээ болгон билимдерин текшерип, бышыктап алууга жардам берет. Окуучуларга акындын «Толубай сынчы» поэмасын окуучуларга окутуп-үйрөтүүдө азыркы күндө популярдуу болгон «4 сүрөттөн, 1 сөз» («4 фотки, 1 слово») интерактивдүү оюндун эрежесиндей кылып даярдалат. Төрт сүрөттүн айкалышынан бириктирип,  сүрөттө катылган тапшырманы табышат. (сүрөттөр интерактивдүү доскада көрсөтүлөт ошондой эле А4 форматыны түстүү кагаздарга да даярдалат. Уюштуруу иши мугалимдин өзүнүн жеке чыгармачылыгы менен өтөт). Мисалы төмөндө:

***Биринчи сүрөттө***, а) Качанкы куурап калган башты кармап, күбүрөп күңгүрөнүп отурган Толубай сынчы; б) Кармыштын арык, кырчаңгы, эшек кейпиндеги кыбырап сылтый баскан боз аты; в) Азиз хандын ай-жылдыздай асмандагы жылтылдаган асемдүү жабуулары бар мыкты тулпарлары; г) Азиз хан, анын жан-жөөкөрлөрү жана Толубай сынчынын маеги.

***Экинчи сүрөттө,*** а) Толубай сынчы; б) Кармыш кулдун арык, кырчаңгы, эшек кейпиндеги кыбырап сылтый баскан боз аты; в) Толубай сынчы Кармыш кулдун боз атын эч адамга көрсөтпөй жер түбүндө 40 күн багып, таптаган убакыты; г) Туура кырк бир күн болгондо, кулпунтуп тулпар тулпар болду. Мында окуучулар бул төрт сүрөттү айкалыштырып, жакындаштырып поэмага байланыштуу бир өзөктү, окуяны табышат.

Окуучулардын болжолдуу окуясы төмөндөгүчө: ***биринчи сүрөттө,***

Жаман боз ат тууралуу сөз болуп жатат, аны баптап карап, анын чыдамкайлыгын жана күчүн алдын ала байкаган адамдын сынчылык көз карашы сүрөттөлүүдө. Поэмада адам өнөрү аркылуу көрөгөчтүк жөндөмү, интуициясы жана алдын ала билиш мүмкүнчүлүгү көрсөтүлөт. Бул сапаттар күчтүү, терең түшүнүктү талап кылган адамдын иш-аракеттерин ачып берет.

Ал эми ***экинчи сүрөттө:***

Жаман боз – бул күчтүү, туруктуу, бирок кам көрүү жана сыйлоо аркылуу гана толук потенциалы ачылган ат. Ал адамдын көрөгөчтүгү жана интуициясы аркылуу тагдырдын баалуулуктарын ачууга жардам берет. Тулпарды, алардын чыдамкайлыгын жана күчүн түшүнгөн адам гана аны толук баалай алат.Өзүнө өзү ишенген, өзүн өзү коргой алган, караңгыдан көз тапкан, капилеттен сөз тапкан мыкты иш билгилиги күчтүү адам жөнүндө сонун поэма.

**Сүрөт 3.1. –** «Төрт сүрөттүн айкалышынан тапшырма» усулу

а)



б)



в)



г)



**Толубай сынчы Кармыш кулдун боз атын анык тулпар деп айтканы үчүн Азиз хан анын эки көзүн оюп алды.**

**Сүрөт 3.2. –** «Төрт сүрөттүн айкалышынан тапшырма» усулу

**а)**



**б)**



**в)**




**г)**



**Толубай сынчы тулпар деп тааныган Кармыш кулдун арык, боз аты убакыт өтүшү менен анык тулпар болуп жетилди.**

Бул ыкманы тексттен өзөктүү окуялардан чагылдырган сүрөттөрдү байланыштырып улантса болот. Мындан ары план-проспектиде белгиленген көркөм окуу ыкмасы тууралуу сөз кылалы.

Методика илиминде сабактын уюштурулушунун өз максатына жетишине түздөн-түз таасир берген ыкма – көркөм окуу. Бул боюнча К.Иманалиев, Н.Ишекеев, С.Байгазиев, А.Муратов, С.Рысбаев, С.Батаканова, В.П.Острогорский, М.А.Рыбникова, Н.И.Кудряшев, М.Г.Капурин ж.б. окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Айталы, профессор К.Иманалиев: «…көркөм окуунун башкы максаттарынын бири окуу аркылуу угуучуга таасир калтыруу, ойлонууга багыт берүү, окулуп

жаткан текстти окуп жаткан адам кандай түшүнсө, угуучунун да ошондой түшүнүүсүнө жетишүү болуп эсептелет» - десе, [58, 148-б.] окумуштуу С.Батаканова «Үн чыгарып көркөм окуу чыгарманы же текстти талдоого мүмкүнчүлүк ача турган жолдордун бири болуу менен бирге, көркөм адабияттын окуу ишиндеги ар кандай көрсөтмөлүүлүктөн жогору турат» - деп [34,50-б] баса белгилеген.

Көркөм окуу окуучулардан гана көп нерсени талап кылбастан, мугалимден да айрым нерселерди (бир топ багыттар боюнча) талап кылат. Тактап айтканда, окуучулардан көркөм окуунун эрежелерин талап кылуудан мурда мугалим өзү да көркөм окууну өздөштүрүүсү зарыл. Эгерде мугалимдин көркөм окуусу талап кылынган деңгээлде болсо, окуучуга түздөн-түз таасир этип, алардагы эмоцияны ойготуп, көркөм-эстетикалык сезиминин калыптанышына жардамга келет. Албетте, окутуу иши максаттуу болууга тийиш. Андыктан, көркөм окуу үчүн мугалим тарабынан бир нече максаттар коюлуп, ал максаттардын ишке ашырылышы бир нече аракеттер менен коштолушу керек. «Толубай сынчы» поэмасын көркөм окуу боюнча болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй иштер аткарылышы зарыл:

- Адегенде поэманын өзүн баштан аяк мугалим окуп чыгышы керек;
- Чыгарманын мазмунун, маанисин түшүнүү;
- Окуп жатканда туура ылдамдыкты жана ритмди кармануу;
- Убакытты үнөмдөйм деп шашпоо керек;
- Дикцияны кармануу, т.а., сүйлөөдөгү үн түшүнүктүү, бийик, так болуусу шарт;
- Окуянын өнүгүшү, кульминациялык чеги, окуянын аякташы тууралуу кеңири билүүсү зарыл;
- Каармандар системасына анализ жүргүзүүсү зарыл;
- Тексттеги төл жана бөтөн сөздөрдү аныктоо;
- Жалпы тексттин тыныш белгилерине токтолуп, тыныгуу кылуу;
- Логикалык басымдын жардамы аркылуу адабий чыгармадагы маанилүү сөздөрдү бөлүп көрсөтүү;

- Текстти окуп жатканда (кара сөз же ыр түрүндөгү) эмоционалдык фон болуу керек, алсак мимика – «ымдоо тили» (ички сезимди билдирүүчү бет кыймылы); жесть – «жаңдоо тили» (колду шилтөө, тулку бой менен кандайдыр бир аракеттерди жасоо) сакталуу тийиш.

Бул саналып өткөн иштер көркөм окуунун негизги эрежелери болуп, окутуу процессин бир кыйла жеңилдетет. Кандай гана чыгарма болбосун, ал мейли кара сөз түрүндө болсун, мейли ыр түрүндөгү чыгарма болсун – сөзсүз түрдө ал чыгарманы адегенде купуя (ичинен) же үн чыгарып (тышынан) окуп чыгышат. Купуя окуунун да, үн чыгарып окуунун да өз плюсу жана минусу бар. Ошондой эле, окуп жаткан ар бир адам ал чыгарманы кандай тартипте, кантип окуп чыгаарын өзү гана чечет, эң негизгиси тамга таанып, жана чыгарманын мазмунун түшүнүү башкы максат. Ал эми мектепте окуучуну көркөм окутуу башка маселе, себеби окуу жүгүндө белгиленген чыгарманы талапка ылайык окуучуга сиңирип, кайтарым байланышка алып келүү – мугалимден чоң чыгармачылыкты жана эмгекти талап кылат. Мугалимдин көркөм окуп берүүсүнөн кийин, проектрдин жардамы аркылуу А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын Кипариса Суракманованын 12 мүнөттүк көркөм окуусун уктуруу, көрсөтүү; Эрнис Кыязовдун көркөм окуусунда Кубатбек Жусубалиевдин кара сөз түрүндөгү «Толубай сынчы» аңгемеси уктуруу туура болот. (Эскертүү: экөөнүн бирөөнү тандоо керек)

### 3.2. Дифференциацияланган окутуу технологиясы аркылуу «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларын окутуу

«Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмалары IX класс кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат менен кошо окутулат. Бул

класста жалпы сааттардын бөлүнүшү төмөндөгүчө: чыгармаларды окуп үйрөнүү үчүн – 58 саат, жазуу жумуштары үчүн – 4 саат, класстан тышкары окулган чыгармаларды талкуулоо үчүн – 4 саат, кайталоо үчүн – 2 саат, баары – 68 саат [87,5-б.]. Мына ушул класстын толук 68 саатынын ичинен Алыкулдун лирикалары, поэмаларына 7 саат бөлүнгөн. Чынын айтканда, анда берилген акындын өмүрү жолу; лирикалары; поэмалары («Ким болду экен?», «Эшимкандын тереги», «Өлүп тирилгендер») ошол 7 саатта окутуп өздөштүрүү мугалимден ыкчам жана натыйжалуу технологиялардын өздөштүрүүсүн талап кылат.

Программада IX класстагы пландалган бардык темаларды окуп-үйрөнүүдө окуучулардын компетенттүүлүгүнө коюлуучу бир нече талаптар коюлган. Атап айтканда, окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек: ∞чыгармалар жаралган тарыхый мезгилдин мүнөзүн сыпаттай алууну; ∞акын, жазуучулардын кыскача чыгармачылык портретин оозеки жана жазуу түрүндө баяндай алууну; ∞адабий-теориялык түшүнүктөрдү билүүнү жана аларды колдонуп, чыгармаларды талдай алууну; ∞чыгарманын сюжетин жана композициясын талдай билүүнү; ∞көркөм форманын жана мазмундун биримдигин талдап түшүнүүнү; көркөм чыгармага аннотация, рецензия жаза алууну; ∞жазуучунун кыскача өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө ар кандай мүнөздөгү дилбаян, изложение жаза билүүнү; ∞адабий чыгарма жөнүндө далилдүү реферат, доклад жаза билүүнү; ∞көркөм чыгарманы тарыхый контекстте талдай алууну; ∞үн кубултуп көркөм окууну билүүгө жана ошондой көндүмдөргө ээ болууга тийиш [87]. Ушул жерде «компетенттүүлүк» деген терминге аныктама бере кетели, адамдардын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) билимдин, билгичтиктердин ар түрдүү элементтерин жана ишмердиктин ыкмаларын өз алдынча колдоно билүүгө болгон жөндөмдүүлүк болуп саналат да, латын тилинен бизче, «шайкеш», «иш билги», «жөндөмдүү», «туура келүү» дегенди туюндурат. Ал эми биздин окуу ишмердүүлүгүндөгү компетенттүүлүк – окуучунун сабакта окуп-билгендерин күнүмдүк турмушунда, социалдык

чөйрөсүндө, алдыга койгон максаттарын чечүүдө билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн практикада колдоно алуу жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт. Бир сөз менен айтканда, билимин практикада колдонуу. Мына ушул жагынан алып караганда, программада 9-класстын окуучуларынын компетенттүүлүгүнө коюлган талаптарынын ичинен Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы жана поэмаларын окугандан кийинки окуучу ээ боло турган болжолдуу компетенттүүлүктү санап көрөлү, ***окуучу:*** акындын кыскача чыгармачылык портретин оозеки жана жазуу түрүндө баяндай алышы керек; адабий-теориялык түшүнүктөрдү билип, аларды колдонуп, чыгармаларды талдай алышы керек; чыгарманын сюжетин жана композициясын талдай алышы керек; көркөм чыгармага аннотация, рецензия жаза алышы керек; жазуучунун кыскача өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө ар кандай мүнөздөгү далилдүү баяндама, реферат, доклад, эссе жаза билиши керек; чыгарманы (ырды, поэманы, прозаны) үн кубултуп көркөм окуй алышы керек; көркөм окууга машыгып, көндүмдөргө ээ болуу керек.

Албетте, биз бул компетенттүүлүктөрдү биз программага таянуу менен көрсөтүп жатабыз. Жогорудагы көрсөтүлгөндөрдүн бардыгы шайкеш болгондо гана мугалим өз максатына жетип, ал эми окуучулар өтүлгөн теманы мыкты өздөштүрүп, кайтарым байланышка чыга алышат. Сабактын эффективдүүлүгү жана натыйжалуулугу бир кыйла жогорулайт. Биз төмөндө Алыкул Осмоновдун жогорудагы аты аталган поэмаларын дифференцияланган окутуу технологиясы аркылуу талдоого алдык.

Дифференциацияланган окутуу – бул бардык окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен окутуу процессин уюштуруу. Бул окутуунун ар түрдүү ыкмалары, методдору жана баалоо форматтары аркылуу ишке ашырылат. Окутуу процесси, мазмуну жана баалоо методдору окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылып, анын натыйжасында окуучунун билим алуу процессине жараша ийгиликтерге жетүү мүмкүнчүлүгү кеңейет.

Дифференциацияланган окутуунун негизги максаты — ар бир окуучуга анын өзгөчөлүктөрүнө ылайык, билимдин белгилүү бир деңгээлин өздөштүрүүгө жана аларды өнүктүрүүгө жардам берүү. Л.С. Выготскийдин теориясы (актуалдуу жана жакынкы өнүгүү зонасы) боюнча, окуучулар жаңы тажрыйба жана билим алуусу үчүн мурунку тажрыйбасына таянып иш алып баруу керек. Демек, дифференциацияланган окутуу окуучуларга алардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык иш жүзүндө жаңы билим жана тажрыйба алуу үчүн эң ыңгайлуу шарттарды түзөт.

Дифференциациянын негизги аспекттери төмөнкүлөрдү камтыйт:

**окутуунун мазмун –** окутуу программасы окуучунун деңгээлине ылайык ыңгайлаштырылышы керек.

**окутуу процесси** – окутуу методдору, көнүгүүлөр жана тапшырмалар ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылат.

**Баалоо** – окуучунун жетишкендиктери жана өнүгүүсү туура бааланып, алардын ынталануусун жогорулатууга түрткү болгон шарттар түзүлөт. Төмөндө схема аркылуу бердик (схема 3.2.1.) .

**Схема 3.3.– Дифференциацияланган окутуу**




Кебибиз курук болбош үчүн IX класста Алыкул Осмоновдун өмүр жолу менен поэмаларын дифференцияланган окутууда колдонуу стратегияларын берейли. Тактап айтканда окутуу процессин

дифференциациялоо окутуунун ар түрдүү методдорун, ыкмаларын тандоо жана аларды колдонуу аркылуу ишке ашырдык.

Ар бир акын жана жазуучунун бир чыгармасына өтөөрдөн мурун сөзсүз түрдө мугалим ошол жазуучунун өмүр жолуна токтолуп өтөт. Биздин эксперименталдык изилдөөбүздө көрсөткөндөй айрым учурларда акын-жазуучулардын бөлүнгөн 1 сааттан сырткары алардын чыгармаларына бөлүнгөн сааттарда да мугалим акын-жазуучулардын өмүрү боюнча хронологиялык маалыматтар менен гана чектелип, 45 мүнөттүк сабак бүтүп калат [4, 70-б.]. Жыйынтыгында окуучулар кийинки сабакта акын-жазуучулар тууралуу хронологиялык маалыматтарды унуткан же болбосо ар дайым эле жооп берген активдүү 5-6 окуучу менен гана сабак бүтүп, калган окуучуларга убакыт да жетпей калган учурлар көп кездешет. Ал эми сабакта мугалим сабактын башталышында кыскача токтоло турган жана кыска убакыттын ичинде класста канча окуучу болсо ар бири менен жеке иш алып бара турган, акындын өмүрү жолу жөнүндө кызыктуу, окуучулардын эсинде кала турган маалыматтарды камтыган «Инфографика» технологиясын сунуштадык. Алгач окуучуларга А4 өлчөмүндөгү кагазга акындын сүрөтү жана анын өмүрүндөгү учурларды камтыган (сүрөт 3.4) таркатабыз.

**1-этап:** Окуучулар көрсөтүлгөн иконкалар **(бул визуалдык сүрөттөө, белгилүү бир маанини же түшүнүктү билдирүүчү графикалык элемент. Иконкалар кеңири колдонулуп, жеңил түшүнүүгө жана тез таанууга жардам берет).** боюнча бош жерлерге А.Осмоновдун өмүрү чыгармачылыгына байланышкан болжолдуу маалыматтарды жазып чыгат. Окуучулар сүрөттөгү иконкаларга эгер билсе так маалыматты же божомолун жазып бүткөн соң, мугалим аткарылган тапшырманы жыйнап алат. Негизгиси мугалим окуучуларды көрсөтүлгөн иконкалар эмне себептен акындын өмүрү чыгармачылыгына байланыштуулугун ойлоосун жана божомолдоосун айтуусу керек.

**2-этап:** Мугалим 1-сүрөттөгү бош иконкаларды баяндаган акындын өмүрү чыгармачылыгы жөнүндө текстти таркатат. Окуучулар текст менен

таанышып чыгат (**Эскертүү текст өтө узун эмес, сүрөттөгү иконкаларга түшүнүк болуп бере алгыдай так маалыматтарды камтышы керек).**

**3-этап:** Андан соң окуучуларга А4 өлчөмүдөгү кагазга акындын сүрөтү жана анын өмүрүндөгү кызыктуу учурларды камтыган 2-сүрөт таркатылат. Бул жерде мугалим тарабынан даярдалган даяр материал таркатылат (сүрөт 3.4). Андан соң окуучулар мурунку жазган маалыматты менен салыштырып чыгат.

Сүрөт 3.4. – Алыкул Осмоновдун өмүр чыгармачылыгы боюнча түзүлгөн инфографика



Сүрөт 3.5. – Алыкул Осмоновдун өмүр чыгармачылыгы боюнча түзүлгөн инфографика



1. Акын балдар үйүндө тарбияланып жүргөндө эле зээндүү бала болчу, ал жерде уюштурулган иштерге активдүү катышкан. Кереге газетаны чыгарууга дайым катышып, коoздоп чыгаруу жагынан колу эпчил, сөз тапкыч болучу, отряддын барабанчысы да болгон.

2. Алыкул Осмонов драмалык ийримдерде суфлердук милдетин аткарган.

3.Алыкул Осмонов 1950-жылы «Победа» үлгүсүндөгү машина сатып алат.

4. Акындын «Парпер» деген кооз калемин аябай жакшы көргөн. Дайыма жанынан түшүрбөй ала жүргөн. Жубайы Зейнептин эскерүүсүндө: «Бир жолу костюму менен кошо «Парпер» кошо жоготкон. Ошондо жоголгон кийимине эмес, «Парперине» катуу кайгырганы эсимде».

5.Акын кургак учук оорусу менен ооруп калып, анын натыйжасында алсыз абалга келген. Дарыгерлер акындын ден соолугун чыңдоо үчүн кымыз ичүүнү сунушташкан.

6.Алыкул Осмонов жаштык сүйүүсүнөн да, үй-бүлөлүк жагынан да жолу болбогон татаал тагдырына карабастан бардыгынан махабатты жогору койгон, махабатты бардык нерседен жогору коюп, ырларында чагылдырып, турмушка болгон ишенимин сактап калган.



7. Алыкул Осмонов көпчүлүк учурун Ысык-Көлдүн жээгинде өткөргөн. Акын көлдү бүтүндөй адамдык, акындык дүйнөсү, таза сезими менен берилип сүйгөндүктөн көл акынга агынан жарылып купуя сырларын ачкан, сулуулуктун, улуулуктун мөл тамчысын ичирген.



8.Акындын көптөгөн чыгармаларына обон жаралып, эстрадабызда атактуулуугун жоготпой келет.



9.Кыргыз сому 200 сомдукта Алыкул Осмоновдун сүрөтү, кол жазмасы жана айтылуу «Жеңишбек» поэмасынын бет ачарындагы 4 сап ыры түшүрүлгөн.

35 10.Тилекке каршы классик акын Алыкул Осмонов болгону 35 гана жашында дүйнөдөн кайткан.

Бул технологиянын артыкчылыгы азыркы санарип муунга ылайыкташкан жана мугалим окуу китебинен сырткары окуучуларга акындын өмүр жолуна байланышкан кызыктуу, урунттуу учурларды бере алгандыгы жана кыска убакыттын ичинде ар бир бала жекече иш алып барууга жол ачат.

**Көп деңгээлдүү тапшырмалар стратегиясы аркылуу «Эшимкандын тереги» поэмасын окутуу**

IX класста Алыкул Осмоновдун «Эшимкандын тереги» поэмасы көп деңгээлдүү тапшырмалар стратегиясын колдонуу аркылуу – окуучулардын чыгарманы терең жана көп кырдуу түшүнүүсүн камсыздоодо маанилүү ыкма болуп саналат. Бул стратегияда поэманы окутуу учурунда, Эшимкандын жана теректин образы аркылуу символика, философиялык маанилер,

тарыхый жана инсандык бийик сапаттар баяндалат. Башкы каарман Эшимкандын ички жан дүйнөсү жана теректин шарттуу символу аркылуу терс жана оң каармандар ортосундагы конфликт, ошондой эле адамдын күрөшү, жакшы менен жаман ортосундагы туруктуу таймаш аныкталат.

Поэмада сүрөттөлгөн терек – элдик көз караштын символу, согуштун кыргындарына каршы туруу, ниети жаман адамдардын акыры жакшы эмес болору жөнүндө терең ой жүгүртүүлөрдү камтыйт. Поэмада жашоо менен өлүм, жакшы менен жаман ортосундагы конфликтти түшүнүү үчүн көп деңгээлдүү тапшырмалар стратегиясы аркылуу ар бир окуучунун индивидуалдык түшүнүүсүн кеңейтип, чыгармадагы ар бир деталдын терең маанисин ачууга мүмкүнчүлүк түзөт [109, 52-б.].

**Стратегияны колдонуунун максаты:** окуучуларга поэманын башкы каарманын сүрөттөө аркылуу, аларга тапшырманын татаал деңгээлин тандоо укугун берүү менен, окуганын түшүнүү көндүмдөрүн колдоно билүүгө окутуу.

**Дифференциация:** мазмун, процесс, окуу чөйрөсү.

Окуучуларга тапшырманын татаалдык деңгээли боюнча каармандын образын талдай билүүнү калыптандыруу. Чыгарманын башкы каарманын баяндоо боюнча тапшырманын деңгээлдеринин мисалдары:

**Тапшырманын биринчи деңгээли:**

**Таблица 3.6. – Поэманын башкы каарманына мүнөздөмө берүү;**

| 1. | 2. | 3. | 4. | 5. |
|---|---|---|---|---|
| Чыгарманын башкы каарманынын тышкы мүнөздөмөлөрү (портрети); | Каармандын жүрүм-туруму, аракеттери; | Каармандын сезимдери, башынан өткөргөн окуялары, ойлору; | Кеп-каарман эмнени айтат жана кантип сүйлөйт; | Каармандын адамдарга, өз ишине болгон мамилеси, башка каармандар менен болгон |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | өз ара мамилеси. |

1. Эч качан оюна жамандык келбеген, ак эмгеги менен элге жагып, жаратылышка аяр мамиле жасаган инсан. Эшимкан сабырдуу, берешен, мээнеткеч адам.

2. Ар бир аткарган ишинде даанышмандык байкалган, элге ар дайым жакшылык кылат.

3. Турмушта көп жол басып, ар кандай кыйынчылыктарга сабырдуулук менен туруштук берген адам. Ошондой эле ак эмгеги менен элге жагып, колхоздо удаама-удаа, беш жыл сыйлык алган.

4. Эшимкан ар дайым элдин камын ойлогон, эл бузукаларына каршы туруп, аларды жакшы сөз менен тартипке салат.

5. Эшимкан колхоз журтун чын жүрөктөн сүйгөн, окубай өзү билим үйрөнүп, элдин турмушун жакшы жакка бурат. Ал улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөткөн, бардык адамдардын көңүлүн алат. Ал адамдардын ак ниет бардык жакшы иштерине тилектеш.

**Тапшырманын экинчи деңгээли:**

**Таблица 3.7. – Поэманын башкы каарманын башка каармандарга салыштыруу**

| 1. | 2. | 3. | 4. | 5. |
|---|---|---|---|---|
| Башкы каарманды башка каармандар менен же башка автордун адабий | Алардын ортосунда кандай жалпылык бар экендигин аныктоо; | Алардын бири-биринен кандайча айырмаланарын аныктоо; | Каармандарга болгон автордун мамилесин аныктоо: окшоштуктары жана айырмачылыкт | Эки каармандын образдарын жалпылоо, салыштыруу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| каарманы менен салыштыруу: | | | ар; | |

1. «Толубай сынчы» Толубай сынчы сабырдуу, даанышман, ойчул, адилеттүү.

2. Эшимкан да, Толубай да сабырдуу, тээ узакты ойлогон көрөгөч инсандар.

3. Толубай сынчы: *Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар, Не билсин ал жөнүндө жаш уландар. Суусаган таттуу жомок ширесине, Сөз кылат тамшанышып карыялар* [67,256-б.] - бул саптар аркылуу акын Толубай сынчынын толук образын ачып бере алган.

Эшимкан: *Ак күчүн, ден кубатын, көкүрөк дилин, Окубай, өзү үйрөнгөн көп билимин, Колхоздун казынасына тартуу кылып, Байытып эки кылып бирин-бири* [67,256-266-бб.] - автор ушул саптар аркылуу Эшимкандын кандай каарман экенин ачып бере алган.

5. «Толубай сынчы» поэмасында Толубай сынчы даанышмандыгы, сабырдуулугу менен кардуу ханга карата эч кандай амал колдонбой туруп, жашап өткөн заманына адилеттүүлүк орноткон. Дайыма адилетсиз жашоо акыры тунгуюкка барып такалаарын ачып бере алган.

Эшимкан өз заманынын мээнеткеч жана жаратылышка аяр мамиле жасаган ошону менен катар Мекендин тынчтыгы үчүн жан күйгүзгөн каарман.

**Тапшырманын үчүнчү деңгээли:**

**Таблица 3.8. – Поэманын башкы каарманына болгон көз караштарды калыптандыруу**

| |
|---|
| 1. Чыгарманын башкы каарманына карата болгон көз-караштарды калыптандыруу; |
| 2. Каармандын негизги оюн аныктоо; |
| 3. Каармандын аракеттерин, кылган иштерине баа берүү; |

| | |
|---|---|
| 4. | Каармандын тажрыйбасы менен окуучунун өз турмуштук тажрыйбасы ортосундагы байланышты (окшоштуктарды/айырмачылыктарды) аныктоо; |
| 5. | Чыгарманын башкы каарманы жөнүндө өз оюн айтуу. |

1. Эшимкан өз заманынын мээнеткеч жана жаратылышка аяр мамиле жасаган ошону менен катар Мекендин тынчтыгы үчүн жан күйгүзгөн каарман.

2. Башкы каарман Эшимкан ар дайым элде бакубат, тынчтык жашоо болуусун каалайт. Уулуна той берген түнү Эшимкандын таалайы менен бешенесине бүткөндөй, анын мамысына кучак жеткис терек жана Эшимкан бири-бирин толуктап туруучу образдар катары орун алат.

3. Ак пейил Эшимкан–эмгегине баар тапкан адам. Адал эмгеги, адал кызматы үчүн, ал он жыл удаасы менен сыйланды. Эшимкандын ак ниеттүүлүгүнөн табият да багынат. Эчкиси сегиздеп тууп, уюнунун сүтү булактай агып, 40 литрге жетти. Өмүрү төрөбөгөн аялы апаппак уул төрөп берди. Эшимкандын таалайы муну менен эле чектелип калбай, улам артылды.

4. Эшимкандай мээнеткеч, жаратылышты сүйгөн, элдин алкоосунда жана кадырында жүрүү керек.

5. Эшимкандай ак ниет адамдар жашаганда гана мына ушундай терек сыяктуу чыныгы кереметтүү көрүнүштөр болот. Адам жана жаратылыш адамдын абийир маселеси боюнча ойлондурбай койбойт. Адам өзүнүн куралы менен улам барган сайын жаратылыштын үстүнөн бийлигин бекемдөөдө, бирок ал эң негизги максаты боюнча жаратылышка багыныңкы бойдон калаарын эске алууга тийиш. Анткени адам – анын бир бөлүгү. Жаратылыш адамды туюндурат, муну менен бирге жаратылышсыз адамга эстетикалык, нравалык касиеттердин жетилиши да мүмкүн эмес. Бул нерсе поэмада Эшимканын образы аркылуу берилген.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуучулар:

✓ Поэманын башкы каарманын, анын мүнөздөмөсүн, ойлорун, мотивдерин жана аракеттерин, иштин мүнөзүн, башка чыгарманын

каармандары менен болгон мамилеси аркылуу баяндоого жана талдоого үйрөнүшөт;

✓ билгендерин көрсөтүү үчүн ылайыктуу форматты тандап алууга үйрөнүшөт.

**Керектүү материалдар:** каарманды деталдуу түрдө сүрөттөгөн аңгеме; долбоорлор менен тапшырмалардын тизмеси (тизмеде окуучулардын тандоолору эске алынышы керек); окуучулар аткарган долбоорлорду текшерүү тизмеси (окуучулар тапшырманы аткарып жатканда эмнелерди камтышы керектигин жана мугалимдин баалоодо эмнелерди эске ала тургандыгын сүрөттөгөн тизме); сүрөт тартууга керектүү буюмдар; жазуу шаймандары; эгер мүмкүн болсо, компьютер (Power Pointти колдонуу үчүн). Ар бир окуучуга же топко текшерүү баракчасынын бирден нускасын таркатуу максатка ылайыктуу.

**Класстагы ишти уюштуруу формасы:** окуучулар жекече же топтордо иш алып барышат.

**Стратегияны колдонуу процедурасынын сүрөттөлүшү: Стратегияны колдонгонго чейин:** Мугалимге долбоорлордун жана тапшырмалардын тизмеси жазылган (оорчулук деңгээлдерин эске алуу менен түзүлгөн) плакатты окуучуларга көрүнүктүү жерге илип коюу сунушталат. Оорчулук деңгээлдерин эске алуу менен түзүлүп сунушталган долбоорлор жана тапшырмалар өзүнө төмөндөгүлөрдү камтуусу керек: отчет жазуу; ыр чыгаруу; ырдоо үчүн поэтикалык чыгарма жазуу; жөнөкөй сүйлөмдөрдөн турган сүрөттүү китепчелерди жасоо; ролдук оюн аткаруу; плакат жасоо; хронология түзүү; компьютерде презентация жасоо, мисалы: негизги каарманды чагылдырган сүрөттөрдү интернеттен таап, PowerPoint презентациясын даярдоо. Төмөндө аткарыла турган тапшырмалардын тизмесинин мисалдары келтирилген.

Сиз тандаган каарманыңыз жөнүндө айтып берүү үчүн, бир тапшырманы тандаңыз: ►Эсеп-кысап жазуу. ►Автордук ыр. ►Постер (плакат) түзүү. ►Сүрөттөрү менен китепче түзүү. ►Хронология түзүү.

Стратегияны ишке ашырууда эмнелер болушу керектигин камтыган тапшырмалардын/долбоорлордун текшерүү баракчасын түзгүлө (тапшырманы аткаруу үчүн көрсөткүчтөр). Мисалы, текшерүү баракчасына – каармандын аты-жөнү, эмне үчүн бул каарманды тандагансың?, каармандын аракеттеринин бири, каармандын ишмердүүлүгүнүн бир түрү жана инсандын бир сапаты, ошондой эле анын инсандык сапат экендигин кантип билгиң кирет. Текшерүү баракчасына окуучулар көрсөтүшү керек болгон грамматикалык көндүмдөрдү киргизүү, мисалы, энчилүү аттарда баш тамгалар же сын атоочторду жана тактоочторду пайдалануу.

**Стратегияны колдонуу учурунда:**

**1-кадам.** Окуучулар чыгарманын каармандары жана алардын аракеттери, сөздөрү жана ишмердүүлүгү тууралуу канчалык деңгээлде ачып, айтып бере алгандыгына көңүл буруңуз. Чыгарманы окуп жаткан учурда каармандын инсандык сапаттарын башка каармандардын ал жөнүндө жана анын жасаган иштери тууралуу айткандарынан жыйынтык чыгарып анан аныктаса болорун окуучуларга айтып коюу керек.

**2-кадам.** Тапшырмалар тизмесин, тапшырмалардын татаалдык деңгээлин жана сунушталган долбоордун текшерүү баракчасын түшүндүрүңүз. Тапшырмалардын тизмеси – бул окуучулар окуп чыккан аңгеменин каарманы жөнүндө айтып берүү үчүн аткара турган тапшырмалардын тизмеси экендигин түшүндүрүңүз. Окуучуларга тапшырмаладын тизмесин окуп чыгып, аларга варианттардын бирин тандап аласыңар деп айтыңыз. Андан кийин, тапшырманы текшерүү баракчасы – бул тапшырмада камтылышы керек болгон нерселердин тизмеси экендигин түшүндүрүңүз. Окуучулар тизмеде сунушталган татаал тапшырмалардын деңгээлин тандашат жана аны аткарышат. Окуучулар тапшырманы аткарып бүткөн учурда, аны тизме менен кайрадан карап, текшерип чыгуусун өтүнүңүз. Эгерде алар жардамга муктаж болуп же дагы кошумча маалымат кошуу керектигин билишсе, анда алар «дагы көбүрөөк маалыматты кошумчалашым керек» деген тилкеге белги белгисин коё алышат.

Окуучулар тапшырманы аткарууда, ушул гана тизме менен чектелбеши керектиги жөнүндө айтыңыз. Сиз текшерүү баракчасын алардын долбоорлорун баалоодо дагы пайдалансаңыз болот. Окуучуларга материалдарды алууда, суроолорду берүүдө же жардам алуудагы класстагы бардык жүрүм-турум эрежелери жөнүндө айтыңыз.

**3-кадам.** Сиздин окуучулар кантип иштей тургандыгы (жекече же топтордо) тууралуу түшүндүрүп бергениңиз маанилүү.

Стратегияны колдонгондон кийин

**Үй тапшырмасы:** окуучуларга тапшырманы үйдөн аяктоо үчүн убакыт талап кылынышы мүмкүн.

**Баалоо:** Окуучулардагы маалыматты өз алдынча өздөштүрүү жана ойлонуу, алган маалыматтары боюнча жыйынтыктуу жумуш аткаруу үчүн саокуучулардын билимин баалоодо «Жеңил» жана «оор» суроолор таблицасын эффективдүү жыйынтык берет. Сабакта окуучулар ээ болгон билимдерин текшерүү максатында мугалим А4 форматындагы баракка таблица жазып, 1-бөлүгүнө жеңил суроолорду 2-бөлүгүнө татаал суроолорду жазат. Окуучулар өз билимдерине жараша суроолорго жооп беришет. Мында эске ала турган жагдай мугалим суроолордун деңгээлин тандоону окуучулардын эркине коет. Ал эми баалоо чен-өлчөмдөрү суроолордун жеңил жана оорлугуна карап, баллдык система менен бааланат.

**Таблица 3.10. – «Жеңил» жана «оор» суроолор**

| **«Жеңил» суроолор – бир ирет гана далилдүү жооп талап кылынган суроолор** |
|---|
| 1.«Эшимкандын тереги» поэмасынын башкы каарманы<br>**Жооп:** Эшимкан |
| 2.Поэмадагы башкы каарман Эшимкан ким болгон?<br>**Жооп:** колхозчу |
| 3.Легендага айланган Эшимкандын тереги өскөн өйүздүн аталышы?<br>**Жооп:** Жыламыштын өйүзү |

| |
|---|
| 4.Поэмадагы терс каармандар?<br>**Жооп:** Калмат, Шоорук |
| **«Оор» суроолор – оор, толук жооп берип, тандоону талап кылган суроолор** |
| 1.Жыламыштын өйүзүнө өсүп чыккан терек эмне үчүн Эшимкандын терегi деп аталып калды?<br>**Жооп:** *Эшимкандын үй-чарбагы жайгашкан Жыламыштын берки өйүзүнө терек өсүп чыгат.Жайы кышы өзгөрбөй кулпуруп тура берет. Ал терек өсүп чыккандан бери Эшимканга дөөлөт үстүнө дөөлөт келет.Бир эмес төрт жолу колхоздун ударниги болот. Эчкилери эгиздеп эмес, сегиздеп туул, аялы ушул жашка келип уул төрөйт. Ак пейил колхозчу Эшимкан эмгегинен баар тапкан, жөнөкөй, берешен адам. Ошондуктан эл да Эшимкандын ак ниеттүүлүгүнөн табият да ага багынды деп теректи Эшимкандын терегi деп атап койгон.* |
| 2.Терек кандай касиеттерге ээ?<br>**Жооп:** *Терек жөн эле өспөйт башка бактай айлап, айлап-жылдап өсөт.Терек биздин замандын шат күнүнө жараша күлүп,ырдап саат сайын кучагын жайып өсөт. Ал дайым жашарып турат. Картайып кары кары болбойт, саргайып сары күздө сары болбойт, жашарып жай күнүндөй дайым жашыл. Анткени ак ниеттин күчү колдойт. Ошентип, терек Эшимкан жана башка ак ниет адамдардын бардык жакшы ниеттерине тилектеш. Эгер адам баласынын башына бакыт консо, теректи күзгү бороон, ызгаардуу суук, аяз, жайкы аптапда саргайтып, куурата албайт. Ал гана эмес Ооруулар бир түп түнөп конуп кетсе үч күндө сак саламат соого айланат.* |
| 3.Автор Калмат менен Шорукту поэмада кандай сүрөттөйт?<br>**Жооп:** *Калмат жана Шоорук экөө тең жалкоо жатып ичер уруулар, эл арасында ынтымактуу турмушка суук көзүн салган шумшуктөр эле.Эр-азаматтын баары курал көтөрүп душманга карай Мекенди коргоого кетсе,* |

| |
|---|
| *алар дайыма кара ниеттикти ойлоп жеңил оокатын жолун издешет.* |
| 4. Теректи кесип отун кылууга экинчи жолу аракеттенген Калмат менен шорукту Эшимкан кантип жазалайт?<br>**Жооп:** *Терекке байлап салат. Терек алардын бүт жаман сапаттарын, ойлорун соруп алат. Алардын жалкоолугу кетип, ыймандуу болуп калышат.* |

**Баалоонун варианттары:**

Материалды ыңгайлаштыруу керек болгон окуучуларга окуу көндүмдөрүнүн деңгээлинде окуя сунуш кылынат, бул учурда тиешелүү баалоо куралдарын колдонуу маанилүү (ылайыкташтырылган же өзгөртүлгөн). Тил үйрөнүүдө кыйналган окуучуларга тил талаптары ылайыктуу (адекваттуу) (мисалы, кызыктуу сын атоочторду жана тактоочуларды талап кылуунун ордуна, эки сын атоочту жана бир тактоочту талап кылуу) болушу үчүн долбоордун тизмесин сунуштоо керек.

Класстын деңгээлине ылайык келген көндүмдөрдү көрсөткөн окуучуларга комикстерди, мангаларды (япондордун комикстерин), баш катырмаларды, көбүрөөк өз алдынчалыкты талап кылган чыгармачыл иштин башка түрлөрүн сунуштоо талапка ылайык.

**«Ким болду экен?» поэмасын окурмандардын пикирлеринин тизмеси стратегиясы аркылуу окутуу**

Ар кандай поэманы баштоодо Алыкул Осмоновго таандык бир өзгөчөлүк бар. Ал өзгөчөлүк окуяны өнүктүрүү үчүн акын кайталангыс, таамай лирикалык чегинүү жасайт. «Ким болду экен?» поэмасы тоо алдындагы керемет бир кыштактын кайталангыс келбетин сүрөттөө менен башталат. Андан ары ошол Кайынды айылындагы «Көк Бел» колхозунда турган эки киши мүнөздөлөт. Аларды сүрөттөөдө да автор көп сөз коротпойт. Поэманын 2-3 саптарында алардын мүнөзүнүн негизги жетектөөчү жактары көрсөтүлүп, бирок айрым кишилер ал экөөнү туура баалабай жүргөнү

психологиялык жагынан таамай айтылат. Окуучулардын көнүлүн буруучу башкы нерсе дал ушул эки мүнөз болуп эсептелинет.

Стратегияны колдонуунун максаты – окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүнө карап, окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн, алардын көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлин жана окутуу натыйжаларын сунуштоонун ар кандай жолдорун пайдалануу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен окуу ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүн айкалыштыруу.

**Дифференциация:** мазмуну, процесс, окуу чөйрөсү.

**Окутуу максаттары:** Окуучуларга жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүү көндүмдөрүн колдонууга түрткү берүү жана анда жазылган суроолорго жооп табуу үчүн текстти тереңирээк изилдөө, ошону менен бирге окуганын түшүнгөнүн жакшыртуу; окугандары боюнча жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү; окуучуларды сабакка болгон кызыгуусун пайда кылган түрдүү форматтагы тапшырмаларды тандоо укугу менен камсыздоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуучулар тапшырмалардын форматтарын тандоо чечимдерин кабыл алышат; окуганын түшүнүү боюнча ар кандай стратегияларды колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүшөт; аларга текстти түшүнүүгө жардам берүүчү стратегияларды тандашат.

**Керектүү материалдар:** окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн деңгээлине ылайык келген тексттер/китептер, окурмандардын пикирлеринин тизмеси боюнча таблицалар түрүндө таркатылган материалдар.

**Класстагы ишти уюштуруунун формасы:** класстык иш, чакан топтордо иштөө, жекече иштөө.

**Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы.**

Стратегияны колдонгонго чейин:

Мугалимге сунушталат: окуганын түшүнүү боюнча ар түрдүү көндүмдөрдүн өнүгүүсүнө багытталган окурмандардын пикирлеринин тизмесинин варианттарын иштеп чыгуу; окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлине көңүл буруу менен, сабак учурунда колдонула турган ылайыктуу тексттерди тандоо, анткени окурмандардын пикирлеринин

тизмесиндеги тапшырмалар тандалган тексттерге негизделет; окурмандардын пикирлеринин тизмесин окуучулардын бардыгы оңой көрө алгандай жайгаштыруу; окуучулар өз алдынча текстти тандап алышы үчүн, ар кандай окуу деңгээлиндеги тексттерди жеткиликтүү жерге жайгаштыруу; класста жекече иштөө, кичи топтордо талкуулоо жана жалпы класстын ишмердүүлүгү үчүн орун уюштуруу.

**Таблица 3.11. –** Окурмандардын пикирлеринин тизмесинин мисалдары

**А тизмеси**

| |
|---|
| **1.Кызыктуу фактылар**<br>Олтуруп катты окуса, дал ошондой, Чын эле самап ойлогондой.<br>«Мен барам, күткүн секет, деген сөздү<br>Кайталап он сыйра окуйт, көзү тойбой, «Бактыбек?.. Кулагыма жакшы угулат, Чиркин ай, ким болду экен» – бир ой. |
| **2.Чыгарманын сюжеттик линиясы**<br>Ар кандай поэманы баштоодо А.Осмоновго таандык бир өзгөчөлүк бар. Ал өзгөчөлүк окуяны өнүктүрүү үчүн акын кайталангыс, таамай лирикалык чегинүү жасайт. «Ким болду экен?» поэмасы тоо алдындагы керемет бир кыштактын кайталангыс келбетин сүрөттөө менен башталат. Андан ары ошол Кайынды айылындагы «Көк Бел» колхозунда турган эки киши мүнөздөлөт. Аларды сүрөттөөдө да автор көп сөз коротпойт. Поэманын 2-3 саптарында алардын мүнөзүнүн негизги жетектөөчү жактары көрсөтүлүп, бирок айрым кишилер ал экөөн туура баалабай жүргөнү психологиялык жагынан таамай айтылат. Эч кимди карап күлбөгөн Сонун деген кызды жеңелери «кери тергеп, Күлбөс атантса», «көп жерден көңүлү калган жеңелери Бактыбекти  барк албас аттантат».Далайлардын сынына толгон кыздын колун көп киши сурады, бирок алардын бири да оң жооп албады. Бул окуялардан көп узабай согуш башталып кетет. Мекенди коргоо үчүн көп жоокерлердин катарында Баркалбас да согушка кетет. Окуя андан ары согуштагы жоокерлерге белек жөнөтүү, анын ичинде Күлбөс кыз да өз белегине кошуп, «баатырдын баатыры алсын» деген жазуусу бар кол |

| |
|---|
| жоолук жиберет. Ал эми айылда этибарга алынбаган Баркалбас согушта душмандарга каршы туруп, эрдик жасайт. Ал эм  Күлбөс кыз жөнөткөн кол жоолук Баркалбаска тиет. |
| **3.Чыгарманын башкы каарманын баяндоо**<br>Сонун – Айылда бир жаш бар гүлдөй болгон?<br>Сыналып бойго жетип, сынга толгон.<br>Жакшы өңдүү, күлүк аттуу далайларга,<br>Кашкайып өйдө карап күлбөй койгон.<br>Аялдар, Сонун атын, кери тергеп–<br>Аталган Күлбөс делип ошол бойдон<br>Бактыбек – жана да Бактыбек деп баркталган,<br>Момун бар, кой оозунан чөп албаган,<br>Көп жерден көңүлү калган жеңелери:<br>«И байкуш барк албас»…деп шылдыңдаган<br>Балдар да, карылар да ушуну айтат,<br>Бирок ал анын баарын барк албаган. |
| **4.Чыгарманын негизги ою:**<br>Ата Мекенди коргоо, жаратылышты коргоо |
| **5. Окуя болуп өткөн ордун баяндоо:**<br>Кайыңды айылындагы «Көк  Бел» аттуу колхозу |
| **6.Чыгармада болуп жаткан окуяны баяндоо:** |
| **7. Жабык суроолорду берүү (жөнөкөй жоопторду берүү):**<br>а)Алыкул Осмонов качан, кайсы жерде туулган?<br>б)Поэма кайсы учурду баяндайт?<br>в)Поэмадагы окуя кайсы айылда болуп өтөт?<br>г)Поэмадагы башкы каармандарды атагыла? |
| **8.Чыгарманын жанрын аныктоо:** Лиро-эпикалык жанр |
| **9. Кайра айтып берүүнүн планын түзүү:**<br>Текстти окуп чыгуу.<br>• Идеяны, б. а. негизги ойду аныктоо жана аны туюндуруу. |

| |
|---|
| • Текстти бөлүктөргө ажыратуу.<br>• Ар бир бөлүктүн аталышын аныктоо.<br>• Текстти кайрадан окуп чыгуу жана пландын пункттарын туюнду-<br>рууну дагы бир ирет ойлонуу. |
| **10.Каармандарды салыштыруу жана карама-каршы коюу:**<br>Бактыбек – кой оозунан чөп албаган момун, сабырдуу жигит<br>Сонун – эч кимди карап күлбөгөн, жөнөкөй, акылдуу, оор басырыктуу, эмгекчил, ыймандуу кыз |
| **11. Чыгарманын эки каарманын салыштыруу:**<br>Поэманын башкы каармандары Күлбөс кызда, Баркалбас да – көбүнчө терс образдарга коюлуучу юмордук аттар. Бирок буларды акын ылакапттык аттар катары колдонбогону белгилүү. Экөөнүн тең аттарын жеңелери беришкен. Жеңелери Сонунду «жакшы өңдүү, күлүк аттуулардын» бирине бере коюп, жеңкетай жейм дешсе, Сонун ал жигиттерге карап да, күлбөй да койду. Ошондуктан анын Сонун аты Күлбөскө айланды. Дайым Мекендин керегине жараган Бактыбек жеңелеринин көп өтүнүчүн өтөбөй, «көп жерден көңүлүн калтыргандыгы үчүн». Бактыбек да, Сонун да сүйүүнү барктаган, антка бек адамдар |
| **12.Ачык суроолорду коюу (толук мазмунду камтыган кеңири жоопторду талап кылган):**<br>а) Баркалбас, Күлбөс кыз жашаган айыл поэмада кандай сүрөттөлөт?<br>б) Башкы каармандар Бактыбек жана Сонун аркылуу кандай үлгү сапаттарды ала алдыңар?<br>в) «Кызга кырк үйдөн тыюу» деген макал поэмадагы башкы каарман Сонунга берилген мүнөздөмөгө кандай таасири бар?<br>г) Поэмада кездешкен каармандар ортосунда кандай конфиликттер кездешти. |

В тизмеси

| |
|---|
| 1.Бул чыгарманын башкы каармандары буга чейин окулган китептердеги башка каармандарга эмнеси менен окшош? |
| 2. Бул чыгарма сизде кандай сезимдерди пайда кылды? Бирок Баркалбас жана Күлбөс кыз да өтө жөнөкөй болгондору менен колунан кара эмгектин бардык түрү келген тайманбаган, эмгекчил жаштар болушкандыгы белгилүү. Ал экөөнүн мүнөзүндөгү бул бийик касиеттер Баркалбастын фронттогу жасаган эрдигинен, Күлбөс кыздын тылдагы тынбаган эмгеги менен далилденди. |
| 3.Андан кийин эмне болору жөнүндө сизде кандай божомолдор бар? |
| 4. Башкы каармандар эмне үчүн ушундай жолду тандап алганы жөнүндө кандай божомолдорду айтууга болот? |
| 5.Бул окуянын сюжети менен сиз окуган башка окуянын сюжетин кантип салыштырса болот? |
| 6.Башкы каарман эмне болду деп ойлойсуз? |
| 7.Эгер башкы каарман болсоңор, кандай сезимде болот элеңер? |
| 8.Автор өзүнүн чыгармасында кандай негизги ойду (сабак/адеп-ахлак) түшүндүрүүгө аракет кылып жатат? |
| 9.Тарыхта болуп жаткан окуялар менен учурдагы окуялардын (мисалы, биздин жашообуздун) ортосунда кандай окшоштуктар бар? |
| 10.Бул чыгармада сүрөттөлгөн жана сиздин жашооңузда болуп жаткан окуялардын ортосунда кандайдыр бир окшоштук барбы? |
| 11.Башкы каармандардын белгилүү бир көйгөйдү/кырдаалды чечкенине оюңуз кандай?<br>Согуш майданында Ата Мекенди коргоо үчүн көрсөткөн эрдиги Баркалбастын жетпей жүргөн сүйүүсүнө жеткирди. Согушка кеткен Баркалбас адам суктана турган эрдиктерди жасоого чейин үлгүрдү, тылдагы Күлбөс кужүрмөн эмгеги менен майданга мыкты жардам бере алды[41,57]. |
| 12.Башкы каармандар туура аракет жасады деп ойлойсузбу? |
| 13.Эгер сиз башкы каарман жолуккан кырдаалга жолуксаңыз, кандай |

| |
|---|
| аракеттерди жасамак элеңиз? Окуучулар бул тапшырманы аткарууда чыгармачыл жазуунун түрлөрүнөн фентези пайдаланса болот. |
| 14.Кайсы сапаттар (аракеттер, иштер) башкы каарманды жакшы/жаман адам деп ишендирди? Баркалбас жана Күлбөс кыз да өтө жөнөкөй болгондору менен колунан кара эмгектин бардык түрү келген тайманбаган, эмгекчил жаштар болушкандыгы белгилүү. Ал экөөнүн мүнөзүндөгү бул бийик касиеттер Баркалбастын фронттогу жасаган эрдигинен, Күлбөс кыздын тылдагы тынбаган эмгеги менен далилденди. |
| 15.Эгер сиз ушул окуянын каарманы боло алсаңыз, тексттин/китептин кайсы бөлүгүн тандайт элеңиз? Эмне үчүн? |

Стратегияны колдонуу учурунда

1-этап. Ар бир окуучу менен класска кирип жаткан учурда саламдашыңыз. Мындай мамиле мугалим аларды жагымдуу маанай менен жылуу кабыл алгандыгын түшүнүүгө жардам берет. Окуучулардын аттарын айтып чакыруу да алардын жагымдуу коопсуз чөйрөгө туш болгонун сезүүгө мүмкүнчүлүк берип, окутуу процесси жекече мүнөздө ишке ашат. Ысымдарын угуу бардыгына жагат!

2-этап. Окуучулардан сабак учурунда кандай эрежелерди колдонуу керектигин сураңыз. Бул кадам окуучулардын жүрүм-туруму, баарлашуусу жана өзүнүн окуу процессинин мониторинги үчүн жооптуу болгон учурда ийгиликтүү болот. Сиз да, окуучулар да алардан эмне күтүүлүп жаткандыгын билесиңер. Бул аларга жардамга муктаж болсо же өздөрүн ыңгайсыз сезип жатса, эмне кылуу керектигин билүүгө көмөктөшөт.

3-этап. Бул сабакта окуучулар үйрөнө турган стратегиянын өзгөчөлүгү жөнүндө айтып бериңиз. «Окурмандардын пикирлеринин тизмеси» стратегиясында окуучулар текстти же китепти тереңирээк түшүнүүгө жардам берген тапшырмаларды тандашат. Берилген чен-өлчөмдөр окуучулардын

окутуу процессине тартылуусун жана кызыгуусун жогорулатуу менен күчтүү жактарын пайдаланууга жана окутуу чөйрөсүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет.

4-этап. Окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн үйрөнүү деңгээлине жараша тексттерди же китептерди берүү. Текстти же китепти окуган соң, окуучулар окурмандардын пикирлеринин тизмесинен жекече иштөө үчүн бир критерийди тандашат.

5-этап. Окуучулар өз тапшырмаларынын үстүнөн иштешет, бирок алар өз ишинин натыйжаларын кантип көрсөтө турганын тандап алышы керек. Алар өз иштерин төмөндөгү жолдор менен сунуштай алышат: плакат; иллюстрация; жазуу иши (тексттин түрлөрү: сүрөттөмө, билдирүү, ой жүгүртүү, ишендирүү); инсценировка (сахналаштыруу/драма); графикалык уюштуруучу; же окуучулардын демилгеси боюнча башка нерселер.

6-этап. Окуучуларга жакшы иш кылгандыгына көңүл буруу менен, позитивдүү кайтарым байланыш бериңиз. Кайтарым байланыш ар түрдүү форматта жана ар кандай ыкмалар менен берилиши мүмкүн, мисалы, «Позитивдүү кайтарым байланыш» катары тактага пикир калтырууну пайдаланса болот.

Ал эми сабактын бышыктоо бөлүгүндө «Үч бөлүктүү күндөлүк» ыкмасын колдонсок болот. Мында окуучулар маалыматты терең өздөштүрүп, талкуулайт, өз көз карашы боюнча рефлекция жасай алышат. Ошону менен катар «Үч бөлүктүү күндөлүк» ыкмасынын «Мугалимге кат» суроолор бөлүгүндө сабакта тартынып отурган окуучулар мугалимге суроо бере алышат. Ошентип сабакка активдүү катышкан окуучулардын саны көбөйөт [109, 20-21-бб.].

**Таблица 3.12.– «Үч бөлүктүү күндөлүк»**

| Цитата | Комментарий | «Мугалимге кат» -суроолор |
|---|---|---|
| Айылда бир жаш кыз бар | «Ким болду экен?» | «Кызга кырк |

| | | |
|---|---|---|
| гүлдөй болгон. Сыналып бойго жетип, сынга толгон. Жакшы өңдүү, күлүк аттуу далайларга Кашкайып өйдө карап күлбөй койгон | поэмасындагы башкы Сонун кыз жөнүндө сөз болуп жатат.Айылда эч кимге билинбеген, бирөөгө карап күлүп сүйлөбөгөн болгон кыз болгон үчүн Сонун аты калып, Күлбөс аталып кеткен.Кызга кырк үйдөн тыюу дегендей, шаңкылдап, каткыра күлүп сүйлөбөгөн, айылдын ар бир тургунун сөзүн мыйзам деп билген ыймандуу, тартуу кыз жөнүндө сөз болуп жатат. | үйдөн тыюу» деген макалдын чечмелеп бериңиз? |
| Жана да Бактыбек деп ардакталган,<br>Момун бар, кой оозунан чөп албаган,<br>Көп жерден көңүлү калган жеңелери:<br>«И байкуш барк албас»... деп шылдыңдаган. | Айылда жеңелери эмес айылдагылары да барк албаган Бактыбек аты калып, Баркалбас атка конгон жигит жөнүндө сөз болуп жатат. | Баркалбас, Күлбөс кыз жашаган айыл чыгармада кандай сүрөттөлөт? |
| Жоолуктун жазуусу бар, саймасы алтын,<br>Кармаса колго кубат, бетке салкын:<br>«Суранам: менин ушул сыйлыгымды<br>Баатырдын чын азамат баатыры алсын, | Согушта Күлбөс кыз тылда иштеп, фронтогу жоокерлерге сүрсүгөн эт, бал, сарымай, жана да сонун жибек жоолук салат. | Күлбөс кыз тылда эмгектенип жүрүп кандай жактарга өзгөрдү? |

| | | |
|---|---|---|
| Эгерде жүрөгүнө ылайык келсе,<br>Болочок өмүр оту бирге жансын»... | | |
| Штабда бир зарыл иш талкууланып,<br>Ал бүтүп, эр генерал ээн калып,<br>Көзүнөн жаш чыкканча жыргап күлгөн,<br>Панфилов жоолукту улам эстеп алып...<br>Чакырткан Осмонбеков тез келсин деп,<br>Ошого кыз жоолугу ылайыкталып. | Айылда Бактыбек аты Баркалбаска айланган кой оозунан чөп албаган, жоош Бактыбек Осмонбеков жөнүндө сөз болуп жатат. Анын душмандарды кыйратууда чоң эрдик көрсөткөндүгү үчүн тагдырдын жазмышы Күлбөс кыздын саймалуу жоолугу генерал тарабынан Баркалбаска тиет. | Баркалбас согуштан кандай абалда кайтат? |

Дагы бир белгилөөчү нерсе, сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүндө окуучулардын алган чыгармачылык ойлоосун текшерүү максатында концептуалдык таблица сунушталса да болот.

**Баалоо**

Бул тапшырма менен иштегенден кийин, окуучулар менен окугандарын жакшыраак түшүнүү үчүн аларга дагы кандайча жардам керектигин талкуулаңыз. Окуучулардан эмне үчүн өз варианттарын (тизмедеги чен-өлчөмдөр) тандап алышкандыгын жана алардын тандоосу окуу процессинде аларга кандайча жардам бергендигин сураңыз: алардын тандап алган варианты актуалдуу (керектүү) маалымат менен маанисиз (керексиз) маалыматты айырмалоого жардам бердиби? Аткарылган иш тексттеги маалыматты терең түшүнүүгө жана тексттин/китептин мазмунун түшүнгөндүгүн көрсөтүп берүүгө мүмкүнчүлүк бердиби?

**Баалоонун варианттары:**

Окуу көндүмдөрүн дагы деле өнүктүрүү талап кылынган окуучулар (алардын деңгээли азырынча орто деңгээлге ылайык келбейт): мугалимдер ушундай окуучулардын кичи тобуна, окурмандардын пикирлеринин тизмесиндеги тапшырмаларды кантип аткарууга же тапшырманын кайсы бир бөлүгүн аткарууда кыйынчылыктарга кездешкен окуучуларга жардам берүүгө байланыштуу конкреттүү нускамаларды (же тапшырманы аягына чейин чыгаруу боюнча алгоритмди) бериши керек. Мүмкүн, мугалимге окуучулардан татаалыраак тапшырмаларды аткаруусун өтүнүүгө туура келет. Жетишкендиктери стандарттарга ылайык келген окуучуларга татаал тапшырманы же кошумча тапшырма берүү сунушталат. Бул үчүн мугалим алдын ала татаал текстти таап/даярдап же башка тапшырманы түзүшү керек.

Поэмадагы каармандардын инсандык баалуу сапаттарын концептуалдык карта ыкмасы сыяктуу 2-таблицада көрсөтүлгөндөй концептуалдык таблица аркылуу берсек да болот. Концептуалдык таблицаны түзгөндө маалыматтар канчалык көп болсо, мугалимдин аракети ошончолук натыйжалуу болот. Мугалим окуучуларга ар бир каармандардын үлгү сапаттарын талдап, андан кийин кандай мыкты сапаттарга тарбиялана тургандыгын таблицанын 4-бөлүгүндө көрсөтөт. Окуучулар мугалимдин жардамы менен концептуалдык таблицага материалдарды жөн гана жазып койбостон өзүлөрүнүн концепциясына (негизги түшүнүктөрүнө) ылайыктап түзүшөт. Жыйынтыгында окуучулар поэманын окуясы, сюжети менен гана чектелип калбастан, ар бир каармандын мүнөзүн терең түшүнүп, мыкты сапаттарга тарбияланышат.

## «Өлүп тирилгендер» поэмасын окутууда божомолдоонун ар кандай ыкмаларын пайдалануу стратегиясы

Стратегияны колдонуунун максаты – божомолдоонун ар кандай ыкмаларын пайдаланып, ар бир окуучунун дараметин максималдуу ачуу менен, окуучуларга божомолдоо стратегиясын колдонууну көрсөтүүгө мүмкүндүк берүү. Божомолдоо – бул тексттин мазмунунун негизинде

гипотеза куруу, божомолдоо жана алдын-ала айтуу жөндөмдүүлүгү. Божомолдоону аталышы, чыгарманын жанры, иллюстрациялар, түйүндүү сөздөр, сөз айкалыштары же сүйлөмдөр боюнча жасаса болот. Божомолдоо максатында окуучулар темага байланыштуу өзүлөрү мурдатан билген нерселер менен, бул тема (жеке, жашоосу же башка китептерди окуу, ар түрдүү предметтерди окуу), боюнча кандай тажрыйбага ээ экендиктерин байланыштырып, эми дагы жаңы эмнелерди окуп үйрөнө тургандыктары жөнүндө божомолдошот. Божомолдоо окуучуларга текстти жакшыраак түшүнүүгө, окугандары менен мурдагы тажрыйбаларын салыштырууга жардам берет.

Дифференциация: окутуунун натыйжаларын көрсөтүү.

Окутуу максаттары: ---изилденип жаткан темага ылайыктуу жана тиешелүү болуп эсептелеген божомолдоо стратегиясын бир нече форматта колдоно билүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтүү; ---жаңы/окуп-үйрөнүлгөн, изилденген теманы өздөштүрүү үчүн, учурдагы билимдерин жана алдын-ала тажрыйбаларын жаңыртуу; ---окуучулар, мугалимдер, класстагы башка окуучулар менен ой бөлүшүү үчүн, түрдүү форматтарды колдонуу менен биргелешип иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Күтүлүүчү натыйжалар: божомолдоо стратегиясын колдонуу; окуганын түшүнүү стратегияларын колдонушат.

**Керектүү материалдар:** тексттер, темага байланышы бар жана байланышы жок сүрөттөр, тема менен байланышкан жана байланышпаган буюмдар, тема менен байланышкан, чындыкка дал келген жана дал келбеген тастыктоолор, божомолдоо боюнча нускама.

Уюштуруу формасы: жалпы класс, чакан топто жана жекече иштөө.

Стратегияны жүрүшүнүн баяндалышы.

**Стратегияны колдонгонго чейин:** Мугалим төмөнкүлөрдү даярдашы керек: окуучунун жоопторунун болжолдуу варианттары: оозеки же жазуу түрүндө компетенттүүлүктү көрсөтө турган бир нече форматта; тапшырмаларды аткаруу боюнча нускамалар; окуучулар окуганын

түшүнүүсүн көрсөтүш үчүн божомолдоо стратегиясын колдоно ала турган балдар адабиятынан алынган ар кандай чыгармалар; баалоонун ар кандай форматтары; сабакка чейин тексттеги негизги түшүнүктөрдү тандоо;

Стратегияны колдонуу учурунда

1-этап. Окуучуларга пайдаланууга үйрөнө турган божомолдоо стратегиясын колдонууну түшүндүрүңүз. Божомолдоо биз эмне окуганыбызды түшүнүүгө, окурмандын алдында окуу үчүн максат коюуга, билген нерселерибиз жөнүндө ой жүгүртүүгө, ошондой эле биз эмне жөнүндө билсек, ошол жөнүндө ойлонууга жардам берет.

2-этап. Окуучуларга даярдалган тастыктоолорду сунуштаңыз. Окуучулар ар бир тастыктоону окуп чыгып, бул тастыктоолорго макул же макул эмес болушу керек. Окуучуларга жазуу жүзүндөгү тастыктоолордун ордуна сүрөттөрдү же буюмдарды пайдаланууну тандай алаарын айтыңыз. Окуучуларга тастыктоолор боюнча суроолорду берээриңизди түшүндүрүңүз. Туура же туура эмес жооптор жок, окуучулардын ой жүгүртүүсү маанилүү болушу керек. Суроо берип жана жоопту айтууга 30 секунд убакыт бере турганыңызды түшүндүрүңүз. Болжолдуу түрдө төмөнкүдөй суроолорду берсеңиз болот: Бул тастыктоого макулсузбу же макул эмессизби? Эмне үчүн «ооба» же эмне үчүн «жок»? Сиз кандай сүрөттөрдү тандадыңыз? Сиз кандай буюмдарды тандадыңыз? Жоопторуңузду түшүндүрүңүз.

3-этап. Окуучуларга иш кантип уюштурулганын түшүндүргөндөн кийин, аларга текст менен кантип таанышкысы келерин тандоо укугун бериңиз: мугалим үн чыгарып окуйт; окуучулар өз алдынча окушат; окуучулар кезектешип окушат.

4-этап. Окуп бүткөндөн кийин, тастыктоолорго /сүрөттөргө/ буюмдарга кайрылыңыз жана тексттеги маалымат кантип тастыкталганы, карама-каршы келгендиги же алардын пикирин өзгөрткөндүгү тууралуу талкуулаңыз. Окуучулар өз ой толгоолорун текст, баштапкы билимдеринин жардамы мененби же экөө менен тең тастыктай алышабы? Талкуу учурунда «Мен-Сен-Биз» ыкмасын пайдаланыңыз, 30 секунддун ичинде, өз алдынча эмнени

окугандыгы жөнүндө ойлонуусун сураңыз. Андан кийин өзүнүн досу менен жупта талкуулоону сураныңыз. Акырында, ар бир жуп өз ой-пикирин класстын бардыгына айтып, бөлүшүшкөнү туура болот.

**Стратегияны колдонгондон кийин:**

Үй тапшырмасы: окулган текст/тема боюнча ББкБ-таблицасын толтуруу**.**

Баалоо: Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн "Жыйынтык билеттерин» колдонуп, төмөнкү аракеттердин каалаганын пайдаланыңыз: ®∞бүгүн үйрөнгөн бир нерсеңизди жазыңыз; ®∞бүгүнкү сабактын күн сайын жасаган ишиңиз менен кандай байланышы бар экендигин талкуулаңыз; ®∞мен түшүнгөн жокмун ..., мен бул жөнүндө көбүрөөк билгим келет ..., кененирээк түшүндүрүп берсеңиз ..., бүгүн мени таң калтырган нерсе ...; ®∞бүгүнкү сабакка байланыштуу бир суроо жазгыла. ®∞Окуучуларга «шыбырап айтууларды» оозеки же алар көрө алгандай, постер (плакатта) же тактада сунуштаңыз. ®∞Окуучуларга жоопторун жазышы үчүн, аларга 3 х 5 карточкаларын таратуу.

Айрым учурларда мугалимге бардык окуучулардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн, окутуу ыкмаларын өзгөртүүгө туура келип калышы мүмкүн.

**Баалоонун варианттары:** Көндүмдөрү тийиштүү деңгээлден төмөн окуучуларга мугалим ошол эле теманы скаффолдингди колдонуу аркылуу берсе болот; Тийиштүү деңгээлдеги көндүмдөрү бар окуучулар үчүн эч кандай өзгөртүүлөр талап кылынбайт; Көндүмдөрүн мыкты өздөштүргөн окуучуларга мугалим ошол эле темага карата бирок окуу көндүмдөрүнүн илгерилетилген деңгээли үчүн жазылган текстти берсе болот.

Акындын «Өлүп тирилгендер» поэмасы согуш темасын чагылдыруу менен пенде идеясын дагы башка жаны планда ача алган. Ошондой эле акын «Өлүп тирилгендер» поэмасы аркылуу трагедияны жениш-утушка буруп кетет. Окуучулар менен чыгарманы кабыл алуу процессинде биринчи кезекте түшүндүрүп берүүчү жагдай бул поэманы темасы «Өлүп тирилгендер» деп

аталып жаткандыгында. С.Рысбаевдин «Кыргыз тили жана адабияты мугалимине 100 кеңеш» деген эмгегинде тексттин атын талдап түшүнүү боюнча бир катар натыйжалуу ыкмаларды сунуштаган [133,66-б.]. Мугалим класска өтүлө турган теманы А.Осмоновдун «Өлүп тирилгендер» деп жарыялагандан соң болжолдуу түрдө окуучулардын көпчүлүгүндө психологиялык, философиялык барьер кездешет. Окуучуларда кездешкен барьер бул – поэманын аталышы. Албетте окуучулар поэманын таң калуу жана кызыгуу менен кабылдайт. Демек, мугалим алгач окуучуларга түшүндүрүүчү нерсе – поэманын атын тээ төркүнүнөн эң кичине деталынан түшүндүрүп берүү. Окуучуларга поэманын атын талдап, түшүндүрүп бергенде да гана поэманын мазмуну, тематикасы ачылат. Мугалим окуучуларга поэманы өтөөрдөн мурун поэманын эмне үчүн ушундай аталып жатканына токтолуп, сабактын киришүү бөлүмүндө төмөндөгүдөй ыкманы пайдаланууга болот. **«Чейин/Түшүнүктөр/кийин»** ыкмасы. Алгач мугалим окуучуларга «Кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн поэманын аталышы «Өлүп тирилгендер», «Чыгарманын мындай аталышы эмнеден кабар берип турат?» деген суроолор менен кайрылат. Андан соң, **«Чейин, түшүнүктөр, кийин»** ыкмасы боюнча иш алып барылат. Ар бир окуучуга таблица таркатылат. (1-таблица). Мында окуучулар таблицадагы **чейин деген** бөлүгүн поэманын окуясы менен таанышканга чейин плюс (+), минус (-) белгисин коюп белгилешет. Эгер таблицадагы «түшүнүктөр» деген бөлүктөгү келтирилген ойлорго ынанса плюс (+), ынанбаса минус (-). Мугалим үчүн аткарыла турган кийинки кадам жаңы теманы түшүнүдүрүү болуп эсептелинет. Алыкул Осмоновдун «Өлүп тирилгендер» поэмасы жөнүндө маалымат берилет. Поэмадагы каармандар мекенди коргоо үчүн согушка кетип, алардан узак убакыт кабар келбей, кийинчирээк «өлдү» деген кабар келет. Ал учурда чынында ушундай болгон себеби согушта ок тийип, катуу жарат алып, же болбосо душмандар тарабынан туткунга түшкөндөрдөн кабар келбей калган. Такыр дайыны жок болуп, «өлдү» деген кабар келип, согуш бүтүп, заман жакшыра баштаганда алар келишкен. Поэмада өмүр, өлүм,

тагдыр философиясынын идеялык өзгөчөлүгүн окуучуларга жеткирүү керек. Ошондо гана поэманын темасы ачылып, окуучуларга түшүнүктүү боло баштайт [5, 414-417-бб.]. А.Осмонов акындык жогорку чеберчилик менен согуш бүтүп, бирок согушта аман калып, кайткан жоокерлердин тагдыры жөнүндө адабиятта учурабаган өзгөчө мазмунда мыкты поэма жарата алган. Поэмада Султангазы, Жумадыл, Калдаң аттуу каармандар «өлүп тирилет». Бул албетте, тике мааниде эмес, өтмө мааниде айтылып жаткандыгын түшүндүрөт.

**Таблица 3.13. «Чейин/түшүнүктөр/кийин» ыкмасы**

| Чейин | Түшүнүктөр | Кийин |
|---|---|---|
| + | Дарыгерлер катуу ооруга чалдыккан адамдарды айыктырышат | |
| | Согуш учурунда туткунга түшүп калып, азап тарткан жоокерлер жөнүндө | |
| | чыгармадагы каармандар мекенди коргоо үчүн согушка кетип, «өлдү» деген кабар келип, бирок кийин алар аман-эсен кайтып келишет | + |

Мугалим материалды текст катары, видео катары да берсе болот. Текст, видео, аудио окуучуларды эффективдүү кабыл алууга, жаңы билимдерди алуудан мурун окуучулардын мурунку билимдерин ачууга, ой жүгүртүүдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоого үйрөтөт. Согуш тууралуу поэмаларды окутуудан мурда мугалим бул багыттагы тарых, адабият таануу боюнча китептер, документалдуу фактылар менен терең тааныш болушу да шарт. Бул боюнча окумуштуу-методист Ж. Эшиев «Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери» аттуу монографиясында токтолуп өткөн [150, 35-б.]. Поэма менен таанышуу алдынан окуучулар билүүчү документалдуу фактылар. *Биринчиси,* Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө маалымат. *Экинчиси,* мекенди коргоо үчүн согушка кетип, узак убакыт кабар келбей, кийинчирээк «өлдү» деген жаңылыштык кабар келип,

бирок алар белгилүү убакыттан кийин өз мекендерине кайткан жоокерлер жөнүндө тарыхый фактылар [150, 36-б.]. Чындыгында согушта ок тийип, катуу жарат алган айрым жоокерлер тууралуу кабар жок болгон. Такыр дайыны жок болуп, «өлдү» деген кабар келип, согуш бүтүп, заман жакшыра баштаганда алар келишкен.

Акындын «Өлүп тирилгендер» поэмасындагы каармандар Султангазы, Жумадил, Калдаңдардын жашоосунун экинчи учурун түшүндүрүү абзел. Ошондо гана окуучулар чыгарманын идеялык-тематикалык мазмунун түшүнүнө алышат. Айрыкча анык эмес «өлдү» деген кабар келгенден кийин айылына аман-эсен кайтып келген Жумадилди жүрөгү өрттөнөт. Башкача айтканда жесир калган аялын Жумадилдин инисине мажбур алып берип коюшат. Иниси Асанкелдинин агамдын аялын албай деген оюна эскичиликтин салтын улаган туугандары каршы чыгып, канчалаган тоскоолдук көрсөтсө да алып берген.

Согушта ар кандай кыйынчылыктарга чыдап мекенди коргогон Султангазы, Жумадил, Калдаңдардын жашоосунун өлүп тирилгендеги экинчи учурундагы жашоосу өз-өзүнчө карап окуучуларга жеткирүү. «Султангазы комбайндын курсун окуп, күздө-күздөп, жазды-жаздап» элдин эмгегин кылды. Жумадилдин алын билсек, колхозго берилүү менен иштеп, кыргыздын «Жогорку Улуу Советине» эл депутаты болду. Ал эми Калдаңдын барган жери майкөл-сүткөл болуп, дөөлөттүн үстүндө жашоосу уланды. Согушта кат үзүлүп, «өлдү» деген кабар келип, убакыт өтүп алардын дайыны чыгып, айылдарына келсе алардын оюндагыдай жакшы жашоо күткөн жок. Бирок убакыт өтүп, «убакыт бардык нерсеге дары» дегендей Султангазы менен Жумадилдин согушта көрсөткөн эрдиктери даңкталып, эл оозуна алынып, жакшы жумуштарда иштеп калат. Мына ошону менен катар окуучуларга кыргыз жоокерлери жеңилбес экендигин көрсөтүшүбүз керек. Поэмадагы бул саптарды талдоо аркылуу окуучуларды эч качан үмүтсүздүккө түшпөө,чыдамдуу, сабырдуу болууга тарбиялай алабыз.

### 3.3. «Жеңишбек» поэмасын педагогикалык жактан интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») технологиялары

А.Осмоновдун поэмалары окуучуга эмоционалдык жактан чоң таасир берип, аларды өмүр жана жашоо-турмуштун миң кырлуу көйгөйлүү жана кубанычтуу жагын көрсөтүп терең  ойго салган чыгармалардан экендиги белгилүү. Ошолордун бири – «Жеңишбек» поэмасы арман жана үмүт темаларын терең сүрөттөгөн чыгармалардын бири болуп саналат. Поэманын башкы каарманы Миңбай карыя – кыйынчылыкка, азапка, жана жамандыкка каршы турууга бел байлаган, ошол эле учурда үмүттү жоготпогон инсан. Анын ички дүйнөсү, арманды жана үмүттү аралаштырып, чоң психологиялыкконфиликттерди жана тоскоолдуктарды көрсөткөн.

Окумуштуу-педогог С. Рысбаев:  «Балага таалим-тарбия берүүдө жардам болоор көптөгөн каражаттардын бири  көркөм чыгарма. Бирок көркөм чыгарма өзүнөн-өзү эле балага турмушта таалим-тарбия боло бербейт. Ал үчүн адабият мугалими окуучулар менен бирге көркөм чыгарманы талдап түшүнүүсү керек деп белгилейт [127, 45-46-бб.]. Кыргыз адабияты сабагында көркөм чыгарманы адабий-мазмундук жактан талдоонун (интерпретациялоонун) мектеп практикасында көп эле колдонуп жүргөнү белгилүү. А бирок окумуштуу-педагогдор С. Байгазиев, Н. Ишекеев, А. Муратов, С. Батаканова, С. Сакиевалар жана казак окумуштуусу профессор Б.Сманов сунуш кылгандай көркөм чыгарманы  адабий-мазмундук жактан интерпретациялоо менен бирге, педагогикалык интерпретациялоо зарылчылыгы бар экенин айтышат. Анткени мектептеги адабий окуу жана адабият сабактарында чыгармага адабий-мазмундук талдоо жүргүзүп түшүнүү эле жетишсиз, андыктан, ал сөзсүз түрдө педагогикалык интерпретациялоонун талап кылып тураары анык деп айтышат.

Биз төмөндө 10-класста «Жеңишбек» поэмасын таанытуучулук маанисин, билим берүүчүлүк мазмунун, өнүктүрүүчүлүк  мүмкүнчүлүгүн,

тарбиялоочулук маани-маңызын ачып берүү үчүн педагогикалык интерпретациялоонун технологияларын сунуштадык.

**1) Таанытуучулук маанисин ачуу:** «Жеңишбек» поэмасынын башкы каарманы Миңбай карыя уулунун согушта курман болгонун билсе да аны жүрөгү кабыл алгысы келбей пристанга эл менен кошо келип, куру үмүт менен көлдү тиктеп, күтүп, томсорот. Жүрөгү өрттөнүп турса да кайратынан жазбай, ичинен күңгүрөнө дүйнө-өмүр менен сүйлөшөт. Миңбай карыянын күйүтүн ачууда акын сүрөттөгөн пейзаждын чоң мааниси бар. Каардуу душманды жеңип, эр азамат жоокерлер туулуп өскөн жергесине кайтып жаткан учур. *Бул жерде эне-аталар, жаш-карылар, Түрлүү-түс, түрлүү улуттун бардыгы бар. Адамзат тирүү жүрсөң көнүлгө албай, Жок болсоң «аттиң ай» деп, арман кылар. Эл түшөт, кеме токтойт, аркан салып, Азоодон тизгин бербей, албууттанып, Бирөөлөр «Абакебай», «байке» десе, Бирөөлөр «кулунум» дейт жашы тамып* [68, 265-266-бб.]. Миңбай уулунун келбей турганын, анын Варшаванын жанында курман болгонун билген. Бирок, үмүт кыйын жалгыз перзентин илгери үмүт мененкүтүүдөн тажабайт. Улам-улам келе берип, көл жээгинде каңырыгытүтөгөн Миңбайдын карааны жүрөк сыздатат.

**2) билим берүүчүлүк мазмунун ачуу:** Көркөм чыгарманын стилин, идеялык мазмунун, образдар системасын туура түшүнүп, терең талдай билүү үчүн анын тилин изилдөө чоң мааниге ээ.

**Таблица 3.14. – «Жеңишбек» поэмасынын тилин талдоо**

| **Топтор** | **Адабий-теориялык түшүнүктөр** | **Чыгармадагы мисалдар** |
|---|---|---|
| 1-топ: Метафора тобу | **Метафора** (гр. – өтүп кетүү) – троптун негизги түрлөрүнүн бири; бир нерсени, көрүнүштү башка бир окшош же жакын нерсе, көрүнүш менен атоо. Метафора оозеки жана жазуу речинде эң эле көп учурайт. Шарт боюнча салыштырууга да | замана бойго жетет, кубанычтын суулары |

| | | |
|---|---|---|
| | окшош. Салыштырууда белгилери бар бир нерсе башка бир нерселерге салыштырылып, ал экөөнүн тең касиеттери бирдей даражага ээ болуп турса, метафорада биринчи нерсе такыр жоголуп, анын экинчи нерсеге өткөн белгиси гана калат [146, 178-б.]. | |
| 2-топ: | **Метонимия** (гр. – башкача атоо) – эки түшүнүктүн, кубулуштун ортосундагы логикалык жакындыгына негизделген башкача атоо. Метонимияда бири-бирине маанилик жактан жакындыгы бар, бирок окшошпогонн предметтик белгилери алмашылат. Метонимиянын төмөнкүдөй негизги учурларын белгилөөгө болот:<br>1.Нерсенин, же кишинин аты башка нерсе, буюмдун ордуна колдонулат.<br>2.Автордун наамы менен чыгармасын туюнтат.<br>3. Нерсе ал жасаган материал менен алмашылат.<br>4.Бир нерсенин аракети жана анын натыйжасы ошол аракетти ишке ашыруучу нерснин атына көчүрүлөт.<br>5.Адамдын өзүн атоонун ордуна алар жашаган жер аталат. | Ээриң жок жайдакталып кайра келдиң? Эскиртип канатыңды кайра келдиң? |
| 2-топ: Салыштыруу тобу | **Салыштыруу** – троптун речте (ар кандай түрүндө) колдонула берүүчү жөнөкөй түрү. | Сүрдүгүп, ташка тийген тулпарга |

| | | |
|---|---|---|
| | Кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү толук жана конкреттүү көрсөтүп берүү үчүн биз аны башка нерсе, көрүнүш менен окшоштурабыз, алардын жалпы белгилерин, окшош жактарын көрө билип, салыштырабыз.<br>Салыштыруу негизги төрт элементтин катышынан куралат:<br>1. окшогон нерсе;<br>2. окшотулган нерсе;<br>3. окшош белги;<br>4. окшоштукка кошумча каражаттар (-дай, -ча мүчөлөрү, сыяктуу, сыңары, окшош, түстүү, бетер, куду, өңдүү деген кошумча кызматчы сөздөр) [148, 135-б.]. | окшоп, ындыны өчүп нечен курдай, жалкоо толкун, азоодой тизгин бербей, |

Бүгүнкү санариптик дүйнөдө технологиянын жардамы менен интенсивдүү баарлашуу жүрүп жатат, ошондуктан жазуу түрүндөгү маалыматты берүүнү жана кабыл алууну билүү маанилүү. Электрондук почта, онлайн чаттар, факстар, веб-сайттар, социалдык тармактар – мунун баары жазуу көндүмдөрүн талап кылат. Баарлашуу канчалык ачык болсо, ийгиликтин ыктымалдыгы ошончолук жогору болот. Кайсы гана тармакта болбосун же кайсы гана кесипте болбосун, жазуу көндүмү өтө маанилүү. Андан кийин окуучуларды өз алдынча чыгармага жазууга үйрөтүү. Орто мектепте окутуунун негизги милдеттеринин бири окуучулардын өзүнүн оюн оозеки жана жазуу түрүндө ырааттуу билдирүү билгичтигин жана көндүмүн калыптандыруу болуп саналат. Бул милдет маалыматты кабыл алуу, анын мазмунун билдирүү же өз оюн топтой алуу билгичтигин өнүктүрүү жолу

аркылуу ишке ашат. Окуучулардын өз чыгармачыл жазуу ишин жаратуунун алгоритми төмөнкүдөй болушу мүмкүн (3.3.2-таблица).

**Таблица 3.15. – Чыгармачылык жазуу процессинин баскычтары**

| **Жазуу процессинин баскычтары** | **Даярдык баскычы** |
|---|---|
| **Максаты** | Окуучуларды теманы тандоого, тексттин негизги оюн аныктоого, ишти жазуу үчүн керектүү материалдарды чогултууга, план түзүүгө, окуялардын логикалык ырааттуулугун белгилөөгө үйрөтүү. |
| **Мазмуну** | Жазуу ишинин темасын тандоо;башкы ойду аныктоо; кептин стилин (көркөм, ишкер ж.б.), тексттин түрүн (баяндоо, ой жүгүртүү, сүрөттөө) жана адабий жанрды (аңгеме, жомок, поэма, кичинекей поэтикалык чыгарма ж.б.) аныктоо; тема жана аны ачуу ниетине ылайык материалдарды топтоо жана тандоо; жазуу ишинин планын түзүү. |
| **Жазуу процессинин баскычтары** | **Негизги баскыч** |
| **Максаты** | Окуучуларга иштелип чыккан планга ылайык текстте ырааттуу билдирүүлөрдү түзүүгө үйрөтүү. Тексттин түзүлүшү менен иштөө (аталышы, тексттин бөлүктөрү жана алардын ортосундагы байланыштар, кириш сөз жана жыйынтыктоочу сүйлөм, кептин стилине, түрүнө жана жанрына ылайык композициясы). Кеп ишин уюштуруу – сөз байлыгын кеңейтүү жана сүйлөмдөрдү туура куруу. |
| **Мазмуну** | Иштелип чыккан планга негизделүү менен, иштин чиймелеп жазган вариантын даярдоо, бул жерден |

| | |
|---|---|
| | жазылган тексттин ылайыктуулугун сактоо: • *тандалган темага жана негизги ойго; • ойлорду берүүдө ырааттуулукка жана байланышка; • тексттин түрүнө, кептин стилине, жанрына; • тексттин түзүлүшүнө; • ар кандай конструкцияларды жана лексикалык каражаттарды пайдаланууга.* |
| **Жазуу процессинин баскычтары** | **Жыйынтыктоочу баскыч** |
| **Максаты** | Окуучуларды өз алдынча текшерүүгө, өз ишин редакциялоого, текстин байланышын жана толуктугун жакшыртууга, каталар менен кемчиликтерди жоюуга үйрөтүү. |
| **Мазмуну** | Төмөнкүлөрдү эске алуу менен алгачкы текстин талдоосун жүргүзүү: • *теманы жана негизги ойду ачуу; • баяндоонун логикалдуулугу; • жалпылоонун бар болушу; • автордун ой толгоосунун бар болушу; • тандалган кептик стилге текстин ылайык келиши.* |

Пландаштыруу картасы. Окуучуларга иштин максатын, окурмандардын аудиториясын жана картада көрсөтүлгөн суроолорго жоопторду жазуу сунушталат. Жазуу процессинде окуучулар картага кайрылышат жана көздөгөн максаттары менен ишти байкай алышат.

**Таблица 3.16. – Пландаштыруу картасы**

| | |
|---|---|
| Аты________________________________________<br>Мөөнөтү: Класс: 10-класс<br>Сабак: Кыргыз адабияты | |
| Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасы тууралуу маалымат берүү | Мен жазган чыгарманы менин досторум угат |

| |
|---|
| Уулунун согушта курман болгонун билсе да жүрөгү сезгиси келбей пристанга эл менен кошо келип, куру үмүт менен көлдү тиктеп, күтүп, томсоргон Миңбай чал. Жүрөгү өрттөнүп турса да кайратынан жазбай, ичинен күңгүрөнө дүйнө-өмүр менен сүйлөшкөн карыя… |
| «Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,<br>Толкуса толкунуна тең ортокмун.<br>Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,<br>Бир сырлуу мындай жолдош күткөн жокмун», – деген саптар Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасынан үзүндү |

**3) өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгүн ачуу;** мисалы: баланын инсандыгын, акылын, сезим-туюмун, ой жүгүртүүсүн, далилдерди, мүнөздөрдү, образдарды салыштыра билүүсүн, дүйнөнү, адамды таанып билүүсүн, турмуштук практикасын, дүйнөгө болгон көз карашын өнүктүрүүгө салым кошуу, үйрөнгөнүн практикада колдоно билүү, окурмандык маданиятын, рухий дүйнөсүн байытуу ж.б.

**Таблица 3.17.– «Концепция таблицасы» ыкмасы**

| Салыштыра турган кейипкер | Миңбай карыя |
|---|---|
| Порттреттик сыпаттамасы | эч кимге жамандык ойлобогон сабырдуу инсан |
| Кулк-мүнөзү | сабырдуу, даанышман, ойчул, адилеттүү |
| Иш-аракети | ар бир аткарган ишинде даанышмандык байкалат. Элдин жашоосунун тынчтыгын ойлогон адилеттүүлүк үчүн кандай гана нерсе даяр экенин көрсөтө алган каарман |
| Автордун ою | Ким десең бул карыя, Миңбай ата,<br>Көз салып, эртели-кечке батыш жакка.<br>Көп менен бул да кошо уулун күтөт,<br>Күткөнү дайым чеки, дайым ката... |

| | |
|---|---|
| Менин пикирим | *(бул жерге окуучу өз пикирин жазат)* |
| Салыштыра турган кейипкер | Курманбек |
| Порттреттик сыпаттамасы | Ак эмгеги менен элге жаккан. Эч качан үтүтсүздүккө түшпөгөн адам |
| Кулк-мүнөзү | Сабырдуу, берешен, мээнеткеч |
| Иш-аракети | Шайыр, эч качан үмүтсүздүккө түшпөгөн аракетчил адам |
| Автордун ою | Курманбек эл кутманы жетимиш жашта, Кемпири алтымыш жашта ушул жазда. Небир алп уландарды кайкалатат<br>Экөө тең тамашалап учурашса |
| Менин пикирим | *(бул жерге окуучу өз пикирин жазат)* |

«Концепция таблицасы» усулун сабактын жыйынтыктоодо колдонсок, окуучулар таблицаны сабакта алган маалыматтарынын негизинде толтурат. Эгер жаңы теманы өздөштүрүү сабагы болсо, таблицаны маалыматты алуу учурунда толтурат.Таблицанын акыркы тапшырмасы «менин пикирим» бөлүгүндө ар бир окуучу өз алдынча ойлонуп, оюн эркин жазууга үйрөнөт.

**4) тарбиялоочулук маани-маңызын ачуу;** Чыгарманын тарбиялоочулук маанисин ачуу үчүн, анын идеясы жана образдары аркылуу балага бир нече түрдүү тарбиялык аспекттерди үйрөтүүгө болот. Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасында төмөнкү тарбиялык маселелерди ачыктап, окуучуларга туура түшүндүрүү керек:

- Адептик-ыймандык тарбия;
- Патриоттук тарбия;

- Акыл эмгегине машыктыруу;
- Эстетикалык сезим-туюмдарды өстүрүү;
- Рухий жана дене жактан тарбиясын бекемдөөгө машыктыруу;
- Идеялык-саясий көз карашын байытуу.

Көркөм чыгармага мына ушундай педагогикалык талдоо жүргүзүнүн технологиялары окуучуларга чыгарманын жугумдуулугун, тарбиялык таасирдүүлүгүн арттырат, жазуучунун айтайын деген негизги оюн окуучунун жан дүйнөсүнө жеткирет. Педагогикалык талдоо окуучуга чыгарманын педагогикалык табиятын ачып берет.

### 3.4. «Майдын түнү» поэмасын окутууда окуучулардын сынчыл ой жүгүртүү аркылуу окуу менен жазууну өнүктүрүү технологиялары

Поэмада баяндалгандай айылда Баян жигит менен Бүбүш кыз махабаттын таттуу даамдарын татып, турмуш курушат. Бирок негедир эркектик мүнөзүн коё бербей Баян аялын себепсиз эле кызгана берет. Акын поэмада сүйүү менен кошо чоктой болгон кызганыч жашаарын белгилеп өтөт. Кызганыч сүйүүнү талкалабаш үчүн эки тараптуу түшүнүүнү, сабырдуулукту поэмада чагылдырып бере алган. Балким кызганыч сүйүүнүн бар экенин далилдеп турган же болбосо таттуу сүйүүнүн кээде калемпир сыяктуу ачуусун даамдатып турган нерсе сыяктуудай. Бул нерсени акын Бүбүш кыздын сабырдуулугу турмуш жолдошуна болгон урмат-сый менен көрсөтө алат. Азыркы учурда кызганычтын айынан канчалаган үй-бүлөлөр ажырашып кетүүдө акындын «Майдын түнү» поэмасында бул нерсени туура түшүнүүнү, курулай кызгануудан улам чыр-чатактардан чыгуунунун алдын ала алат. Ал эми поэмадагы мына ушул таалим-тарбияны окуучуларга жеткирүүдө окуучулардын сынчыл ой жүгүртүү аркылуу окуу менен жазууну өнүктүрүү технологияларын сунуштадык.

Бул поэманын негизги темасы - сүйүү, ишенич, жоокерлердин эрдиги жана адамдык кадыр-барк. Мына ушундай абалдардын негизинде «Майдын түнү» поэмасынан ачкыч сөздөр же таяныч сөздөр аркылуу аңгеме түзүүнүн болжолдуу үлгүсүн сунуштайбыз.

**Ачкыч сөздөр же таяныч сөздөрдүн компоненттери:**

**Эмоция:** коркуу,таң калуу, кубануу, тынчсыздануу, өкүнүү

**Сезимдер:** Сүйүү, ишенич, кызганыч

**Каармандар**: Баян, Бүбүш, Батмажан

**Мезгил жана орду:** Улуу Ата Мекендик согуш, колхоз, госпитал.

1.Мугалим ушул сөздөрдү доскага жазып, окуучуларга «Майды түнү» поэмасы боюнча жогоруда сунушталган сөздөр аркылуу теманын мазмунун болжолдошот.

2. Келтрилген ачкыч же таяныч сөздөрдү катыштырып аңгеме түзүшөт.

Маселен, төмөндөгүдөй болжолдуу темаларга аңгеме жазууга болот: «Күмөн саноо жана сүйүүдөгы чындык», «Айлуу түндөгү окуя», «Сүйүү, кызганыч, ишенич», «Мекенди коргоо», «Жарадар Баян» ж.б.

Бул ыкманы колдонуудагы күтүлүүчү натыйжалар:

Окуучу:

-аңгемелешүүдө өз божомолун чыгармачылык билдире алат;

-жаңы тема менен изденүүчүлүк менен иштөөгө багыт алат;

-өз божомолуна шайкеш келүүчүлүк/шайкеш келбечүүлүк боюнча рефлексия жасайт.

Сабактын жүрүшүндө мугалим «Божомол таблицасы» ыкмасын ишке ашырууда атайын даярдалган поэмадан үзүндү жазылган 3 бөлүктү камтыган таркатылат. Үзүндү окуучулар үчүн таяныч текст болуп эсептелинет. Поэмадан алынган үзүндү менен таанышкандан соң, андан ары карай эмне боло тургандыгын тууралуу таблицаны биринчи бөлүгүнө божомолдоо жазышат. Келтирилген божомолдоону эмнеге таянып айтып жатканын таблицанын экинчи бөлүгүнө, андан кийин чыгарманын жүрүшү боюнча эмне болгонун поэманын калган бөлүктөрү менен таанышкан соң, таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтурат. Мында мугалим поэманы окуп берип, же окуучуларга окуткандан караганда адаттан чоң айырма болот. Дагы жакшы жери мугалим бош таблицаларды алдын ала даярдап, окуучуларга таратат. Окуучулар поэмадан үзүндү уккан соң өз божомолдоолорун

келтирип, үзүндүгө таянып далил боюнча жазып, анализдейт. Андан кийин поэма боюнча чындыгында эмне болоорун уккан соң 3-бөлүктү толтурганы окуучулардын бир учурда 3 процессти аткарганы менен өзгөчөлөнүп турат [108, 20-21].

**Таблица 3.18.– «Божомол таблицасы» ыкмасы**

<table>
<tr><td colspan="3">Жыл учту, айлар акты, жазгы суудан,<br>Калкылдап канат каккан ак куулардай.<br>Кан күйгөн ата журттун чоң күнүнө<br>Багжаңдап Баян кетти мылтык кармай...<br>Журт сактоо, эл коргоону сүйүү менен<br>Ишенбей Бүбүшүнө зарлай...зарлай...</td></tr>
<tr><td>Эмне болот?<br>Божомол</td><td>Өз сөзүңдү эмнеге таянып айтып жатасың? Тексттин бул бөлүгүндө кандай далил бар?</td><td>Чындыгында эмне болду?</td></tr>
<tr><td>Бүбүшжан Баянды жактырган эмес жана турмуш курганга чейин Бүбүшжан Баяндын жазган каттарына анчалык жооп жазбаган болушу мүмкүн.</td><td>Себеби, үзүндүдө келтирилгендей «ишенбей Бүбүшүнө зарлай.... зарлай...» дегенден улам ушундай божомолдоону келтирдим.</td><td>Баян менен Бүбүшжан бири-бирин сүйүп, таттуу турмуш курушкан. Бирок Баян обу жок эле жок жерден курулай кызгана берет.Бүбүшжан кызгана турган бир да жаман кыпындай иш кылбаса да эркектик табиятынан жазбайт жана тайбайт.</td></tr>
<tr><td colspan="3">Бул кезде Баянды шаттык басат,<br>Ааламга сыйбоочудай, толкуйт, ташат.<br>Жоготкон жогун тапкан бактылуудай,</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| Сагыныч бир азыраак тараган соң,<br>Батмадан баян сурайт, мунусу оң,<br>— «Эмне үчүн сен эркекче кийиндиң?» дейт. | | |
| Эмне болот?<br>Божомол | Өз сөзүңдү эмнеге таянып айтып жатасың? Тексттин бул бөлүгүндө кандай далил бар? | Чындыгында эмне болду? |
| Батма эркек мүнөз кыз болгондуктан дайыма эркектерге окшоп кийинип жүргөндү жактырган. Ошондой эле Баянды кызгандырыш үчүн Батма эркектин кийимин кийинип роль ойногон деп ойлойм. | Себеби, үзүндүдө келтирилгендей «Жоготкон жогун тапкан бактылуудай, Сагыныч бир азыраак тараган соң, Батмадан баян сурайт, мунусу оң,<br>— «Эмне үчүн сен эркекче кийиндиң?» деп сурап жатат. Муну менен Батма эркектин кийимин дайым кийип жүрөт.Ошондой эле ошол күнү  Бүбүшжандан кабар алганы келген. | Баян фронтто Эр Манас бабасынча кармашып, душмандарды мекенден коргоп жүрүп, чабуулда оң бутунан жараланат.Үй ай госпиталда дарыланып жатып, жараты жакшы болбой айылына жөнөтүлөт.Ошол эле учурда айылга «Ата журт орденинин биринчиси» Бозоев Баянга деген Москвадан кабар келет. Бул эрдикке арнашып айыл эли сахналаштырылган оюн коюшат. Жигит ролу кем болгондуктан Батма эркекче кийинип жигиттин ролун аткарат. |

Бул окутуунун технологиясында: -окуучулар тексттин ар бир деталы менен таанышат; -тексттеги себеп жана натыйжа байланышын таба алат; -окуянын өнүгүшүн болжолдой алат; -башкалардын идеяларын уга жана кабыл алуу билгичтиктерине ээ болот.

**3.5. А.Осмоновдун поэмаларын окутууда жазуу иштерин (дилбаян, баяндама, эссе ж.б.) жүргүзүүнүн өркүндөтүүнүн жолдору**

Окутуп жаткан мугалим да, окуп жаткан окуучу да кандайдыр бир темага же чыгармага байланыштуу дилбаян, баяндама же эссе жазуудан мурда ошол теманын тегерегинде маалыматтарды жыйнап, талдап көрүшү зарыл. Маселен, баяндаманы (доклад) жасоо чоң жоопкерчиликти талап кылгандыктан, баяндамачы өз аудиториясы үчүн болгон аракетин жасап, кызыктуу маалыматтар менен коштолгон, тажатпаган далилдерди келтирүү менен мыкты баяндаманы адегенде, кагазга түшүрүп, андан соң жыйында, симпозиумда, конференцияда, чогулушта, сабакта ж.б. иш чараларда кезеги келгенде, өзү даярдаган баяндаманы өзүнүн жай, уккулуктуу коңур үнү менен аудиторияга тааныштырат. Баяндама жаздыруу мектеп практикасында жат жазуудан кийинки жазуу жумушу болуп, кайсы класстын окуучусу болбосун анын жаш курагын эске алуу менен окуучунун кебин (жазуу кеп, оозеки кеп) өстүрүүдөгү абдан негизги жана олуттуу иш болуп эсептелет.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.К.Рысбаев баяндама жазуунун алдындагы негизги үч максатты белгилеген: «...биринчиси – тексттин мазмунун кайталап жазуу, экинчиси – текстти өзгөртүп кайра түзүү жана үчүнчүсү – текстти өркүндөтүп кайра түзүү» [130, 5-6-бб.]. Бул максаттарды абдан туура белгилеген, себеби, баяндама – окуучунун сөз байлыгын өстүрүп, дүйнө таанымын кеңейтүүдө кандайдыр бир тигил же бул маселени чагылдырган тексттин өзү кайталап, же анын айта турган маңызын өзгөртүп түзүү, же текстти байытып, өркүндөтүү менен коштолушу керек болгон мыкты жазуу жумушу боло алат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө биз баяндама жазуунун бир канча талаптары жана натыйжаларын аныктадык. Аларды төмөндөгүдөй таблицага жайгаштырдык:

| | |
|---|---|
| Талаптары | • теманы туура тандоо;<br>• темага байланыштуу материалдарды жыйноо;<br>• темага тиешелүү адабияттарды окуп чыгуу;<br>• теманын мазмунун ачып берүү;<br>• логиканы кошуу;<br>• көркөм сөз каражаттарын колдонуу;<br>• окуяларды, көрүнүштөрдү образдуу сүрөттөй алуу;<br>• каармандардын ички дүйнөсүн, психикалык абалын жана сырткы келбетин ачып бере алуу;<br>• уккан-билгенин, болгон окуяны, болуп жаткан жагдайды, боло турган маселелерди ирээти менен адегенде ойлону, анан аларды кагазга түшүрүү ж.б.<br>• жаза турган тема боюнча эркин ой жүгүртүү. |
| Натыйжалар | • туура тандалган теманы мыкты ачып берет;<br>• мурун тааныш эмес маалыматтарга ээ болот;<br>• адабият менен таанышуу аркылуу билимин, билгичтигин толуктайт;<br>• логиканы кошуу аркылуу жаза билүү тажрыйбасын топтойт;<br>• образуу сүрөттөө окуучунун ою менен жазуу жөндөмдүүлүгүн калыптандырат;<br>• каармандардын жан дүйнөсү, психикалык абалы, жүрүш-турушу, келбетин так өзүндөй жеткире алуу мүмкүнчүлүгү пайда болот;<br>• бардык уккан-билгенин өзүнүн баяндамасы аркылуу так, даана баяндап, сүрөттөп жеткире алат; |

| | |
|---|---|
| | • эркин ой жүгүртүүнүн жемиши окуучунун кеби өстүрөт. |

Жогорудагы таблицада баяндама жазуунун талаптары менен натыйжалары толук сакталганда гана окутуу менен үйрөтүү өз максатына жетет деген ойдобуз. Ал эми баяндаманын стили тууралуу айта турган болсок, баяндаманын максаты – окуучунун кебин өстүрүү болгондуктан, анда баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү сыяктуу кептин түрлөрү катышып, илимий стилде, публицистикалык стилде, маданий-көркөм стилде жазылат да, коомдун ар кандай тармактарын талдоого багытталат. Алсак, жеке адамдын бейнесине арналат, анын жетишкендиктери, жашоо-турмушу, ишмердүүлүгү сыяктуу маселелер баяндалат. Ошондой эле, мамлекеттик, коомдук, социалдык, спорттук, маданий, айыл чарбалык жана башка абалдар, жагдайлар, кырдаалдар, окуялар менен көрүнүштөрдү талдап, баяндап берет.

А.Осмоновдун поэмаларын мектепте окутууда, эки позиция бар экендигин эч качан унутпоого тийишпиз. Биринчиси – мугалим, экинчиси – окуучу. Адегенде, поэмадан мурун анын автору тууралуу билүү керек эмеспи. Мына ушундай тартипте мугалим А.Осмоновдун өмүр баяны жөнүндө айтып берет. Жеке адамдын керт башына тиешелүү маалыматтар окуу китебинде берилген гана маалыматтар менен чектелбестен, ошол автор же адам тууралуу башка да кызыктуу материалдар менен толукталып, баяндама катары берилсе сабак өтө натыйжалуу болуу менен бирге, окуучунун билим багажын толуктап, кайтарым байланыш жандуу болот. Ошол эле учурда окуучуларга бериле турган үй тапшырмасы да баяндама жазып келүү болсо, окуучунун окуу китебинен тышкары башка адабияттар, газета-журналдар, макалалар же интернет аркылуу тапшырманы кызыктуу кылып жасап келүү артыкчылыгын күтсө болот. Мындай учурлар, сабакты бышыктоодо да, билимди бекемдөөдө да, алган билимин өз турмуш-тиричилигинде колдонууда да жакшы көрсөткүчтөрдү бере алат. Ушул жерде

биз А.Осмоновдун поэмалары тууралуу төмөндөгүдөй кыскача баяндамалардын болжолдуу үлгүсүн берүүнү чечтик.

Чыгаан акын А.Осмоновдун поэмаларынын дээрлик баардыгы Улуу Ата мекендик согуштун коомго, коомдун мүчөсү болгон ар бир адамдын керт башына тийгизген оор тагдыры, күйүтү жана үмүтүн чагылдырган поэмалар десек жаңылбайбыз. Алардын арасында элдик болуп калган Толубай сынчы тууралуу поэма гана беркилерден өзгөчө, негизи «сынчы» тууралуу уламыш элдики, уламыштын бир варианты Алыкулдун авторлугунда. Мектепте, мугалим А.Осмонов тууралуу программаны жана сабакты бышыктоо үчүн окуучуларга акындын өтүлүп, талкууланган чыгармалары, поэмалары тууралуу ээсе жаздырса жакшы болот.

Тапшырманы алгач окуучулар өтүлгөн темалардын мазмунун кайрадан эске салышып, эссе жазуу үчүн темаларды өздөрү тандашат же болбосо мугалим сунуштайт. Маселен, төмөндөгүдөй болжолдуу темаларга эссе жазууга болот: «Жаратылыш жана акын»; «Акындын пейзаждык сүрөттөөлөрү тууралуу»; «Күйүтүү күтүүгө сугарылган күндөр менен тагдырлар»; «Согуш Алыкулдун көзү менен»; «Каармандын кыялы»; «Акындын Миңбайы», «Жеңишбектин жеңиши»; «Май түнүндөгү окуя», «Чын махабаттын кереметы» ж.б.у.с. Мындай теманын аталыштары окуучунун да, мугалимдин да купулуна толуп, ошондой эле баяндаманын тексти теманы толук ачып берүүгө ылайык болуусу шарт. Аны жазуу процессинде ой жүгүртүү, оюн ирээти менен берүү, көркөм-адабий стилди кармануу, өз кыялы менен пикирин кошуу, орфографиялык каталарды кетирбөө, ойду жыйынтыктоо деген бир канча маселелер жетекчиликке алынат. Эссени тиешелүү деңгээлде жаза алган окуучунун кеп маданияты (оозеки, жазуу), дүйнө таанымы, сабаты өсөт. Сөзүбүздү бекемдөө үчүн биз эки эссенин үлгүсүн берүүгө аракет кылалы. Биринчи эссе Алыкулдун «Жеңишбек» поэмасы тууралуу:

*Жеңишбектин жеңиши*

*Жашоодо баары болот, жакшылык, жамандык, амандык, өмүр,*

*өлүм, кыскасы – бар да, жок да, ый да, күлкү да. «Кудай салса кубарыңдын акысы барбы» дегендей, адамзаттын маңдайына эмнени жазса, аны көтөрбөскө чарасы барбы..?! Улуу Ата Мекендик согуш аяктап, жеңиш тартуулаган күндөр Кыргызстанга, анын ичинен көл өрөөнүнө да келет.*

*Жалгыз уулу Жеңишбектен ажыраган Миңбай карыянын баласынын курман болгону тууралуу кабарга моюн сунбай, «кара кагазга» ишенбей, башкалар жоо жеңип кайткан жакындарын тосуп пристанга барса, кошо барып кур үмүткө азгырылат. Кеме кайра-кайра жоокерлердин жаңы тобун алып келет, кеме келген сайын Миңбайдын күткөнү ордунан чыкпайт…*

*Бир сапар чал дагы кеме тосуп, кур үмүткө алданат. Үйүнө баргандан заарканып, курдашы Курманбектикине кайрылат. Курманбек кан майданга алты уулун атказганын, алтоонон экөө гана жараланып кайтканын кеп салып, Миңбайга кайрат айтып, анан өзү жетимиштен ашканда алтымыштагы кемпири экөө эркек уулдуу болгонун сүйүнчүлөйт. Миңбай бешикте жаткан баланы көрүп, атын Жеңишбек коёт.*

*Согуштун бүтүшү менен баланын төрөлүшү Миңбай эле эмес бардык элдин күйүттүү абалы менен өксүбөс арманын басты. Ылайым согуштун аты угулбасын! Ата-эне балдарынан айрылбасын!*
*Жеңиш келди! Жеңиш биротоло келди!*

Кыргыз тили, адабияты мугалими
Шамырзаев Илгиз, Ош шаары,
№52 Кыргыз-түрк достугу мектеп лицейи,

Экинчи эссе Алыкулдун «Махабат» поэмасы тууралуу:

*Чын махабаттын кереметы*

*Дүйнөдө махабат деген сөздүн өзү сыйкырлуу угулат... Дегенибиз, дал ушул махабаттын, ашыктыктын, сүйүүнүн жалынына кабылып, анын албуутанган алоосуна кимдер күйүп, кимдер кабылбаган. Анын сыйкырдуу ааламына эчен жуптар арбалып, сүйүүнүн эң бир таттуу даамын татпаган. Махабат – бул баркын билгендин балдай таттуу белеги, баркын билбегендин уудай ачуу кесели. Болгон окуяны Алыкул Сагадат деген адамдан угат. Анын жээни Күлшайы Касым деген жигитке ашык болуп, ашыктыгын айтпастан, аман-эсен кайтсын деп көз жаш кылып кала берет. Жигиттен туура эки жыл кабар келбей, өңү өчүп күзгү жалбырактай болгон кыз махабаттын зардабынан эки көзү соолуп калат. Касым да эки бутунан ажырап айылга кайтат. Айыл эли күндө бирөө чакырып Касымды коноктошот. Ошондой күндөрдүн биринде экөө жолугуп калып, кыз жигиттен сурайт:* Касым жигит эски белинде канжарын калыпта алып, кызга “Махабат деген сөздүн мааниси эмне?” деп суроо узатты. Кыз башында таңгалган бойдон ага карап турду, анан колун сунуп, канжарды кармоого аракет кылды. Бирок мизинин ысыгы анын колун күйдүрүп, чыдабай таштап жиберди.

Касым башын жыйып, акылмандык менен ага жооп берди: “Карындаш, махабат - бул ушундай ысык жалын. Мен сүйдүм мекенимди, ата-журтту. Ошол сүйүүмдү мен ынак каным менен бөлүштүм”. Ошол сөздөргө кыз таңдана карап, көздөрү анын терең сүйүүсүнүн жана бир жакка, бир нерсеге берилгендигининин ысыган жылуу күбөсү болорун сезди.
Махабат - бул жүрөктө күйүп турган эң таза, эң күчтүү сезим. Ал бир гана өзүнө эмес, жалпы дүйнөгө арналган.

*– Махабат деген сөздүн мааниси эмне? - деп. Касым белиндеги канжарын сууруп, –Кылда учун бул канжардын карма - деди.*
*Кыз анда ал эмнеси деп, колун сунса мизинин ысыгынан колу чыдабай таштап жиберет.*

*Анда жигит: – Карындаш, махабат мына ушундай ысык жалын,*

*мен сүйдүм мекенимди, ата-журтту, ошого бердим сүйүү ынак канын - деп жооп кайтарат.*

*Кыз анда: – Камчың болсо мага сунчу - деди, камчыны алып, бир аз кармап: – карма - деди мына муну.*

*Касым кыздын колу тийген жерди кармап, ысыгынан таштап ийди.*

*Кыз айтты: – Махабат мына ушундай ысык жалын, мен сүйдүм, сени сүйдүм, таза сүйдүм, сүйүүнүн сага бердим ынак канын -дейт.*

*Мына ушул окуяны көргөн жандар, өң-тааныштар, айыл эли бул эки ашыкты баш коштуруп, туш-туштан эл чакырып той жасап, ак баталарын берет. Ашыктыктын күчүнөн кырк күндүн кырк бирине оогон түнү Касымга бут, Күлшайыга жалжылдаган көз бүттү. Бири саанчы, бири уй ферма эки ашык, жыргап-куунап жашап калат.*

*Мынакей чын ашыктын керемети..!*

*Жаша ашыктык..! Жаша махабат..!*

Кыргыз тили, адабияты мугалими Абдимуталипова Айнура,

№130 Шабы Жумаев орто мектеби

Тексттен байкаганыңыздардай, эсселер чыгармачыл мүнөздө, эне тилибиздин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык жактан бирдиктүү эреже-нормаларды сактап, каармандардын позициялары – тыныш белгилер аркылуу, тактап айтканда сызыкча (–) жана дефис (-), тырмакча («»), суроо белгиси менен илеп белгисинин (?!) катар келген учур, кийинки ойдун болушун талап кылган көп чекит (...) сыяктуу белгилер менен коштолгон текст болду. Тыныш белгилерди өз ордуна турушу – жазуу кебинин сабаттуулугун, ал эми интонация, дикция, мимика (ымдоо), жесть (жаңдоо) ж.б. оозеки кептин сабаттуулугун камсыздайт. Демек, мугалим окуучулар тарабынан аткарылган үй тапшырмасы болобу, же класстагы тапшырма болобу жазуу менен оозеки кептин нормаларына таянуу менен аткарылышын көзөмөлдөө керек.

Албетте, мындай эссе, баяндамаларды, деги эле жазуу жумуштарын дароо эле ойдогудай жазуу оңой менен болбойт, ал үчүн грамматикалык, фонетикалык, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик аныктама менен нормаларды жетекчиликке алуу менен темага байланыштуу текст түзүп, эгер түзүлгөн текст болсо, аны өз алдынча өзгөртүп түзүп, текстти байытып, өркүндөтүү сыяктуу машыгуу жумуштарын дайыма жүргүзүп туруу керек. Сөз адегенде ойдо жаралат, демек сүйлөй турган адам – мурун кимдир бирөөдөн уккканын, көргөн-билгенин, болуп өткөн, болуп жаткан, боло турган окуяны маектешүүчүсүнө, окурманына же угарманына оозеки же жазуу аркылуу жеткиликтүү жана түшүнүктүү тилде жеткире алышы башкы маселе болуп саналат. Натыйжада, сүйлөө маданияты, жаза билүү көндүмдөрү калыптанып адамдын интеллекти жогорулайт.

Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда жазуу иштерин (дилбаян, баяндама, эссе ж.б.) өркүндөтүүнүн жолдору төмөнкүдөй принциптерине жана стратегияларына токтолуп өттүк. Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгынын мазмунун терең түшүндүрүү; теманы тандоодо чыгармачылыкты стимулдаштыруу; текстти талдоо жана тексттик анализдерди жүргүзүү; креативдүү ой жүгүртүүнү жана көз караштарды колдоо; эссе жазуу аркылуу жеке көз караштарды өнүктүрүү; грамматикалык жана стилдик жактан жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу; көркөм сөз каражаттарын колдонуу; жазуу ишин топтук жана жеке түрдө өткөрүү; көркөм баяндама: поэмалардын визуалдык сүрөттөмөсү; көркөм чыгармачылык аркылуу жазууну өркүндөтүү;өзгөртүлгөн баяндамаларды жаздыруу; тема боюнча ар кандай көз караштарды талкуулоо. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда жазуу иштери окуучулардын сөз байлыгын, чыгармачылыгын жана логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө чоң салым кошот. Эссе, баяндама жана дилбаян жазуу аркылуу мугалимдер окуучулардын жазуу маданиятын, көркөм сөз каражаттарын колдонуу жөндөмдөрүн жана өз көз караштарын жеткиликтүү жана логикалык түрдө жеткирүү жөндөмүн калыптандырууга жардам берет. Мындай иш-аракеттер

балдардын чыгармачылык потенциалын арттырып, анын билим деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жөнүндө сөз болду. Ошондой эле Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча окуучуларга болжолдуу дилбаяндардын темасын сунуштадык.

Окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүүсү, текстти туура талдоо жана жазуу жөндөмдөрүн жакшыртуу максатында дил баян, эссе жазуудан сырткары чыгармачыл жазуу жана өзгөчө аналитикалык жазуу тажрыйбасы калыптандыруу максатында тапшырмалар тобун сунуштадык. Биз төмөндө, Алыкул Осмоновдун поэмалары жана андагы негизги ойлор, картиналар, каармандарды камтыган жазуу үчүн тапшырманын болжолдуу үлгүсүн берүүгө аракет кылдык.

**А. Осмонов «Ким болду экен?» поэмасы**

1. «Ким болду экен?» поэмасындагы согушка чейинки элдин жай турмушу кандай сүрөттөлгөн?

2. Сонун менен Бактыбектин алгачкы мамилелерине баа бергиле?

3. Баркалбас согушта кандай эрдиктерди көрсөттү? Андан даңазалуу баатырдыкты күттү беле?

4. Поэмадагы «Жаман көп, асыл да көп эл билбеген....», «Кылымдын кийген кийими дагы эле кан» деген саптарын чечмелегиле?

**А. Осмонов «Эшимкандын тереги» поэмасы**

1. Эшимкандын согуш мезгилиндеги тагдыры кандай болду?

2.Терс каармандар Шорук менен Калматтын оңолушундагы Эшимкандын, Теректин ролу кандай?

3. Шоорук менен Калматтын жоруктарын укмуштуу терек кандайча кабыл алды?

4. Чыгарманын эстетикалык-көркөмдүк жагына токтолуп, «Тагдырдын сараң жазган бир өмүрүн», «Согуштун соргок мүнөз араны өсүп», «Үч күндө эки шумдук биздин терек, бар болгон арамдыгын соруп алды» деген саптарга көңүл бөлүп, алардын маанисин түшүндүргүлө?

**А. Осмонов «Өлүп тирилгендер» поэмасы**

1. Чыгарма кайсы учурду чагылдырат? Мында автордун айтайын дегени эмне?

2. Согуш темасында жазылган поэмалардан «Өлүп тирилгендердин» кандай өзгөчөлүгү , айырмасы бар?

3. Султагазы, Жумадыл, Калдаңдардын кийинки тагдырлары жөнүндө кандай болду?

4. «Үкүлүү жакшылыктын аттары узап», «Жамандык жылан минип тентип кетти» деген ыр саптарынын маанисин чечмелегиле?

Мындай жазуу үчүн тапшырмаларды берүү окуучуларды креативдүү ой жүгүртүү, эстетикалык жана этикалык баалоо, чыгармачыл жазуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү берет.

### 3.6. Алыкул Осмоновдун класстан тышкаркы окууга сунуш кылынган поэмаларын окутууда мультимедия жана визуалдык технологиялары

Илимий изилдөөнүн эксперименталдык иштердин жүрүшүндө тактап айтканда аныктоочу (констатациялоочу) этабында көрсөткөндөй орто мектептерде класстан сырткары окууга сунушталган чыгармаларды окутуу толук системалаштырылбагандыгы байкалды. Мисалга алсак, класстан сырткары сунуш кылынган чыгармаларды окутуу үчүн талап кылынган убакыт, окутуу методикасы дагы башка ресурстардын жетишсиздиги ж.б. Мындай көйгөйлөр окуучулардын көркөм адабиятка болгон кызыгуусун жана түшүнүгүн чектеп коюшу толук ыктымал.

Алыкул Осмоновдун класстан тышкары окууга сунуш кылынган поэмаларын окутууда мультимедия жана визуалдык технологияларды колдонуу – окуучулардын кызыгуусун арттырып, негизги темалары жана идеялары жөнүндө тереңирээк түшүнүк алууга жардам берет. Мындай окутуунун технологиялары убакытты үнөмдөп, окуу процессин жандандырып, ар бир окуучунун сабакка болгон кызыгуусун арттырат.

Программада Алыкул Осмоновдун VI класста «Карагул» поэмасы, IX класста «Махабат» поэмасы класстан сырткары окутууга сунуш кылынган.

«Махабат» поэмасы махабат анын адамдын жашоосундагы мааниси жана ошол сүйүүнүн ар тараптуу көрүнүштөрү жөнүндө баяндалат. Бул поэмада махабаттын таза, бийик жана ыйык табияты сүрөттөлөт. Поэманын башкы идеясы – махабаттын жогорку күч экендиги, анын адамды бийик, жомоктогудай дүйнөгө жетелеген күчү ошону менен катар махабаттын ачуусу, сыны да бар экенин көрсөтүп өтөт.

Алыкул Осмоновдун «Карагул» поэмасы – **жашоо, өлүм, жаратылыш, ата-эне, бала тарбиясы, кайгы жана өкүнүү жөнүндө баяндалат.** Поэмада уулунун эрке, кежирдик жана каармандык менен коштолгон тагдыры сүрөттөлөт. Башкы каарман, Тумаш мергендин жана жалгыз уулу Карагул, ата жолун жолдоп, мергенчиликке кызыгат. Бирок жаш Карагулдун кежирдиги жана ата-энесинин эскертүүлөрүнө көңүл бурбагандыгы ага трагедия алып келет.

Анда төмөндө Алыкул Осмоновдун **«Карагул», «Махабат»** поэмаларын окутууда мультимедия жана визуалдык технологияларын ишке ашыруудагы эффективдүү ыкмалары жөнүндө сөз кылайлы.

1. **Визуалдык контент түзүү** – бул маалыматты визуалдык түрдө, сүрөттөр, инфографика, видеолор, анимациялар жана графиктер аркылуу көрсөтүү ыкмасы. Визуалдык контент окуучуларга татаал маалыматты жеңил жана тез түшүнүүгө жардам берет.

2. **Электрондук интерактивдүү оюндардын топтомдору –** бул билим берүү процесстеринде балдарга, студенттерге же окутуучуларга билим берүү мазмундагы оюндар. Алар интерактивдүү түрдө ойнолуп, колдонуучуларга маалыматты үйрөнүү жана түшүнүү үчүн кызыктуу жана натыйжалуу шарттарды түзөт. Мисалы, umaigra. learningapps.org/ ж.б.

3. **Онлайн талкуулар жана форумдарды уюштуруу –** бул заманбап окутуу ыкмаларын колдонуп, окуучулар бири-бири менен өз ойлорун, пикирин жана баасын алмашып, жаңы идеяларды таба алышат. Онлайн талкуулар жана форумдар окуучуларга өз ой-пикирлерин билдирүүгө, адабий

чыгармаларга баа берүүгө жана алардын тексттерди түшүнүүсүн кеңейтүүгө жардам берет.

Анда VI класста Алыкул Осмоновдун «Карагул» поэмасын алды менен инфографиканы түзүүдө кайсы маалыматтарды жана элементтерди көрсөтүү керектигин аныктоо керек. Анда Алыкул Осмоновдун «Карагул» поэмасы боюнча негизги темалар, каармандар жана символдор каралат.

**1.Поэманы жалпы сүрөттөө**

**Автор**: Алыкул Осмонов

**Поэманын аты**: «Карагул»

**Тема**: Өмүр, сүйүү, кайгы, жоготуу жана өлүм.

**Сюжет**: Ата менен уулдун ортосундагы байланыш, сүйүктүү уулун жоготкон ата Тумаштын кайгысы жана анын трагедиясын чагылдырат.

2. **Инфографикада көрсөтүү үчүн негизги элементтер:**

**-поэманын негизги темалары;**

**-каармандар жана алардын өзгөчөлүктөрү;**

**-символдор жана метафоралар;**

**-поэманын структурасы;**

-**тарыхый жана маданий контекст.**

3. **Инфографика түзүүнүн этаптары:**

**1-этап. Поэманы жана анын маанисин визуалдаштыруу.**

Инфографикада «Карагул» поэмасын түшүндүрүү үчүн төмөнкү элементтерди көрсөтүүгө болот:

**Негизги тема**: Өмүр жана өлүм, бала тарбиясы табият менен адамдын байланышы. Муну сүрөттөп берүү үчүн жаратылыш элементтерин (кайберен, тоо-таш,токой, ) колдонсо болот.

**Каармандар**: Тумаш-мергенчи кайгыдан азап тарткан, уулун жоготкону үчүн кайгыланган каарман. Карагул-Тумаштын жалгыз уулу, жаш, эрке, мергенчиликке кызыккан, атасына окшоп мерген болууну каалаган. Эне - Карагулдун энеси, уулунун жүрүм-турумун байкап, кайберендин каргышы менен уулун сактап калууга аракет кылган.

**Поэманын негизги тема жана символдор:**

**Өлүм жана өмүр**: Поэманын идеясында өмүр менен өлүмдүн ортосундагы күрөш турат.

**Карагул**: Карагулдун аты менен байланыштырып, атанын балага болгон сүйүүсү жана трагедия символу катары колдонулат.

**Кийик жана жаратылыш**: Табияттагы кадимки кайберендердин, кийиктин жана мергенчилик аркылуу Тумаштын жолундагы тоскоолдуктар.

4. **Поэманы бөлүп көрсөтүү** (инфографика структурасы)

**1-бөлүк: Тумаштын өмүрү жана мергенчилиги**

**Тема**: Тумаштын мергенчиликке болгон кумары жана анын жашоосундагы кайгылуу өтө турган учурлар.

**Символдор**: Мылтык, кийик, жаратылыш (токой, тоо).

**Маалымат**: Тумаш, өзүнүн жашоо жолун, сүйгөн уулунун келечегин көрүп, мергенчилик менен алектенүүдө.

**2-бөлүк: Карагулдун жашоосунун башталышы**

**Тема**: Карагулдун уулу, атасы менен татуулукта, аны эркелеткен жана жаратылыш менен байланышкан.

**Каармандар**: Карагул (сүрөттө жаш уул, эрке бала), Тумаш (ата, таалим берүүчү).

**Маалымат**: Карагулдун жашоосунун жакшы башталышы, атасынын окшоштугу менен жашоосу.

**3-бөлүк: Сүйүү жана кайгы**

**Тема**: Карагулдун катуу сүйүүсү жана анын атасы менен болгон мамилеси, кайгыга түшкөн ыйман.

**Символдор**: Гүл (Карагулдун аты), бийик тоо.

**Маалымат**: Карагул, чындыгында жаш балдардай ойноп, атасына ыйык сүйүү менен караган. Бирок убакыт өтүп, табигый трагедия келип жетти.

**4-бөлүк: Тумаштын кайгысы жана уулун жоготуу**

**Тема**: Уулун жоготкон Тумаштын кайгысы жана өтө көп азап.

**Символдор**: Боз тоо, сары көк, өксүк кайгы.

**Маалымат**: Тумаш уулунун өлүмүн сезип, бардык арманын өткөзүүдө, кайгыдагы атанын түйшүгү.

4. **Инфографикадагы визуалдык элементтер**

**Элементтер**:

**Тумаш**: Каргыштуу, жашыл чапан кийген, ак милте кармаган мергенчи.

**Карагул**: Эрке бала, кийик терисин кийип, атасына окшоп мерген болууга аракет кылган.

**Эне**: Карагулдун энеси, көз жашын төккөн, уулун сактап калуу үчүн аракет кылган.

**Табият**: Жашыл тоолор, токойлор, бийик тоолор, жаш өсүмдүктөр жана кайберендер (табиаттын дагы бир символу).

5. **Инфографика түзүү куралдары**


**Canva**, **Piktochart**, **Venngage**

6. **Инфографикадагы графиктер жана диаграммалар**

**Тема боюнча диаграмма**: Өлүм жана сүйүү темаларын график түрүндө чагылдыруу. Бул жерде Карагулдун атасы менен болгон мамилеси, өмүр менен өлүмдүн ортосундагы күрөш.

**Каармандардын аттары**: Тумаш, Карагул, Эне, жаратылыш, жана аларды байланыштырган символдор.

Сүрөт 3.1.–


2
3
5000 4
5






1. Тумаш мерген кийик-кайберендерге аң улоодон сырткары, сейрек кездешкен канатууларга тоо аралап жүрүп мергенчилик кылган.



2. Тумаш мергендин Карагул баласынын тап дегенин таап, айтканын аткарып, аябай эрке өстүргөн.



3. Тумаш мерген аңчылыкта жүрүп эне кайберендин жаш улагын көзгө илбей атып салат. Мергенчи өз баласы Карагулду байкоосуздан атып алганда ошол эне кайберендин каргышы деп андан кайра өч алууну ойлойт.

4. **5000** Карагул атасына чүкөмдү 5000ге жеткирип бересин дегени үчүн Тумаш мерген тоо-таш, токойдогу кийик аттуунун баарын атып түгөтөт.

**LearningApps.org, umaigra** – бул билим берүү үчүн иштелип чыккан онлайн платформалар, ал ар кандай интерактивдүү жана жыйынтыктуу жасоого мүмкүндүк берет. Бул программа мугалимдерге жана окуучуларга билимди ырааттуу жана кызыктуу түрдө үйрөнүүгө жардам берет.

Бул платформалар төмөнкүлөрдү сунуштайт:

**Окуу оюндарын жана тапшырмаларды түзүү**: Мугалимдер ар кандай интерактивдүү оюндар, тесттер, карточкалар, пазлдар жана башка тапшырмаларды түзүп, окуучуларга жөнөтө алышат.

**Биргелешкен иштөөгө мүмкүнчүлүк**: Окуучулар түзүлгөн тапшырмаларды бөлүшүп, биргеликте иштөөгө мүмкүнчүлүк алышат.

**Окуу ресурстарын жаратуу**: Мугалимдер өздөрү үчүн окуу материалдарын түзүп, аларды дүйнө жүзү боюнча башка мугалимдер менен бөлүшө алышат.

**Жооптордун автоматтык текшерилиши**: Тапшырмалардын жана тесттердин жооптору автоматтык түрдө текшерилип, балдар үчүн ылдам баа берилет. Бул платформалар, адатта, мектептерде жана окутуу программаларында колдонулат жана жалпы билим берүү процесси үчүн колдонууга ыңгайлуу, жөнөкөй жана ачык болуп саналат.

**Umaigra** - Алыкул Осмонов «Карагул» поэмасы. Мында биз платформадан 6-класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө туура келген «Аба саякаты» интерактивдүү оюндун үлгүсүн тандап алдык. Оюн учак менен саякаттоонун бардык этаптарын өз ичине камтыйт: билет сатып алуу, каттоо, бажы көзөмөлү, учуу, келүү.

Оюндун бир этабынан экинчи этабына өтүү үчүн эң аз дегенде 50% туура жооп берүү керек. «Билет» баскычында студент кассирдин суроолоруна жооп берип билет сатып алат. Каттоо этабында окуучу жүк аэробекетинен баштыктардын ичинен туура баштыктарды тандап алып, жүктөрүн текшерет. «Тесттен өтүү» баскычында окуучу туура эмес

жооптору бар бардык объектилерди себетке сүйрөп салып тесттен өтөт. Учуу фазасында окуучу туура жооп менен булуттун арасынан учуу үчүн учакты башкарууга аракет кылат. Ар бир туура жооп учактын ылдамдыгын бир аз жогорулатат. Келүү баскычында окуучу конвейерден арабага туура баштыктарды сүйрөп, жүктөрүн алат. Же болбосо, окуучулар саякат үчүн багыт тандай алышат. «Аба саякаты» интерактивдүү оюнда берилген тапшырмаларды жайгаштырууга Ооба/Жок, бир жоопту тандаңыз көнүгүүсү каралган. Анын ичинен биз «Карагул» поэмасы боюнча түзүлгөн тапшырманы Ооба/Жок үлгүсүнө салдык.

**1. «Карагул» поэмасынын башкы каарманы Тумаш мерген болгон.**

Ооба +

Жок

2.Калыгул Тумаш мергендин жалгыз уулу болгон.

Ооба +

Жок

3.Тумаш мерген аңчылык кылып жүргөндө жолуккан белгисиз кемпирдин сөзүнө кулак салып аңчылык кылууну токтотот.

Ооба

Жок +

4.Карагул атасына чүкөм үч миң эмес беш миң болсун деп ыйлайт.

Ооба +

Жок

5.Тумаш мерген өз баласын кийиктин баласына окшотуп атып алгандан кийин мергенчиликти токтотот.

Ооба

Жок+

6.Тумаш мерген өз баласын кийиктин баласына окшотуп атып алат.

Ооба +

Жок

6.Поэмада Карагул 15 жашта деп айтылат.

Ооба

Жок+

8.Тумаш мерген эне кийиктин  баласына боору ачып атпай коет.

Ооба


Жок+

9.Поэмада Тумаш мерген 85ке чыкканда мергенчилигин таштайт.

Ооба

Жок+

Сүрөт «Аба саякаты» интерактивдүү оюнун  Ооба/жок үлгүсүндө жасалган вариантынын көрүнүшү.




«Аба саякаты» интерактивдүү оюндун шилтемеси: https://www.umapalata.com/zexpo/game.html?LANG=RU&idGames=132461

**LearningApps.org электрондук платформадан** «Сөздөрдү туура» интерактивдүү  оюнун тандап алдык. Колдонмо талаасы ( 2ден 4 топко чейин) фон сүрөттөр же текст болушу мүмкүн. Ар бир элемент тиешелүү талаага берилиши керек.

Алыкул Осмоновдун «Махабат» поэмасы жана «Майдын түнү» поэмаларындагы каармандар, темалар, таяныч сөздөрдү алып, окуучуларга туура жайгаштыруу интерактивдүү доска аркылуу жалпы берилди. Мугалим алгач окуучуларга акындын эки поэмасына тиешелүү негизги темаларды

каармандардын аттарын экранга чыгарып, колдонмо талаасында жайгашкан тиешелүү акындын поэмаларына туура жайгаштырууну айтат.

**«Махабат» поэмасы**

камчы

махабаттын күчү

канжар

Касым

Күлшайы

**«Майдын түнү» поэмасы**

кызганыч


мекенге кызмат кылуу


Баян

Бүбүшжан

жарадар болуу

Сүрөт– Сөздөрдү туура жайгаштыруу






«Сөздөрдү туура жайгаштыруу» оюнунун шилтемеси:
https://learningapps.org/watch?v=pf2fx1ipk24

Алыкул Осмоновдун класстан сырткары окууга сунуш кылынган VI класста «Карагул» поэмасы, IX класста «Махабат» поэмалары боюнча түзүлгөн тапшырмалар «Аба саякаты», «Ооба, жок» үлгүсүнө салынып жасалган соң, мугалим интерактивдүү доска аркылуу жалпы аткаруудан сырткары, интерактивдүү көнүгүүнүн шилтемесин окуучуларга үй тапшырма катары жөнөтүп коет.

Орто мектептерде класстан сырткары окутууга сунуш кылынган чыгармаларды мазмунуна негизделип окуу фильмдерин тартуу, мультимедия жана визуалдык технологиялары аркылуу түзүлгөн интерактивдүү тапшырмалардын топтомун ютуб ж.б. интернет айдыңына жайгаштыруу. Азыркы техникалык заманда булардын мааниси, бала турмушундагы ролу күндөн күнгө өсүп баратканы ар кимибиз үчүн түшүнүктүү. Акын-жазуучулардын портреттерине, өмүр баянын чагылдырган сүрөт альбомдоруна, слайддарга, адабий чыгармалар боюнча иллюстрацияларга адабият мугалими жана азыркы мектеп муктаж болуп отурат.

**Үчүнчү бап боюнча корутунду**

**Үчүнчү бап. «Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары»** деп аталат. Анын *«Толубай сынчы» поэмасын окутуунун инновациялык жолдору жана ыкмалары*» аттуу 1-бөлүмүндө алгач эле окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын V-XI класстары үчүн кыргыз адабиятынын окуу программасында (2018) VI класска арналган бөлүмдө А. Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууга берилген сааттын көлөмү жана программадагы мазмуну, орду жана поэманы окуп-үйрөнүүгө талаптар, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр жөнүндө сөз болот.

Андан ары А.Осмоновдун жогорудагы программада талап кылынган окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу үчүн А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууга арналган болжолдуу план-проспектини берүүгө аракет жасадык. План-проспектиде сабакта колдонуулуучу төрт сүрөттүн айкалышынан тапшырма, көркөм окуунун ыкмалары жөнүндө баяндалат.

Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын сабактын бышыктоо учурунда, окуучулардын сабакта алган билимдерин кайталап, кайтарым байланыш жасоодо төрт сүрөттүн айкалышынан тапшырма ыкмасын колдонуунун өзгөчөлүктөрүнө токтолдук. Сабакта окуучулар поэманын окуясы менен тааныш болгондон соң, тексттен өзөктүү окуяларды чагылдырган сүрөттөрдү байланыштырып улантат. Бул ыкма аркылуу окуучулар өз алдынча чыгарманын негизги окуяларын табышып, анализдөөгө аракет кылышат, бул өз кезегинде алардын чыгармачылыгын жана аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

Мындан ары план-проспектиде белгиленген көркөм окуу ыкмасы тууралуу сөз кылалы. Чыгарманы көркөм окуу технологиясы методика илиминде сабактын уюштурулушунун өз максатына жетишине түздөн-түз таасир берип, окуучулардын жан дүйнөсү ачат. Бл тууралуу методисттер К.Иманалиев, Н.Ишекеев, С.Байгазиев, С.Батаканова, В.П.Острогорский,

М.А.Рыбникова, Т.В.Чирковская, Н.И.Кудряшев, М.Г.Капурин, М.А.Шнифсон, Я.Г.Неструх сыяктуу окумуштуулар изилдөөлөрүнө токтолуп өттүк. Мына ушул илимий эмгектерге таянып Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын көркөм окуу боюнча атайын аспектилер белгиленип, анализ жасалды. Бул бөлүмдө мугалимдерге методикалык усул катары жардам болуу максатында түзүлгөн Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы окутуу боюнча план-проспектиде (долбоордо) жана анын коштогон ыкмаларды ишке ашырууда керектүү каражаттар, тактап айтканда заманбап техникалык жана маалыматтык-мультимедиялык каражаттар белгиленди. Себеби, азыр техниканын заманы болгондуктан, алар менен коштолгон сабак сөзсүз түрдө өз жемишин бербей койбойт.

*2-бөлүм «Дифференцияланган окутуу технологиясы аркылуу «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларын окутуу»* деп аталат. Мында алгач эле дифференцияланган окутуу технологиясы деген эмне? Аны ишке ашырууда эмнелерге көңүл буруу керек деген маселелерге токтолдук. Дифференцияланган окутуу технологиясы – бул бардык окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен окутуу. Дифференцияланган окутуу процессинде жаңы кырдаалдарды түшүнүү жана жаңы тажрыйба алуу үчүн ар бир окуучунун учурдагы билимине жана мурунку тажрыйбасына таянуу керек. Л.С.Выготский, И.Н.Закатова, И. Э. Унт, А.С. Границкая, В.Д. Шадриков ж.б. дидактиктер, методисттер дифференцияланган окутуу технологиялары мугалим тарабынан ар түрдүү окуучулар үчүн тапшырмаларды кылдат пландаштыруу дагы, окутууну индивидуалдаштыруу, ар бир окуучунун жаңы кырдаалдарды түшүнүү жана жаңы тажрыйба топтоо үчүн алган билимине таянууну белгилешет. Бул бөлүмдүн жүрүшүндө ишибиз дифференцияланган окутуу технологиясын IX класстын кыргыз адабияты сабагында акындын «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларынын мисалы аркылуу көрсөтүп бердик. Бул поэмаларды дифференцияланган окутуу

технологиялары менен окутууда төмөнкүлөр качан, кандайча колдонулганын ушул параграфта көрсөттүк: окуучуларды окуу топторуна бөлүштүрүү, текстти бөлүктөргө бөлүп окутуу, ютубда ушул чыгарманы окутуу боюнча мугалимдердин тажрыйбаларына таянып алардын сабактарын фрагменттерди пайдалануу, тапшырмалар фондусунан тапшырмаларды тандоо мүмкүнчүлүгү, каармандарды салыштыруу, окуучуларга акындын өмүр жолун кыска убакыттын ичинде кайталоо үчүн маалыматты оңой жана кызыктуу формада берүү үчүн инфографика дизайны аркылуу жасоо, көп деңгээлдүү тапшырмалар, окурмандардын пикирлеринин тизмеси, болжолдоонун ар кандай ыкмалары стратегиялары, концепция таблицасы, жеңил жана оор суроолор, үч бөлүктүү күндөлүк, чейин, түшүнүктөр, кийин ыкмалары ж.б.

*««Жеңишбек» поэмасын педагогикалык жактан интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») технологиялары»* деп аталган 3-бөлүмдө көркөм чыгарманы педагогикалык жактан интерпретациялоонун маани-маңызы жана аны ишке ашыруу жөнүндө сөз болот. С. Рысбаевдин «Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары» (2015) эмгегинде мектептин башталгыч класс, ортоңку жана жогорку класста сабак берген адабият мугалими адабий чыгарманы окуучулар менен бирге талдап түшүнүүдө адабий-мазмундук жана педагогикалык жактан интерпретациялоонун маани-маңызы туура колдоно билүүсүн белгилейт. Аны менен катар окумуштуу-педагогдордун С. Байгазиев, Н. Ишекеев, А. Муратов, С. Батаканова, С. Сакиевалар жана казак окумуштуусу профессор Б.Сманов көркөм чыгарманы мектеп практикасы талап кылып келген педагогикалык интерпретациялоонун ык-жолдору тууралуу да ойлоруна токтолдук. X класста «Жеңишбек», «Майдын түнү» поэмаларын таанытуучулук маанисин, билим берүүчүлүк мазмунун, өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгүн, тарбиялоочулук маани-маңызын ачып берүү үчүн педагогикалык интерпретациялоонун технологияларын сунуштадык

*Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда жазуу иштерин (дилбаян, баяндама, эссе ж.б.) өркүндөтүүнүн жолдору* төмөнкүдөй принциптерине жана стратегияларына токтолуп өттүк. Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгынын мазмунун терең түшүндүрүү; теманы тандоодо чыгармачылыкты стимулдаштыруу; текстти талдоо жана тексттик анализдерди жүргүзүү; креативдүү ой жүгүртүүнү жана көз караштарды колдоо; эссе жазуу аркылуу жеке көз караштарды өнүктүрүү; грамматикалык жана стилдик жактан жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу; көркөм сөз каражаттарын колдонуу; жазуу ишин топтук жана жеке түрдө өткөрүү; көркөм баяндама: поэмалардын визуалдык сүрөттөмөсү; көркөм чыгармачылык аркылуу жазууну өркүндөтүү;өзгөртүлгөн баяндамаларды жаздыруу; тема боюнча ар кандай көз караштарды талкуулоо. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда жазуу иштери окуучулардын сөз байлыгын, чыгармачылыгын жана логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө чоң салым кошот. Эссе, баяндама жана дилбаян жазуу аркылуу мугалимдер окуучулардын жазуу маданиятын, көркөм сөз каражаттарын колдонуу жөндөмдөрүн жана өз көз караштарын жеткиликтүү жана логикалык түрдө жеткирүү жөндөмүн калыптандырууга жардам берет. Мындай иш-аракеттер балдардын чыгармачылык потенциалын арттырып, анын билим деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жөнүндө сөз болду. Ошондой эле Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча окуучуларга болжолдуу дилбаяндардын темасын сунуштадык.

*«Алыкул Осмоновдун класстан тышкаркы окууга сунуш кылынган поэмаларын окутуудагы мультимедия жана визуалдык технологиялар» деп аталган бөлүмдө* Алыкул Осмоновдун класстан сырткары окутууга сунушталган поэмаларын окутуунун электрондук интерактивдүү ыкмалары жана орто мектептерде класстан сырткары окутууга сунушталган чыгармаларды окутууда эске ала турган жагдайлар, уюштуруу иштеринин жүрүшү жөнүндө сөз болот. Мисалга алсак, класстан сырткары иштер үчүн талап кылынган убакыт, окутуу чөйрөсү, окутуу методикасы дагы башка ресурстардын жетишсиздиги ж.б. сыяктуу пайда

болгон көйгөйлөр жана алардын окутуу процесинин натыйжалуулугуна тийгизген терс жактары жана аны жоюунун жолдору көрсөтүлдү.

Программада VI классста Алыкул Осмоновдун «Карагул» поэмасы, IX класста «Махабат» поэмасы класстан сырткары окутууга сунушталып, окутулат. Бул поэмаларды окутуунун мультимедия жана визуалдык технологиялары катары төмөнкүлөр качан, кандайча колдонулганын ушул бөлүмдө көрсөттүк: визуалдык контент, инфографика, видео, анимацияларды түзүү, окуучулар үчүн онлайн талкуулар жана форумдарды уюштуруу, электрондук интерактивдүү оюндар топтомун түзүү ж.б.

Ошентип, орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча сунушталган окутуунун технологиялары окуучулардын билим алууга кызыгуусун арттырып, чыгарманы түшүнүү деңгээлин, когнитивдик (т.а.таанып-билүүчүлүк) компетентүүлүгүн жогорулатат.

# КОРУТУНДУ

Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу аркылуу окуучуларды кыргыз элинин улуттук мурастарын барктоого жана сактоого, эмоционалдык реакцияга туруктуу болууга, окуучулардын адабий түшүнүгүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, жаштар арасында жарандык позициянын калыптанышына шарт түзүп, инсандык сапаттарды калыптандырууга жардам берет. Акындын поэмалары менен кыргыз адабиятын окутууну болуп көрбөгөндөй жогорку тепкичке көтөрүлө алган. Акындын поэмалары ар бири өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен кыргыз профессионал адабиятынын поэма жанрынын өсүп-өнүгүшүнө өз салымын кошо алган. Азыркы заманда өз кесибине көңүл кош мамиле, бирөөнүн эсебине жан багуу, сабырсыздык, эки жаштын ортосундагы мамилелердин өтө ачыкка чыгуусу, үй-бүлө аралык чыр-чатактардын көбөйүшү ж.б. маселелер жаштардын социалдык тармактарда өтө көп убакыттын коротушу жана тренд деген моданын артынан түшүп алышы чоң көйгөйдү жаратууда. Мына ушул жааттан караганда Алыкул Осмоновдун поэмалары бүгүнкү күндөгү курч деп эсептелинген актуалдуу социалдык проблемалардын чордонун баяндайт. Биздин «Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)» деген темадагы изилдөөбүз кыргыз адабиятынан билим берип жаткан мугалимдерге методикалык жактан жол көрсөтүү, алардын сабагын жаңылоого жардам кылуу максатында иштелди.

Диссертацияда темага ылайык теориялык-методологиялык эмгектердин негизинде илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, сунуштардын иштеп чыгып, аларды тажрыйбадан өткөрүп, жалпы корутунду чыгардык.

1.Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун тарыхын, азыркы абалын, проблемаларын, өзгөчөлүктөрүн, акындын поэмаларын окуп-үйрөнүүнүн максатын, милдеттерин аныктоо болгондуктан, окуу программалары, окуу китептери, методикалык эмгектер тарыхый-эволюциялык аспектиден талдоого алынды.

2.Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын методологиялык жана дидактикалык негиздерин ачып көрсөтүү, «поэма», «окутуунун технологиялары» түшүнүктөргө педагогикалык аспектиден теориялык анализ жүргүзүү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгын проблемалары коюлган. «Поэма» түшүнүгүнө эреже-аныктама берүүдө В. Г. Белинский, А.Квятковский, Ф. И. Буслаев, В. И. Водовозов, В. Я. Стоюнин, В. П. Острогорский, В. В. Голубков, В. А. Роткович, Л. И. Тимофеев, Г. Л. Абрамович, Н.А. Гуляев, М. А. Рыбникова ж.б. окумуштуулардын аныктамаларына таянып, мында жанр катары ар кандай адабий системаларда жана доорлордо жашап келгендиги такталды.

«Окутуунун технологиялары» түшүнүктү тактоодо, жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгы боюнча чет элдик окумуштуулар П. Я. Гальперин, Н. Ф. Талызина, П. М. Эрдниев, В. П. Беспалько, Г. К. Селевко, И. П. Подласый, В. А. Сластенин жана Ата мекендик окумуштуулар И. Б. Бекбоев, Э. М. Мамбетакунов, А. Ж. Муратов, Ж. А. Чыманов, С. О. Байгазиев, С. К. Рысбаев, Б. К. Үкүева, Б. М. Акматов, С.Т. Батаканова, С. С. Сакиева, А. Т. Саттарова, Б. К. Оторбаев, К. К. Акматов ж.б. эмгектериндеги эмгектериндеги ойлор чагылдырылып билим берүү берүүдөгү орду жана өнүктүрүүнүн зарылчыгы такталды.

3. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда окутуунун жаңы технологияларын практикага сунуш кылуу. Ошол максатта Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуучуларга жаңы технологияларга негиздеп окутуунун усулдарын жана жолдорун иштеп чыктык, анын мисалы катары Алыкул Осмоновдун VI класста «Толубай сынчы», IX класста «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер», X класста «Жеңишбек», «Майдын түнү» жана класстан тышкары окутула турган поэмалары, поэмаларын окутууда жазуу иштерин (дилбаян, баяндама, эссе ж.б.) жүргүзүү иштери боюнча инновациялык жолдор жана ыкмалары, дифференцияланган окутуу технологиясы, педагогикалык жактан

интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо»), сынчыл ой жүгүртүү аркылуу окуу менен жазууну өнүктүрүү технологиялары: концептуалдык таблица, жеңил жана оор суроолор, үч баскычтуу күндөлүк, божомол таблицасы, төрт сүрөттөн бир тапшырма, чейин/түшүнүктөр технологиялары менен окутуунун жолдору, ыкмалары, мультимедия жана визуалдык технологиялардын жүрүшү чагылдырылды.

4. Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча сунуш кылынган технологияларды экспериментте текшерүү болгон. Бул милдетке ылайык орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча биз сунуш кылган окутуунун технологиялары эксперименталдык мектептерде атайын максатта сынактан өткөрүлдү, анын натыйжалары биз сунуштаган методика оптималдуу экендигин тастыктады.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча окуучулардын дүйнө таанымын, билим деңгээлин жогорулатууга багыт алган окутуу боюнча ресурстук камсыздоо аудиотексттер, санариптик иллюстрациялар, сүрөттөрдүн репродукциялары, виммельбух (визуалдык маалымат иллюстрациясы), электрондук окуу материалдары, кыскача даректүү анимациялык же кино тасмалар ж.б. кошуу.

2. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча сабактардын иштелмелерин, практик-мугалимдердин иш-тажрыйбаларын чыгаруу жана аларды мугалимдерге сунуштоо ж.б.

3.Илимий изилдөө ишибиздин материалдарын жогорку окуу жайларынын гуманитардык жана филологиялык адистиктеринин студенттери үчүн, ошондой эле кыргыз тили адабияты мугалимдеринин квалификациясын жогорулат, даярдоо жана кайра даярдоо факультеттери үчүн кеңири пайдалануу.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР ТИЗМЕСИ:


1. **Абдураимова, З.С.** Мугалим, сабак жана сынчыл ойлом стратегиясы. Толукталып, оңдолуп экинчи басылышы [Текст]: З. Абдураимова – Ош, 2021. – 10-11-бб.

2. Абрамович, Г. Л. Введение в литературоведение. 6-басылышы [Текст]: Г.Л. Абрамович. – М.: 1975. –222 б.

3. Акматов, Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы [Текст]:пед. илим. док. дисс.. /Б.М.Акматов. 13.00.02. –Б.: 2016. – 43 б.

4.Акматов, К.К. Орто мектепте акын-жазуучулардын өмүр баянын чыгармалары менен биримдикте окутуунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: / пед. илим. док. дисс. /К.К.Акматов. 13.00.02. – Б.: 2019. –70 б.

5.**Алибекова У.Б.,** Жусуева С.К. А.Осмоновдун «Өлүп тирилгендер» поэмасындагы өмүр, өлүм, тагдыр философиясынын идеялык өзгөчөлүгү [Текст]: / Алибекова У., Жусуева С. К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Жарчысы. Атайын чыгарылыш. 1-том. – Жалал-Абад. 2018. – 414-417 бб.

6.Алимбеков, А. Орто мектепте окутуунун методдору [Текст]: орто мектептин мугалимдери жана ЖОЖ студ.үчүн окуу куралы /А. Алимбеков.– Б.: 2019. –138 б.

7.Алыкул Осмонов.Тандалма чыгармалар: 1-том [Текст]: /Түзүүчү: Тентимишов М. –Б.: 2016. –7-8 б.

8.Алыкул Осмонов.Тандалма чыгармалар: 2-том [Текст]: /Түзүүчү: Тентимишов М. –Б.: 2016. –48-104- бб.

9.Алымов, Б. Биздин адабиятты 7-класста окутуу [Текст] : окуу куралы / Б. Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1983. – 208-209-бб.

10.Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын 8-класста окутуу[Текст]: методикалык колдонмо / Б. Алымов. – Б.: «Мектеп», 1983. – 29-30-бб.

11.Алымов, Б., Муратов, А. Биздин адабият [Текст]: орто мектептерде 7-классы үчүн хрестоматия-окуу китеби. / Б. Алымов., А.Муратов – Б.: «Мектеп», 1992. –29-30 бб.

12.Алымов, Б., Момуналиев, С. Лирикалык чыгармаларды окутуу [Текст] / Алымов Б., Момуналиев С. – Ош, 1998. – 18 б.

13.Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Биринчи китеп [Текст]: / Б. Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1981. – 219 б.

14. Алымов, Б. Кыргыз адабияты [Текст]: кыргыз орто мектептеринин 9-класстары үчүн окуу китеби / Б. Алымов. – Б.: 2012. – 177-178- бб.

15.Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Экинчи китеп [Текст]: / Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1981. –141-142-бб.

16.Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Экинчи китеп [Текст]: / Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1984. –30 б.
17. Б. Алымов, Сыдыков, Н. Кыргыз адабияты боюнча программага жаңы кирген чыгармаларды окутуу [Текст]:мугалимдер үчүн методикалык колдонмо / Б.Алымов, Н. Сыдыков – Б.: «Мектеп», 1992. – 4 б.
18.Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери. Биринчи китеп [Текст]: / Б. Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1972. –5-6-бб.
19. Артыкбаев, К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. I бөлүм [Текст]: / К. Артыкбаев – Ф.: «Мектеп», 1982. – 507 б.
20.Артыкбаев, К. Адабият таанууга киришүү [Текст]: / К. Артыкбаев – Б.: 2009. – 12-13-бб.
21.Артыкбаев, К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. II бөлүм [Текст]: / К. Артыкбаев – Ф.: «Мектеп», 1982. – 184-185- бб.
22.Артыкбаев, К. XX Кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]: / К. Артыкбаев – Б.: 2015. – 212 б.
23. Асаналиев, К., Байгазиев, С., Жигитов С., Иманалиев, К. Кыргыз адабияты [Текст]: орто мектептердин 10-кл. үчүн окуу китеби. Оңдолуп, толукталып 4-басылышы / К. Асаналиев, С. Байгазиев, С. Жигитов, К. Иманалиев. – Б.: «Инсанат», 2013. – 360 б.
24.Астафьева, О.В., Денисова А.В., Днепрова И.Л. Детская литература. Выразительное чтение [Текст]:практикум. учеб. пособие для студ. учреждение сред. проф. образование / Астафьева О., Денисова А., Днепрова И. – М.: «Академия», 2014. – 148 б.
25. Бабаев, Д., Акматов, К., Кимсанов, К. Педагогика [Текст]:окуу китеби / Д. Бабаев, К.Акматов, К.Кимсанов – Б.: «Мектеп», 2017. – 41-42-бб.
26.Бабакулова, А.М., Башталгыч класс мугалимдеринин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүнүн зарылдыгы [Текст]: / А. Бабакулова. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана: Международный-научно-теоритический журнал – Б.: 2023, №23. – 118 б.
27. Байгазиев, С. Окутуунун интерактивдик методу [Текст]: / С.Байгазиев – Б.: 2004. – 24 б.
28. Байгазиев, С. О. Окутуунун интерактивдик методу [Текст]: / С. Байгазиев – Б.: 2004. 34-35-бб.
29. Байгазиев, С., Турусбеков, Ж. Кыргыз адабияты 10-класс [Текст]:/ С.Байгазиев, Ж.Турусбеков –Б.: 1996.–188 б.
30.Байгазиев, С. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз: Мектеп мугалимдери, билим берүү кызматкерлери үчүн Эл агартуу журналынын 70 жылдыгына карата [Текст]: / С. Байгазиев – Б.: 1998. – 100 б.

31. Байгазиев, С. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст]:/ С.Байгазиев – Б.: 2012. – 476 б.
32. Батаканова, С.Т. Адабиятты окутуунун методдору менен ыкмалары [Текст]:/ С.Т. Батаканова –Б.: 2013. –15 б.
33. Батаканова, С.Т. Драмалык чыгармаларды окутуунун технологиясы [Текст]:/ С.Т.Батаканова – Б.: 2013. – 5-б .
34. Батаканова, С.Т. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы [Текст]:/ С.Батаканова – Б.: 2014. –50-б.
35. Батаканова, С.Т. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери [Текст]:/С. Батаканова – Б.: 2010. – 288 б.
36. Батаканова, С.Т. Окутуунун салттуу методдору жана инновациялык технологиялары [Текст]:/ С.Т. Батаканова – Б.: 2021. –59-б .
37. Батаканова, С.Т. Эпикалык чыгармаларды окутуунун технологиялары [Текст]:/ С.Т. Батаканова –Б.: 2022. – 31-б .
38. Батыркулова, А.Б. Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы [Текст]: пед. илим. кандидат. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазылган дисс. / А. Батыркулова. 13.00.02. – Б.: 2021. – 141-142-бб.
39. Батышев, С.Я. Профессиональная педагогика [Текст]:/ С.Я.Батышев – М.: «Эгвес», 1999. – 341-34- бб.
40. Бекембай, А. Педагогика. 1-бөлүм [Текст]: окуу куралы / Бекембай Апыш – М.: «Эгвес», 1999. – 341-34- бб.
41. Бекбоев, И. Окутуу процессинин илимий негиздери [Текст]:мектеп мугалимдери ЖОЖдордун окутуучулары, аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн / И. Бекбоев – Б.: «Улуу тоолор», – 2020. 120-б.
42. Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы эмнеде? [Текст]: / И. Бекбоев Кут билим, – 2002. – 6-б.
43. Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст]: / И. Бекбоев – Б.: «Бийиктик», 2011. – 8-б.
44. Бекбоев, И. Алимбеков, А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст]: / Бекбоев, И. Алимбеков А. – Б.: «Бийиктик», 2011. – 20-21-бб.
45. Беспалько, В.П. Слагаемые педагогической технологии [Текст]: /–М.: «Просвещение»,– 1989. 231 б.
46. Борбугулов, М. Адабият теориясы [Текст]: / М. Борбугулов – Б.: «Шам», 1996. – 444-445- бб.
47. Гуляв, Н.А. Теория литературы: 2-басылышы. [Текст]: / Н.А. Гуляв М.: «Высшая школа», –1985. 123-б.

48. Дөөлөтбакова, Р.Ж. Кыргыз адабиятындагы майдан темасындагы поэмаларды окутуу [Текст]: /пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. жазылган дисс.. Ж.Р.Дөөлөтбакова – Б.: 2016. – 30-31-бб.
49.Жапаралиева, Н. Ж. Түгөлбай Сыдыкбековдун чыгармаларын окутуунун инновациялык технологиялары [Текст]: / Н. Жапаралиева –Б.: 2013. –105 б.
50.Жолдошбаев, А., Сулайманова Д. Окутуунун инновациялык технологиялары: окуу-усулдук колдонмо [Текст]: / – Жалал-Абад, 2021. – 86-б.
51.Зулпукаров, Д.И., Абдуллаева, Ч.Х., Дилишатов Ө.У. Булут технологияларынын сервистери менен иштөө [Текст]: окуу-усулдук колдонмо / Зулпукаров, Д.И., Абдуллаева, Ч.Х., Дилишатов Ө.У. – Ош, 2021. –32-33-бб.
52.Измайлов, А.Э. Кыргызстандагы совет мектептердин тарыхы [Текст]: / – Ф.: 1961. – 90-б.
53.Иманалиев, К. Кыргыз мектептеринде адабиятты окутуунун жолдору [Текст] : 9-10-класс үчүн / К. Иманалиев – Ф.: «Мектеп», 1966. – 119-б.
54. Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст]: / К. Иманалиев – Ф.: «Мектеп», 1984. – 176-б.
55. Иманалиев, К**.** Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст]: / К. Иманалиев – Ф.: «Мектеп», 1976. – 45-б.
56. Иманалиев, К**.** Кыргыз совет адабияты. I бөлүк [Текст]: Педагогикалык орто окуу жайларынын окуучулары үчүн окуу китеби. / К. Иманалиев – Ф.: «Мектеп», 1988. – 246-247-б.
57. Иманалиев, К**.** Кыргыз совет адабияты [Текст]: орто мекептин 10-11-класстары үчүн окуу китеби / К. Иманалиев – Ф.: «Мектеп», 1990. – 108-109-бб.
58. Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст]: / К. Иманалиев– Ф.: «Мектеп», 1981. – 144-б.
59. Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери [Текст]: / К.Иманалиев.– Б.: – 2022 , 13-б.
60. Иманакунова, К.Ш. Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы [Текст]: пед. илим. канд. окумуш. даражаны из. үчүн жазылган дисс. авторефераты 13.00.02 / К.Ш.Иманакунова. –Б.: 2017. –19-20-бб.
61. Исаков, Т. Э. Билим берүүдөгү интерактивдик методдор жана аларды окутууда колдонуунун ыкмалары [Текст]:/ Т. Исаков. Наука. Образование. Техника. – Ош, КУУ, 2014, № 3. – 22-23-бб.

62.Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст]: / Н. Ишекеев −Б.: 1994. −37-38-бб.
63. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: Өткөнкү, бүгүнкүсү, келечеги [Текст]: / Н. Ишекеев − Б.: 2011. −114-115-бб.
64. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары [Текст]: / Н. Ишекеев −Б.: 2010. −31-32-бб.
65. Ишекеев, Н. Педагог адистерди даярдоонун проблемалары [Текст]: / Н. Ишекеев Билим жана тарбия, 1. – Б.: 2003. −71-73- бб.
66. Ишекеев, Н., Батаканова, С.Т. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы[Текст]:/ Н. Ишекеев, С.Т. Батаканова –Б.: 2014, – 3-4- бб.
67. Кожомбердиев, Т. Көл толкуну: тандалган ырлар жана поэмалар [Текст]: / Т. Кожомбердиев –Б.: 2010, –265-266-б.
68. Кыргыз тилинин жана адабияттык окуунун программалары: 5-7-класстар үчүн [Текст]: /– Ф.: «Кыргызмамабас», 1948.
69. Кыргыз тили жана адабияттык окуунун программалары: Жети жылдык жана орто мектептин V-VII класстары үчүн [Текст]: / – Ф.: Кыргызмамабас, 1950.
70.Кыргыз адабиятынын программасы: 8-10-класстар үчүн [Текст]:/ Программа – Ф.: 1954. – 30-б.
71. Кыргыз тили жана адабияттык окуу боюнча программа. V-VIII класстар үчүн [Текст]: / – Ф.: «Кыргызокуупедмамабас», 1962.
72. Кыргыз адабиятынын программасы. 1965-66-окуу жылына карата орто мектептин 9-10-класстар үчүн [Текст]: / – Ф.: 1965. – 37-б.
73. Кыргыз тили жана адабиятынын программасы. V-XI класстар үчүн (Долбоор) [Текст]: / – Ф.: «Мектеп» 1972. – 30-б.
74.Кыргыз адабиятынын программасы. IV-X класстар үчүн [Текст]: / – Ф.: «Мектеп», 1982.
75. Кыргыз адабиятынын программасы. V–XI кл. үчүн. [Текст]: / – Б.: «Мектеп», 1993.
76. Кыргыз адабиятынын программасы[Текст]: / Түзгөндөр Байгазиев С., Муратов А. –Б.: «Педагогика», 2000. –18-19-бб.
77. Кыргыз адабиятынын программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн [Текст]:/ – Б.: «ТАС», 2006.
78. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн [Текст]:/ – Б.: 2017.
79. Кыргыз адабияты предмети боюнча предметтик стандарт (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн [Текст]:/ –Б.: 2022.
80. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты [Текст]: / − Б.: 2022. 18-б.

81.Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары [Текст]: / – Б.: 2006. –307-б.
82.Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары [Текст]: / – Б.: 2018. –12-б.
83. Кыргыз тили жана адабияттык окуу боюнча программа: V– VIII класстар үчүн [Текст]:/ – Ф.: «Кыргызокуупедмамбас», 1962.
84. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январында №1 «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» Жарлыгы [Текст]: / https://cbd.minjust.gov.kg/430336/edition/1038322/kg
85.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы №157 «Улуттук нарк жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу боюнча 2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө Улуттук программа тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбооруна негиздеме маалымкат [Текст]:/ https://cbd.minjust.gov.kg/430957/edition/1169161/kg
86.Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары [Текст]: / – Б.: 2018. –12-б.
87.Кыргыз адабиятынын программасы: жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V-XI класстары үчүн [Текст]: / Түзүүчүлөр: С.Байгазиев, А.Муратов. – Б.: 2017. –48-49-бб.
88. Кыргыз адабияты. Предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11 класстары үчүн [Текст]:/ Б.: – 2022.
89. Маковцев, В. С. Философия М.М. Бахтина. Поздний период [Текст]:/ В. С. Маковцев СПб.: РХГА, 2023. ISBN 978-5-907613-74-4.
90.Мамбетакунов, Э. Педагогоикалык изилдөөнүн методологиясы жана технологиясы[Текст]: Э. Мамбетакунов – Б.: «Калем» БҮ., 2021. –20-б.
91.Момуналиев С. Кыргыз орто мектептеринде лирикалык чыгармаларды окутуунун педагогикалык-методикалык негиздери [Текст]:/ пед. илим. док. окумуш. даражаны из. үчүн жазыл. дисс. жаз. авторефераты. 13.00.01; 13.00.02. С.Момуналиев. – Б.: 2011. – 34-б.
92.Момуналиев, С. Лирикалык чыгармаларды окутуу [Текст]: /С.Момуналиев. – Ош, 1998. –31-38-бб.
93.Мугалим илимий-педагогикалык журналы [Текст]: /Мугалим илимий-педагогикалык журналы. – Б.: 2021, №38. – 7-б.
94.Мугалим илимий-педагогикалык журналы [Текст]: Мугалим илимий-педагогикалык журналы. – Б.: 2022, №39. – 8-б.
95.Муратов, А. Аттиңай, Толубайлыгым сен билсеңчи? [Текст]: / А. Муратов Б.: Мугалимдер газетасы, 1987. 14-январь.

96.Муратов, А., Байсабаев, Б. Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер: методикалык колдонмо [Текст]: / А.Муратов, Б.Байсабаев Б.: –2010. –3-4-бб.
97.Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. [Текст]: / А. Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 25-б.
98.Муратов А. Адабият ыйман сабагы [Текст]:/ А.Муратов – Б.: «Мектеп», 1993. – 9-10-бб.
99. Муратов А.Ж. Кыргыз эл педагогикасы: элдик ишенимдер, тыйымдар. 2-китеп [Текст]: / А.Муратов. – Б.: «Айат», 2016. – 240-б.
100.Муратов, А., Абдухамидова, Б., Акматов, К. Кыргыз адабияты. 6-класс. Жалпы билим берүүчү мекептер үчүн окуу китеби [Текст]:/ А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов – Б.:, 2021. –113-114-бб.
101.Муратов А., Акматов К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы: жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби [Текст]:/ А.Муратов, К.Акматов – Б.: 2021. –84-85-бб.
102. Муратов, А. Кыргыз адабияты: 10-класстар үчүн хрестоматия [Текст]:/ А.Муратов – Б.: 2005. – 216-б.
103.Муратов, А., Акматов, К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун технологиялары Текст]: /А. Муратов, К.Акматов –Б.: 2021, –115-б.
104.Муратов, А. Окутуу технологиялары: теориядан-практикага. Мугалим журналы [Текст]: /А.Муратов –Б.: 2017, №22. –6-9-бб.
105.Муратов, А., Акматов, К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары. [Текст]: /А.Муратов, К.Акматов –Б.: 2021, –14-15-бб.
106.Мураталиев, Ж., Мамбеталиев А.Кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун маселелери [Текст]: /Ж.Мураталиев, А.Мамбеталиев.–Ф.: «Мектеп», 1980. –67 б.
107.Муратов, А., Исаков, И., Акматов К., Кыргыз адабияты. 1-бөлүм [Текст]: колледждин студенттери үчүн хрестоматия-окуу китеби /А.Муратов, К. Исаков, К. Акматов –Б.: 2018, –323 б.
108.Муратов, А., Акматов, К. Окутуунун жаңы технологиялары [Текст]: /А.Муратов, К.Акматов –Б.: 2019, –20-21-бб.
109.Мусамбетов, Т.А. Көркөм чыгармаларды проблемалык окутуу [Текст]: / Т. Мусамбетов – Ф.: 1990. –52-б.
110.Мусамбетов, Т.А. Изучение жизни и творчество А.А.Осмонова в V-X классах общ.школы Киргизии [Текст]: автореферат дисс.канд.пед.наук. Т. А.Мусамбетов –Ташкент. 1990, –20-б.
111.Мусамбетов, Т.А. Орто мектептеде А.Осмоновдун поэзиясын окутуу боюнча методикалык колдонмо сырттан окуган 5-6-курстун студенттери үчүн. [Текст]: / Т. А.Мусамбетов –Ф.: 1989. –32-б.

112.Мусамбетов, Т.А. Көркөм чыгармаларды проблемалык окутуу. [Текст]: 4-6-курстун сырттан окуган студенттери үчүн окуу-методикалык колдонмо / Т. А.Мусамбетов –Ф.:  1990. –52-б.
113.Мусаев, С., Таштемиров, Ж., Маленов Б. Кыргыз адабияты [Текст]: орто мектептердин 9-класстары үчүн / С. Мусаев, Ж.Таштемиров, Б.Маленов–Ф.: «Кыргызокуупедмамбас»,  1964. –5-6-бб.
114.Орозова, Г.Ж., Кыргыз элдик поэмаларынын историзми жана жанрдык жаңылануу (жанр, сюжет, историзм) [Текст]: филология илим. док. окумуш. даражаны из.үчүн жазылган дисс. авторефераты. 10.01.09/ Г.Ж.Орозова.–Б.: 2017. –14-б.
115.Орто мектептердин VIII-Х-класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасы: VIII-Х-класстары үчүн рограмма [Текст]:/ Ф.: «Кыргызмамбас», 1954. –50-б.
116.Орто мектептин программалары. 1961-1962-окуу жылы үчүн. VIII-Х-класстардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты. VIII-Х класстары үчүн программа  [Текст]: / –Ф.: «Кыргызмамбас», 1961. –50б.
117. Орто мектептер үчүн кыргыз тили жана адабиятынын программасы:  IV–Х класстар үчүн долбоор [Текст]: /  – Ф.: «Мектеп», –1969.
118. Орто мектептердин VIII-Х-класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасы: VIII-Х-класстары үчүн программа [Текст]: / –Ф.: 1972. –30-б.
119. Оторбаев, Б. Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары [Текст]:/ Б. Оторбаев – Б.: «Турар», 2009. – 96-б.
120.Оторбаев, Б.К. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу [Текст]: / Б.Оторбаев. – Б.:  2011.–3-4-бб.
121.Оторбаев Б.К. Адабиятты окутуунун интерактивдүү жана салттуу метод-ыкмалары, кызматташуу педагогикасы [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: 2008, 75-б.
122. Оторбаев, Б. К., Классикалык изилдөөлөр жана тексттер: К.Иманалиев. Кыргыз адабиятын окутуунун метоликасы [Текст]: / Б.Оторбаев. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2019. –34-35-бб.
123. Оторбаев, Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы: окуу китеби [Текст]: / Б. Оторбаев. – Б.:  2020, 25-26-бб.
124.Рахматуллин, К. Кыргыз адабиятынын программасы: 8-10-класстар үчүн. Кырг. ССРинин Агартуу Эл комиссариаты бекиткен [Текст]: /К.Рахматуллин –Ф.: « Кыргызмамбас»,  1943. –143-б.
125. Подласый, И.П., Педагогика: Учебник [Текст]: / И. Подласый, − М.: «Высшее образование», 2006. – 240-б.
126. Рыбникова, М.А. Очерки по методике литературного чтения [Текст]:/ М.А. Рыбникова  – М.: «Просвещение», 1985. –14-б.

127. Рысбаев, С.К. Баланын китеп окуусун уюштуруунун технологиялары. 3-басылышы [Текст]: / С. Рысбаев − Б.: 2022. – 45-46-бб.
128.Рысбаев, С.К. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо [Текст] // С.К. Рысбаев − Бишкек: 1998. −64-б.
129. Рысбаев, С.К Деңгээлдик билим технологиялары [Текст]:/ С.К.Рысбаев, – Б.: 2023. – 25-б.
130. Рысбаев, С.К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинен жат жазуу жумуштарын жүргүзүү технологияларын өркүндөтүү жана жат жазуу текстеринин жыйнагы [Текст]: / С.К.Рысбаев _ – Б.: «Бийиктик плюс», 2016, –5-6-бб.
131. Рысбаев, С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен) [Текст]: пед. илимд. док. окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган дисс. авторефераты. 13.00.01; 13.00.02. / С.К.Рысбаев. – Б.: 2006. – 49-б
132. Рысбаев, С.К. Кыргыз тили, адабияты окуу китептеринин мазмунун жана түзүлүшүн өркүндөтүү жолдору (V−VIII кл.) [Текст]: / С.К.Рысбаев – Б.: «Мектеп», 1992. – 79-б.
133.Рысбаев, С.К. Кыргыз тили, адабияты мугалимине 100 кеңеш: орто мектептин кыргыз тили, адабияты мугалимдери, методисттер жана окуу бөлүмүнүн башчылары үчүн методикалык колдонмо [Текст] / С.К.Рысбаев −Б.: «Мектеп», 2016.− 66-67-бб.
134. Рысбаев, С.К. Окуучунун окуу жана түшүнүү ишмердүүлүгү кантип уюштурулат? Эл агартуу журналы. [Текст] / С.К.Рысбаев −Б.: 2015, № 5-6, – 45-47-бб.
135.Сакеев, А. «Толубай сынчыны» окутуу [Текст]: / А. Сакеев Мугалимдер газетасы, 1975, 5-декабрь.
136.Саалаев, Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары. 1-бөлүм [Текст]:Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо /Ө.Саалаев. – Б.: 2017. – 5-6-бб.
137.Сманбаев, А., Ишекеев, Н. Кыргыз адабияты Орто мектептердин 6-классы үчүн хрестоматия-окуу китеби [Текст]: / Сманбаев, А., Ишекеев, Н.– Б.: « Педагогика», 1999. –252-бб.
138.Саттарова, А.Т. Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери [Текст]: пед. илим. док. окумуш. даражасын из. алуу үчүн жазыл. дисс. авторефераты. 13.00.02. / А.Т. Саттарова –Б.: 2019, – 66-б.
139. Сооронов, О. Согуш темасындагы кыргыз поэмаларынын сюжеттик мотивдери [Текст] / О. Сооронов – Ф.: 1982. – 66-б.
140. Сулайманова, Р. Т. Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун

теориясы жана практикасы [Текст]: пед. илим. док. окумуш. даражаны из. алуу үчүн жазылган дисс. 13.00.01 / Р.Т. Сулайманова – Б.: 2022. – 66-б.
141.Турдугулов А., Оторбаев Б. Кыргыз адабияты: орто мектептин VIII класстары үчүн окуу китеби [Текст]: / А. Турдугулов – Б.: Билим «Компьютер», 2013. – 287-б.
142. Тынымсеитов, Ф., Алыкулга гүлдесте [Текст]: / Ф.Тынымсеитов –Ф.: «Кыргызстан», 1975 11-б.
143.Үкүева, Б. К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогкалык негиздери [Текст]: / Б.К.Үкүева –Ош, 2012, –30-б.
144. Үкүева, Б.К. Кыргыз адабияты: 10-класс үчүн хрестоматия [Текст]:/ Б.К.Үкүева –Б.: 2017, –272-273-бб.
145.Үкүева Б.К., Бөрүбекова Г. Кыргыз адабияты 5-класс үчүн окуу хрестоматиясы – Б.: 2020 –8-б.
146.Шериев, Ж., Муратов, А. Адабият теориясы [Текст]: Кырг. ад.муг.жана студенттер жана орто мектептин окуучулары үчүн / Ж. Шериев,А. Муратов.– Б.: –2004, 178-б.
147. Шериев, Ж., Муратов, А. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]/ – Ф.: «Мектеп», 1987. – 135 б.
148. Штраус, У., Нил Хау «Муундар теориясы» [Текст]: / У. Штраус, Нил Хау Б.:1991. –5-6-бб.
149.Эшиев, Ж. Садыковдун «Энелердин жүрөгү» чыгармасын окутуу усулдары [Текст]: / Ж. Эшиев Ж. Баласагын ат. КУУнун жарчысы. Филология. Адабият таануу. – Б.: 2004, №4. – 17-б.
150. Эшиев, Ж. Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери. Монография [Текст]: / Ж.Эшиев –Б.: 2009, –35-36-бб.
151. Юстиция министрлигин сайты. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы. https://cbd.minjust.gov.kg/158227/edition/1070465/kg
152. https://ru.citaty.net/avtory/konfutsii/
153.https://kutbilim.kg/ru/news/inner/zhash-muundardyi-ruhiy-adeptik-zhana-patriottuk-zhaktan-tarbiyaloo-kontseptsiyasyi-ru/
154.chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/https://kao.kg/wp-content/uploads/pdf